470

Аң-сезим
# Ал-Ваъй
الوعي

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз тогузунчу жыл чыгышы, робиуль ауваль 1447-х. – сентябрь 2025-м.

Ал-Ваъй сөзү

## Нетаньяхунун «Улуу израил» тууралуу билдирүүлөрү жана анын кесепеттери: Осло келишимин бузуу жана нормалдашуучулардын жүзүнө урулган сокку

## Күч-кубаттын исламий мамлекетти жарыялоо жана шариатты орнотуу фарздыгына тийгизген таасири: тоскоол болгон алсыздыктан үзүрдү жоюучу кудуретке чейин (2)

## Ислам дүйнөсүндөгү кызмат көрсөтүү кризистери

## Исламдагы экономикалык түзүм жана анын капиталисттик экономика менен аралашуу коркунучу

## Саясий түшүнүктүн негиздери жана саясий багытты аныктоо (5) (эл аралык мыйзамдын пайда болушу)

## Шарият көз карашындагы хизбий иш алып баруу

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 урухсаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

# Ушул санда

– ***Ал-ваъй сөзү:*** Нетаньяхунун «Улуу израил» тууралуу билдирүүлөрү жана анын кесепеттери: Осло келишимин бузуу жана нормалдашуучулардын жүзүнө урулган сокку 3

– Исламдагы экономикалык түзүм жана анын капиталисттик экономика менен аралашып кетүү коркунучу ................................ 20

– Саясий түшүнүктүн негиздери жана саясий багытты аныктоо (5) ............................ 25

– Күч-кубаттын исламий мамлекетти жарыялоо жана шариатты орнотуу фарздыгына тийгизген таасири: тоскоол болгон алсыздыктан үзүрдү жоюучу кудуретке чейин (2) .......... 33

– Ислам дүйнөсүндөгү кызмат көрсөтүү кризистери ........................................ 46

– Шарият көз карашындагы хизбий иш алып баруу................................................ 51

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары***..... 65

– ***Куръани Карим сабагында***.................. 72

– ***Бейиш бактары:*** Абу Бакр Сыддык........ 77

– ***Соңку сөз:*** Коомдук келишим теориясы Исламдагы байъат түшүнүгүнө тең эмес...... 80

– Газадагы бир туугандарыбызга жана элибизге кат........................................ 82

بسم الله الرحمن الرحيم

# НЕТАНЬЯХУНУН «УЛУУ ИЗРАИЛ» ТУУРАЛУУ БИЛДИРҮҮЛӨРҮ ЖАНА АНЫН КЕСЕПЕТТЕРИ: ОСЛО КЕЛИШИМИН БУЗУУ ЖАНА НОРМАЛДАШУУЧУЛАРДЫН ЖҮЗҮНӨ УРУЛГАН СОККУ

Баскынчы өкмөттүн премьер-министри Биньямин Нетаньяху “Улуу израил” деген түшүнүктү кабыл алганын ачык жарыялады. Яхудий түзүмүнүн бекем тамыр жайган кеңейүүчү мүнөзүн ашкере кылган билдирүүсү, Яхудий i24 телеканалына берген маегинде айтылды. Андан "Улуу израил" түшүнүгүнө ишенесизби? деп сурашканда, ал «Албетте» деп жооп берип, бул түшүнүккө «өтө бекем байланганын» дагы бир ирет ырастады. Бул түшүнүк, өзүнүн кеңейүүчүлүк маанисинде, тарыхый Палестинадагы бардык басып алынган аймактарды жана кошуна араб мамлекеттеринин айрым бөлүктөрүн өзүнө камтууну билдирет. “Улуу израил” долбооруна Батыш Жээкти, Газаны жана Ливандын, Сириянын, Мисирдин, Иорданиянын айрым аймактарын басып алуу кирет. Бул жаңы өңүт менен кайрадан көтөрүлгөн эски колонизаторлук түшүнүк болуп, «Нилден Евфратка чейин» созулган жер тууралуу сионисттик арзууларды жандандырып, мурунку түзүлгөн бардык келишимдерди тарыхый ач көздүктүн курмандыгына чалат.

Нетаньяхунун бул билдирүүлөрү, а түгүл баскынчылык менен коопсуздук жаатында кызматташууга көнүп калган борборлордо да «сөз жүзүндөгү айыптоолордун» бороонун козгоду. 31 араб жана Ислам мамлекети – анын ичинде бул вужуд менен тынчтык келишимдерин түзгөндөрү да – бул билдирүүлөрдү «эл аралык укукту одоно бузуу жана араб мамлекеттеринин коопсуздугуна жана туруктуулугуна түз коркунуч» деп аташты. Каир болсо «Нетаньяхунун сөздөрү аймактык туруктуулукту бузарын жана бул чөлкөмдө тынчтык процесстерин четке кагарын» билдирди!

Ал эми 1994-жылы баскынчы түзүм менен "Вади Араба" келишимине кол койгон Иордания болсо, бул билдирүүлөрдү «өтө олуттуу, провокациялуу эскалация жана мамлекеттердин эгемендүүлүгүнө коркунуч» деп эсептеп, мындай ашкере ач көздүктү Нетаньяхунун өкмөтүндөгү ашынган элементтер тараткан “уу

кыялдар" деп атады. Ошондой эле, ал бул кыялдар Газа менен Батыш Жээктеги зомбулуктун айлампасын улантууга шыктандырат деп эскертти.

Чынында, мындай алсыз билдирүүлөр адамды таң калтырбай койбойт. Алардын айыптоолору Араб Эмираттарын, Сауд Арабиясын жана Иорданияны яхудий түзүмү менен байланыштырган жердеги логистикалык көпүрө иштеп турганда айтылууда. Бул жолдор баскынчы түзүмгө деңиз аркылуу ташылган товарлардын 80%дан ашуун чыгымын кыскартат жана кылмышкер түзүмгө Газага жана бүтүндөй Ыйык жерге каршы эң ырайымсыз чабуул учурунда жашоо каражаттарын камсыз кылууда.

Баскынчы өкмөттүн каржы министри Париждеги экстремисттик аудиториянын көңүлүн буруу үчүн Иорданияны камтыган «Улуу израилдин» жалган картасын көрсөттү. Муну Амман «эки тараптын тынчтык келишимин одоно бузуу» деп эсептеди. Бул – Ослого (келишимине) карата акыркы соккубу? Же Палестина администрациясын биротоло жоюу аракетиби?

Netаньяхунун "Улуу израил" тууралуу билдирүүлөрү жаңы вакыйлык менен "тынчтык процесси" деп аталган эски жолдун ортосундагы терең жараканы ачып көрсөттү. Анткени баскынчы түзүм бул процесс менен эч качан олуттуу эсептешкен эмес, өз кызыкчылыгына жараган жагын гана пайдаланган. Ошондуктан, 1990-жылдары кол коюлган жана "эки мамлекет чечимине" жетүү үмүтү менен Палестина администрациясын негиздеп берген Осло келишимдеринин калдыктарына "акыркы ок" атуу Нетаньяху үчүн табигый көрүнүш болду.

1993-жылы Осло келишимдерине кол коюлгандан тартып, баскынчы түзүм ар дайым куугунтук көрүп жүргөн абалынан чыгып, Палестина администрациясынын түзүмдөрү аркылуу өзүнө коопсуздук калкан тапты. Осло ага расмий таанууну берип, нормалдашуу эшигин толугу менен ачып берди. Ал эми администрация болсо баскынчылар үчүн "ишенимдүү сакчынын" ролун алды. Ал куралдарды баскынчыга каратуунун ордуна, администрация 80 миңдей кызматкерден турган коопсуздук кызматын түзүп, каршылыкты басуу менен алек болду. Коопсуздук координациясына байланыштуу ондогон келишимдер түзүлдү.

2000-жылдагы "Аль-Акса көтөрүлүшүнөн" бери администрация жалпы кагылышка бөгөт коюп турган бекем дубалдын ролун ойноого өттү: ал нааразылыктарды басып, каршылык отряддарын курчоого алды. 2007-жылдагы бөлүнүүдөн кийин Батыш Жээк чоң түрмөгө айланды: ХАМАС менен мужахиддерге күн сайын тыңчылык

жүргүзүлүп, миңдеген жигиттер камалды, бул нерсе баскынчы армиясынын рейддери менен катар жүрдү.

2014-жылы Газадагы баскынчылык чабуул маалында администрация Батыш Жээкте көтөрүлүштүн чыгышына жол бербөө үчүн кеңири камоолорду жүргүзүп, каршылыкты колдогон нааразычылыктарга кол салды. 2021–2022-жылдары да, Аль-Акса көтөрүлүштөрү күчөгөн учурда, координация саясаты токтобой уланды: күндүз баскынчы армия лагерлерге кирип, каршылык көрсөткөн мужахиддерди жок кылса, түнкүсүн администрация тирүү калгандарды аңдып жүрдү.

Жакында, 2023-жылы Женинде, күбөлөрдүн айтуусуна караганда, баскынчы лагерге бастырып киргенде администрациянын коопсуздук күчтөрү артка чегинген, андан кийин гана нааразычылыкка чыккан элди басуу үчүн кайра кайтып келишкен. Ушундайча администрация баскынчылыкты бекемдөөчү куралга айланып, Үммөттүн укуктарын кордогон жана душманын өз элинин канын төгүү менен коргогон режимге айланды. Бул көрүнүштү баскынчы түзүм менен ачык нормалдашкан режимдердин чыккынчылыгынан башка нерсе деп сүрөттөөгө болбойт!

Сионисттик оңчул өкмөттөр ар дайым Ослонун негиздерин акырындап талкалап келишкен: конуштарды кеңейтип, “учурдагы абалды” таңуулашкан, бирок “кагылышты башкаруу” саясатын улантуу үчүн Палестина администрациясын сактап келишкен. Бирок, азыр болсо түзүм тарыхындагы эң залим деп эсептелген Нетаньяхунун бийликтеги коалициясы Газадагы согуштук абалды Осло келишимдерин түп-тамырынан бузууга ыңгайлуу мүмкүнчүлүк катары көрүп жатат.

Стратегиялык изилдөөлөргө ылайык, Нетаньяху өкмөтү 2023-жылдын 7-октябрь окуяларын өзүнүн түзүлгөн күнүнөн бери ачык жарыяланган күн тартибин ишке ашыруу үчүн пайдаланып келет. Ал күн тартип: Осло орноткон статус-кводон баш тартуу, Палестина администрациясын каржылык жана коопсуздук жактан басаңдатып, бара-бара жоюу, Батыш Жээкти аннексиялоо жана конуш курулушун ылдамдатуу. Чындыгында эле, Нетаньяхунун билдирүүлөрүнөн бир нече күн өтпөй анын каржы министри Бецалель Смотрич Батыш Жээкте миңдеген жаңы конуштарды курууну алга жылдыруу планын жарыялады. Ал бул кадам “Палестина мамлекети деген идеяны түп-тамырынан жок кылат” деп ырастады. Ушундай эле багытта, буга чейин кнессет 68 добушка каршы 9 добуш менен Палестина мамлекетинин түзүлүшүнө каршы чечим кабыл алган. Бул чечим

символикалык мүнөзгө ээ болгону менен, Ослого болгон расмий милдеттенмелерден баш тартууну айкын көрсөтүп турат.

Ошондой эле баскынчы түзүм Палестина администрациясын муунтуп, обочолонтуу чараларын күчөттү. Нетаньяху өкмөтү администрацияга тиешелүү салык түшүүлөрүн токтотуп же чоң бөлүгүн кармап калды, анын үстүнө шахиддердин үй-бүлөлөрүнө жардам берген деген шылтоо менен администрацияны каржылык жактан сотко тартууга уруксат берген мыйзамдарды кабыл алууга түрттү. Мындан тышкары, он миңдеген палестиналык жумушчулардын баскынчы түзүмдүн аймагына кирип эмгек кылуусуна тыюу салынды.

Чабуул муну менен гана чектелбестен, Осло келишимине ылайык (А) зонасына кирген аймактарга кайталанып жүргүзүлгөн аскерий рейддерди да камтыды. Баскынчы түзүм айрым (Б) зоналардан администрациянын коопсуздук ыйгарым укуктарын “табигый коруктарды түзүү” деген шылтоо менен тартып алганын жарыялады. Бул болсо Осло келишиминде белгиленген административдик бөлүштүрүүнү бир тараптуу жокко чыгаруу дегенди билдирет.

1993–1995-жылдардан бери администрациянын бюджетинин болжол менен 75%ы баскынчы түзүмдүн анын атынан чогулткан салыктарына көз каранды болуп калды. Алар бул каражаттарды өз каалоосуна жараша өткөрүп же кармап турушат. 2019–2024-жылдары түзүм болжол менен 3,54 миллиард шекелди (дээрлик 1 миллиард доллар) кармап калды. Бул 2023-жылдагы Палестинанын ички дүң өнүмүнүн 5%ына туура келет. Шахиддердин жана туткундардын үй-бүлөлөрүн администрация каржылайт деген шылтоо менен мындай кыскартуулар жасалган. 2023-жылдын октябрынан кийин болсо бул кыскартуулар айына 275 миллион шекелге чейин көбөйүп, бул Газа секторундагы администрация кызматкерлеринин толук айлык көлөмүнө барабар болду. Мындан тышкары, октябрдан декабрга чейин (2023-ж) 143 миңдей палестиналык жумушчу баскынчы түзүмдүн ичине ишке кире албай калды. Бул бүтүндөй үй-бүлөлөрдүн кирешесин жок кылып, экономиканы кыйроо чегине жеткирди.

Ошол эле учурда администрация көтөрүлүштөрдү басууну күчөттү. Женин лагерлеринде жана Кудуста анын коопсуздук түзүмдөрү каршылык жоокерлерин камап же баскынчыларга өткөрүп берип жатты. Батыш Жээктеги блокпосттор менен текшерүү пункттарынын саны 900гө чамалап, элди курчоого алып, адамдардын жөнөкөй кыймыл-аракетин күнүмдүк күрөшкө айлантты.

Ошентип, администрация баскынчынын колундагы камчыга айланды. Анын түзүмдөрүн жана коопсуздугун коргоого кызмат

кылды, элге болсо камоолор жана коопсуздук координациясы аркылуу уулуу канжар менен аркадан сайгандай болду. Анын үстүнө элдин каражаттары тартып алынып, оокаты муунтулду. Газа менен Батыш Жээктеги жаштар ачарчылык жана курчоодо кырылды, кан дарыя болуп акты жана бул күндөр азап жана чыккынчылыктан азап тарткан учур болду.

Бул окуялардын өнүгүшү Палестина администрациясын түзүлгөндөн бери тагдырындагы эң оор сыноого алып келди. Бүгүн администрация алсыз, ар тараптан кишенделген, ролу күн өткөн сайын жоголуп бараткан түзүмгө айланды. А түгүл, Америка Кошмо Штаттары анын делегациясына өлкөгө жана БУУнун имараттарына кирүү үчүн виза берүүдөн баш тартты.

Администрациянын жетекчилиги Нетаньяхунун “Улуу израил” тууралуу билдирүүлөрүн “Палестина элинин мыйзамдуу укуктарын ачык четке кагуу жана аймактын коопсуздугуна жана туруктуулугуна коркунуч туудурган олуттуу провокация” деп атады. Бирок, туурасы, бул билдирүүлөр аймактын коопсуздугуна же туруктуулугуна эмес, тескерисинче, ресурстарды тоноп, баскынчылар менен арзан баадагы келишимге барган коррупционерлердин жашоосуна коркунуч жаратат десек туура болот. Анткени аймак баскынчылык башталгандан бери эч качан коопсуз да, туруктуу да болгон эмес. Ошондуктан администрация сөз жүзүндөгү айыптоодон башка эч нерсеге жарабайт, ал эми баскынчынын долбоору аны саясий мазмунунан ажыратууга карай бара жатат.

Ошол эле учурда түзүмдүн ичиндеги изилдөө борборлору эскертүүдө. Эгерде администрациянын кыйроосу ички жарылуу же толук кандуу «израилдик» төңкөрүш аркылуу ишке ашса, анда баарына – анын ичинде сионисттик түзүмгө да – оор кесепеттерди жаратчу кооптуу боштук пайда болот. Эгер администрациянын негизги милдети баскынчы түзүмдү коргоо болсо, бул ролду кээде баскынчынын армиясынан да мыкты аткарып келсе, муну кантип четке кагууга болот?!

Администрация жоголгон шартта жалпы элдик көтөрүлүш чыгышы мүмкүн, анткени палестиналыктар сүйлөшүүлөрдөн таптакыр үмүтүн үзүшкөн. Ошондой эле администрациянын коопсуздук түзүмдөрүнө караштуу он миңдеген куралчан кызматкерлер айлык акысыз калып, алардын айрымдары коопсуздук координациясынын ордуна баскынчыга каршы каршылыкка кошулууга мажбур болушат. Чынында, администрациянын ыдырашы “келишимдер доорунун” аякташын жана “тынчтык жол менен жөнгө салуу” мамилеси кыйроосун кескин түрдө ырастоо болот. Бул болсо түзүм менен

мамилелерди нормалдаштырууга ашыгып жаткан айрым араб мамлекеттерин артка кайтаруусу мүмкүн.

Ал эми баскынчы сионисттик түзүмгө карата алганда, ага Батыш Жээк менен Газадагы миллиондогон палестиналыктардын жашоосун түздөн-түз башкаруу түйшүгү жүктөлөт, бул болсо чоң каржылык жана коопсуздук чыгымдарын талап кылат. Башкача айтканда, Нетаньяху өкмөтүнүн “Улуу израил” деген куру кыялын ишке ашыруу үчүн Палестина администрациясын четке кагуусу же кулатуусу аймактык жана коопсуздук жактан баш аламандыкка эшик ачат, анын кесепети өтө оор болот. Бирок Нетаньяху ашынган колдоочуларын ыраазы кылуу жана өзүнүн саясий өмүрүн узартуу үчүн муну атайылап көз жаздымда калтырууда.

Осло келишиминен бери Батыш Жээктеги ар бир алты палестиналыктын бири администрациянын коопсуздук түзүмүндө иштеп калды. Администрация болсо өзүнүн коопсуздугуна билим берүү жана саламаттык сактоо тармактарын кошкондо да алардан көбүрөөк каражат сарптайт. Анын коопсуздукка кеткен бюджети жылына 1 миллиард доллардан ашып, жалпы бюджетинин 28%ын түзөт.

Женинде (2024-жылы декабрда) администрациянын жоокерлерге каршы жүргүзгөн операциялары эң катуу кагылыштарга алып келди. Натыйжада Женин жоокерлеринен шахиддер болуп, бул дагы бир жолу администрациянын коопсуздук жетекчилигининин алсыздыгын жана эл ичиндеги аброю өтө чектелүү экенин ачык көрсөттү. Ага эл арасында “коопсуздукту” Үммөт үчүн эмес, баскынчы түзүм үчүн камсыздаган курал катары айып коюлууда.

Мындан да кооптуусу – администрациянын өз элин басуудагы өжөрлүгү: 2015-жылы эле 1274 негизсиз камакка алуу, 1089 оппозициячыларды чакыруу катталды. Алардын арасында студенттер да, элдин укуктарын коргоочулар да бар. Мунун баары жалган “коопсуздук” шылтоолору менен жүйөлөнүп, чыныгы айыптоолорсуз жүргүзүлүп, түрмөлөрдө кыйноо фактылары да орун алган.

Коомдук пикирди изилдеген борборлордун, мисалы, Иерусалим саясий изилдөөлөр борборунун (PCPSR) акыркы 2023-жылдагы сурамжылоосуна ылайык, Батыш Жээктеги палестиналыктардын 79%ы администрация институттарында коррупция бар деп эсептешет. Бул эл арасындагы ишенимдин азайып, администрацияны улуттук укуктар үчүн эмес, акчанын бузулган агымы үчүн баш калкалаган жай катары көрүп жатканын далилдейт. Ошондой эле 2021–2022-жылдары жүргүзүлгөн Arab Barometer сурамжылоосунда палестиналыктардын 85%ы “өтө чоң же орточо деңгээлде” коррупция бар экенин

белгилеген. Кошумча маалыматтарда болсо жарандардын 62%дан ашыгы администрацияны “эл үчүн жүк” деп баалашкан.

Бул элдик наразычылык таң калычтуу эмес, анткени Осло келишиминен бери администрация башка эч нерсе менен алек болгон жок т.а баскынчы түзүмдүн коопсуздугун бекемдөө, ички маселесин басуу жана элдин үнүн өчүрүү менен гана алектенип келди. Анын чыккынчылык мүнөзү ушунчалыкка жетти дейсиң, коопсуздук түзүмдөрүнүн негизги милдети элди коргоо эмес, тескерисинче, өз элин коркутуп-басуу болуп калды. Баскынчы түзүм Палестина администрациясынан өзгөчө пайдаланды. Ал администрацияга эки бири-бирине карама-каршы жана элди кыйратуучу милдетти жүктөдү: бир жагынан, ал каршылыкты басат; экинчи жагынан болсо баскынчы түзүмдү коргойт, өз элине каршы күрөшөт жана өзүнүн коррупциясын жаап-жашырат. Ошол эле маалда түзүм анын жерлерин тоноп, аларды биринин артынан бирин кошуп алууда.

Ушул бузулган үч бурчтукта Палестина администрациясынын ролу баскынчынын түздөн-түз уландысы экени ашкере болду. Ал алдыңкы коопсуздук тосмосуна айланып, армия менен коопсуздук түзүмдөрүн чарчаткан иштерди алардын ордуна жасап келди, б.а каршылыкты басуу, оппозицияны аңдуу, элдик көтөрүлүш менен каршылыктын булактарын жок кылуу сыяктуу ыплас иштерди жасап кызмат кылды. Анын институттары баскынчынын колундагы администрациялык–коопсуздук куралына айланып, анын конуштарын коргоп, кеңейүүсүнө коопсуз чөйрө түзүүдө. Ал эми өз элин жумушсуздукка, ачарчылыкка кириптер кылып, ок астында жалгыз калтырууда.

Вади Араба бороондо… Иордания менен Мисир сын алдында.

“Улуу израил” долбоорунун кесепеттери оккупацияланган Палестинанын чегинде эле токтоп калбайт, ал кошуна мамлекеттерге түздөн-түз коркунуч жаратат жана алар менен түзүлгөн тынчтык келишимдерин кыйратат. Нетаньяху Иордания менен Синайдын айрым бөлүктөрүн өзүнүн түзүмүнө кошуу жөнүндө сөз кылганда, ал 1994-жылдагы У
Вади Араба жана 1979-жылдагы Кэмп-Дэвид келишимдеринде бекитилген эл аралык чек араларга кыйыр түрдө доо койгон болот.

Анын өкмөтүндөгү экстремисттер мурун палестиналыктар үчүн “альтернатива мекен” теориясын көтөрүп чыгышкан жана Чыгыш Жээк (Иордания тарап) сионисттик акыркы чечимдин бир бөлүгү болушу мүмкүн деп да ишара кылган. Бул пикирлер Амман үчүн коркунучтуу коңгуроо кагууда, анткени алар Батыш Жээкти өздөрүнүн стратегиялык негизинин жана улуттук коопсуздугунун ажырагыс бөлүгү катары карашат.

Бирок, бул окуялар Аммандан чабал билдирүүлөрдү эмес, чыныгы чечкиндүү позицияны талап кылган эле. Амман өзүнүн барлыгы коркунучта экенин сезип, мындан да кескин кадамдарды жасашы керек болчу т.а яхудий түзүмүнүн элчисин Аммандан чыгаруу жана Тель-Авивдеги элчисин чакырууну жарыялоо, мындай кылмышкер залим түзүм менен дипломатиялык байланыштарды токтотуу, 1994-жылдагы Вади Араба келишимин жана анын коопсуздук-экономикалык жоболорун токтотуу, түз чек ара координациясын токтотуу, илгертен бери түзүмдүн коопсуздугун камсыздап келген уяттуу механизмди жоюу жана жылдар бою иорданиялыктарды байлап келген шылдың газ келишимин токтотуусу зарыл эле.

Амман баскынчынын Аль-Аксага басып кирүүсүн токтотуучу күчтүү саясий кадамдарга барышы керек болчу, мына ушундай позицияны кармануу «Хашимий кепилдик» боюнча милдеттүү иштерден болгон.

Ошондой эле, ал өзүнүн ачуусун аракетке айлантуусу керек эле. Иордания душман калчаган алсыз жер эместигин тастыктаган аскерий кадамдарды көрсөтүшү зарыл болчу. Учурда душман согушта алдан тайып, чабуул күчү калбай кыйла таасирсиз болуп калды. 7-октябрь окуяларында Кассам жана Исламий жихаддын отряддары анын жүзүн ылайга матырып, «жеңилгис армия» деген мифин жокко чыгарды, ал дагы эле Газада бир да жеңишке жете алган жок жана согуштун бир да максатын аткара албай жатат.

1968-жылдагы Карамат согушунда баскынчынын армиясын жеңип кууп чыгарган, 200гө жакын душмандын жоокерин жок кылып, 40тан ашык танк жана брондолгон техникалардын жок кылышына себепкер болуп, 15 миңден ашык жоокерден турган, авиация жана танктар колдогон армияны кордолгон абалда чыгып кетүүгө мажбур кылган армия олуттуу аракеттерди жасоосу керек эле! Ошондой эле, 1948-жылдагы Латрунду коргоодо дагы Куддустун чыгышы кулашын алдын алган, 1967-жылы да Куддусту коргоп, душмандын күч-кубаты түгөнгө чейин туруштук берген бул армия жигиттеринин исламий акыйдага жана душмандарын кууп чыгуу милдетине таянган руху бар болчу. Дал ушул Иордания Аскер Күчтөрү Ал-Акса толкуну башталган учурда яхудий түзүмүнө каршы согуштук фронт ачып, жерлерди жана калкты бошотууга аттануусу керек эле! Ошондой эле, Иордания режими өз элине чыккынчылык кылып, кысымды күчөтүп жана Палестинаны колдогон элдик көтөрүлүштөргө тоскоол болуунун ордуна, аларга жол берип, душмандын коркуусун пайда кылчу салмактуу күч пайда кылуусу шарт эле. Көчө бул душманды жана анын америкалык өнөктөштөрүн ыңгайсыз абалга салчу каршылык

күчү болуп, өлкөдөгү АКШнын аскерий базаларынын турушуна элдин каршылыгын айкын көрсөтмөк. “Улуу израил” кыялына каршы Иорданиядан күтүлгөн аз гана талап болгон: мамлекет кадыр-баркын жана көз карандысыздыгын аз да болсо коргоп, жумшак жана натыйжа бербеген нааразылык каттары менен чектелбестиги зарыл эле.

Бул контекстте Иорданиянын тышкы иштер министри Айман ас-Сафдинин билдирүүсү кайратсыз «дипломатиялык суук» мамилени анык көрсөттү. Ал бул сионисттик дооматтар тууралуу: “Иорданияга жана араб өлкөлөрүнө таасир кылбайт жана Палестина калкынын укуктарын чектебейт”, - деди. Бул билдирүү Жазирага арналган кадимки пресс-релизге окшоп, коркунуч астындагы мамлекеттин олуттуу аракетинен алыс көрүндү.

Ал эми Мисир – сионисттик баскынчы түзүм менен арабдардан биринчилерден болуп чыккынчылык келишимин түзгөн өлкө – өз кезегинде стратегиялык уят абалга кабылды. Анткени Нетаньяху Синайга болгон ашкере максаттарын ишарат кылып же Каирдин регионалдык ролун атайылап көз жаздымда калтырып ондогон жылдарга созулган Мисир-“израил” кызматташуусун тепсеп жатат.

Мисирдин расмий реакциясы да иорданиялыктардын реакциясынан эч айырмаланбайт: алсыздык, коркоктук жана чектелүү түрдө гана айыптоо, биринин артынан бири жүргүзүлгөн «сүйлөшүүлөргө» жана жалган тынчтык жолуна сөздү буруу. Сыягы, ондогон жылдар бою уланып келген ийгиликсиздик баскынчы түзүмдүн максатын айкын көрсөтүүгө жетишсиз болгонсуп, эми түзүм Мисирди ушундай сокку менен чаап, аларга бул түзүм эч кандай келишимди, эч кандай убаданы аткарбай турганын, анын ашкере максаттары Евфраттан Нилге чейин жетерин айтып койду.

Чынында, Мисир режиминин эң чоң коркунучу болгон сионисттердин ашынган ач көздүгү аймакты кайрадан жарылуу чегине жеткирүүдө. Бул болсо түздөн-түз анын өлкөгө үстөмдүгүн жана элге жүргүзүп жаткан бийлигин тобокелге салат. Мындан тышкары, Каир менен яхудий түзүмүнүн ортосундагы тымызын келишимдер Мисир “көчөлөрүнүн” каарын күчөтүп жатат. Эл аларды бир эле тыйындын эки тарабы катары көрүүдө.

Акыркы Газага болгон кандуу чабуул учурунда Каир эл тарабынан “яхудий түзүмүнүн курчоосуна шерик болду” деп айыпталды. Бул айыптоолор, айрыкча, Рафах чек арасын көп учурда жабык кармоо жана гуманитардык жардамды чектөө менен негизделди. Анын үстүнө Каирдин Вашингтон жана Тель-Авив менен болгон келишимдерди сактоосу жана алардын Газага багытталган колонизаторлук долбоорлоруна кызмат кылуусу да себеп болду. Бирок, ошого

карабастан баскынчы түзүм Мисир көрсөткөн кызматтардын баарын тепсеп, Газаны ырайымсыз бомбалоону улантты. Андан соң, Нетаньяху Каирди "сыйлап" эмне кылды? Ал өзүнүн кеңейүүчү максаттарын жарыялап, Мисирдин суверенитетине (Синайга) коркунуч туудурду жана анын аймактык ролун солгундатып койду. Бул — Мисирдин ондогон жылдар бою яхудий түзүмүнө көрсөткөн коопсуздук жана саясий кызматтарын мыскылдоонун өзү.

Каирдин Филадельфия коридору боюнча позициясы да чыккынчылык болду. Ал баскынчы түзүмгө чек ара боюнча өз көз карашын эч каршылыксыз таңуулоого шарт түзүп берди. 2024-жылдын майында яхудий түзүмүнүн армиясы Каир менен чектешкен Филадельфия чек ара коридорунун тактикалык көзөмөлүнө ээ болгонун жарыялаган, бул болсо Кэмп-Дэвид келишиминин ачык бузулушу болуп саналат. Ошол учурдагы Мисир тышкы иштер министрлиги амалий кадамдарга айланбаган коркок наразылык билдирүү менен гана чектелди.

Ал эми Рафах өткөрмө бекети Каирдин колундагы кысым куралына айланды. "Рейтерс" агенттигинин маалыматы боюнча, күн сайын чек арага келген 200–300 жүк ташуучу унаалардын арасынан орточо 30–50 гана унаага өтүүгө уруксат берилип, жардамдардын калгандары кампаларда же жолдо чирип бузулду. Мисир көп учурларда бекетти жалган жүйөлөр менен бир нече күндөргө, апталарга чейин жаап, жүз миңдеген оорулуу жарандарды жана ач калгандарды өлүм коркунучуна калтырып келди.

Ок атышууну токтотуу боюнча сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө Батыш булактары Мисирдин чалгын кызматттары баскынчы сионисттик түзүм макул болгон келишимдин текстин өзгөртүп Хамаска тапшырганын ачыкка чыгарды. Бул болсо келишимдин күн жарыгын көрө электе кыйрашына алып келди, бул манипуляциянын жана кутумдун масштабын ачып берген прецедент.

Ошентип Мисирдин ролу ачыкка чыкты, ал Газаны "чектеген" күзөтчү катары, азык-түлүк жана дарылоочу каражаттар үчүн тар коридор катары жана душмандын талаптарын аткарган чечимдерди жеңилдеткен кошумча мекеме катары көрүнүүдө. Каир Газаны коргогон коопсуздук күч болуунун ордуна, блокаданын шериги болууну тандады, анын саясаты камалып турган элге жана бүткүл мусулман Үммөтүнө жүк болуп, яхудий түзүмүнүн стратегиялык пайдасына айланды.

Сириянын абалы да айтылгандардан көп айырмаланбайт, бирок ал азырынча расмий нормалдашуунун алкагынан сыртта турат. «Улуу израил» долбоорунун айрым варианттарында басып алынган Голан

жана Сириянын түштүгүнүн айрым аймактары сионисттик ашыкча талаптардын максат чекитинде турат. Эми жашыруун эмес, Дамаск режими эки жүздүү пассивдүүлүктүн ачык үлгүсүн көрсөтүп жатат. Бир жагынан анын борборуна жана аэропортторуна яхудий түзүмүнүн рейддери улануда, Тель-Авив Евфраттын чыгышындагы сепаратисттик күчтөрдү колдоону улантууда, экинчи жагынан режим АКШнын кепилдиги алдында душманы менен түздөн-түз сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдөн эч тартынбайт. Режим чабуулдарга ракета менен жооп кайтарбайт, басып кирүүлөрдү токтотчу позициясынан баш тартат, бул үн күчтүү болбогону үчүн Нетаньяхуну Газада утулуп жаткан абалынан улам Дамасктын талкаланган калдыктары үстүндө жеңиш сүрөтүн издөөгө түрткү болуп келет. Режим шамал алдына баш ийгенге көнүп калгандай, жыйынтыгында анын башы душмандын тизесине жеткендей кор абалда калды, анын барлыгы эрк кубатынын жоктугу менен барабар болуп, негизги жүйө катары «күч кубаттагы балансттар мүмкүнчүлүк бербейт» деген шылтоо менен гана актанып калды. Ал шылтоо болсо өз кезегинде оккупацияны бекемдөөдө жана душманга Шам аймагында эркиндик берүүдө колдонулду. Режимдин сионисттик түзүмгө карата тынч мамиледе болуу максаты – 1974-жылдагы келишимди Голанд дөңсөөсүн калыбына келтирүү жана чек араларында туруктуулукту камсыздоо гана болуп калды.

Нормалдашкан режимдер: алсыз айыптоолор жана улантылган багынуу.

Бул окуялар яхудий түзүмү менен нормалдашкан же коопсуздук жаатында кызматташкан араб режимдеринин бузулган мамилесинин табиятын ачып көрсөтөт. Баскынчы түзүм бул режимдердин жылдар бою берген кызматтарына жана кепилдиктерине эч маани бербегени ачык-айкын көрүнүп турат. Тескерисинче, Нетаньяху жана анын өнөктөштөрү булардын моюн сунуусун өздөрүнүн агрессиялык долбоорлорун алга жылдырууга «жашыл жарык» катары көрүштү.

2023–2025-жылдардагы Газадагы чабуул маалында айрым араб режимдери түз же кыйыр түрдө баскынчыга жардам бергенин көрдүк: айрымдары элдин наразылыгын басып, армияларын кыймылсыз кармап, Газаны колдоого бир да олуттуу кадам жасатпай койду. Ал тургай, Палестина администрациясы өзү да Батыш Жээкте баскынчы менен коопсуздук координациясын улантып, тилектештик көтөрүлүштөрү чыгышына тоскоолдук кылды, ошол эле учурда душмандын армиясы Газада күн сайын кыргын салып жаткан!

Бул режимдер өз кызматтары Тель-Авив же Вашингтондун көзүндө өздөрүнө упай алып келет же болбосо өздөрүнүн тар

кызыкчылыктарын сактап калат деп ойлошкон. Бирок жооп аларга тез эле Нетаньяхунун оозунан жетип келди: «Биз өз империялык долбоорубузду улантабыз, бизге сунулган колдордун баасы жок».

Бул чыккынчылыктын көрүнүшү кайталанып келет. Бир нече жыл мурун Бириккен Араб Эмираттары менен Бахрейн яхудий түзүмүнүн турак-жай куруу ач көздүгү азаят деген үмүт менен Палестина маселесин сатуу аркылуу толук нормалдашууга барды. Бирок, бул шарттар көзгө чачылган топурак эле. Натыйжада Нетаньяхунун өкмөтү турак-жайларды кеңейтүүнү тынымсыз улантып, мыйзамсыз постторго да легитимдүүлүк берди. 2023-жылы болсо Батыш Жээктин чоң бөлүгүн аннексиялоого дээрлик киришилмек, болгону Абраам келишимдеринен убактылуу пайда табуу үчүн кийинкиге жылдырылды.

Баскынчы түзүм бул келишимдерди өз кызыкчылыгына гана жараша баалады. Мисалы, анын министрлеринин бири Бецалель Смотрич Иордания менен Палестинаны бирге «Улуу израил» картасында камтып олтурганда, «Палестина эли таптакыр жок», - деп айткан. Бул болсо нормалдашкан эң жакын өнөктөштөрдү да кордогон ач көздүктүн айкын мисалы болду.

Нормалдашкан жана коопсуздук жаатында кызматташкан режимдер бүгүн өзү башынан өткөрүп жаткан абал – кордукка кабылган, алданып калган абал. Нетаньяху болсо «тарыхый жана руханий» миссия катары сионисттердин урпак муундардан бери кыялданып келген максатын – араб мамлекеттеринин эгемендүүлүгүнүн эсебинен кеңейүүнү – жар салып жатат. Ал эми бул борборлор болсо ачканы тойгузбаган алсыз айыптоолорду айтуу менен гана чектелишүүдө.

Яхудий түзүмүнүн бир да элчиси куулуп чыгарылган жок, бир да келишим токтотулган жок, бир да чалгын кызматташтыгынын келишими токтотулган жок, түзүмдүн өмүрүнө маанилүү болгон бир да логистикалык көпүрө жабылган жок. Мына ушул амалий «үнсүздүк» түзүмдү андан да аша чабууга жана бул режимдерди шылдыңдоону улантууга шыктандырууда.

Мисалы, яхудий түзүмүнүн ашынган «улуттук коопсуздук министри» Итамар Бен-Гвир кызматка келгенден бери алты жолу баскынчы полициясынын коштоосунда Аль-Акса мечитине бастырып кирди. Ал Иорданиянын тарыхый «кепилдигине» таптакыр маани бербестен ушундай кылууда. Иорданиянын тышкы иштер министрлиги бул бастырып кирүүлөрдү «атайын жасалган провокация» жана «Аль-Аксадагы тарыхый жана укуктук абалды бузуу» деп атады. Бирок, ага карабастан баскынчы түзүм биринчи

кыбылада курал күчү менен кирип келип вакыйлыкты таңуулап, Иорданиянын алсыз эскертүүлөрүнө көңүл бурбай жатат.

Яхудий түзүмү өзүнүн максаттарына каршы келген ар кандай милдеттенмелерди тепсеп өтөрү, өзүнүн колонизаторлук жана жерин кеңейтүү долбооруна тоскоолдук кылган учурда эң жакын араб өнөктөшүнүн да кызыкчылыгын тебелөөгө даяр экени так көрүнүп калды. Тилекке каршы, бул режимдердин реакциясы ушундай кор абалга келип калды, алардын жообу эгемендүүлүк жана улуттук намыс тууралуу дооматтарга ылайык саясий чечкиндүү кадамдар менен эмес, эл алдында айыптоолор менен гана чектелет жана эл аралык коомчулуктан жардам тилөө менен гана токтойт.

АКШ жана Батыштын позициялары… кызыкчылыктарды коргообу же жөн гана «аткарылган милдетпи»?

Эл аралык тараптан караганда, «Улуу израил» долбоору Батыштын салттуу өнөктөштөрүнүн абалын кыйындатты. Бир жагынан, АКШ жана Европа мамлекеттери баскынчы яхудий түзүмүн саясий жана аскерий жактан колдоону, эл аралык аренада ага дипломатиялык калкан болууну улантып келишет. Экинчи жагынан болсо, алар “израилдин” кеңейүүчүлүк риторикасы аймактагы туруктуулукка түздөн-түз коркунуч алып келгенин четке кага алышпайт.

Вашингтондо Нетаньяхунун өкмөт мүчөлөрүнүн ашынган билдирүүлөрүнөн кийин адаттан тыш реакциялар болду. АКШнын Мамлекеттик департаменти Смотричтин Палестинанын Хуввара айылын «жок кылуу» тууралуу чакырыгын «жийиркеничтүү жана айыптоого татыктуу» деп атады жана бүтүндөй бир айылга каршы мындай чакырыктарды олуттуу зомбулукка ачык түрткү катары баалады. Ошондой эле, мамлекеттик департаменттин өкүлү Ведант Пател Смотричтин «Палестина эли жок» деген сөзүн «так эмес жана кооптуу» деп сынга алды.

Мындан тышкары, АКШ администрациясы кнессеттин 2005-жылы бошотулган төрт мыйзамсыз турак-жайга кайра конушчуларды кайтарууга жол берген акыркы мыйзамын да сынга алып, аны «провокациялык кадам» жана Вашингтонго берилген убадаларга карама-каршы келген, “эки мамлекет” чечиминен ансайын алыстатуучу иш-аракет катары мүнөздөдү.

Бул тил мурдагыга салыштырмалуу катаалыраак болсо да, анын артында турган АКШ Нетаньяху өкмөтүнүн ашынган кадамдары менен белгисиз багытка карай бара жатканынынан тынчсызданып жатат. Вашингтон ондогон жылдар бою өз кызыкчылыктарын камсыз кылуу үчүн — теория жүзүндө болсо да — «эки мамлекет» концепциясына негизделген аймактык коопсуздук түзүмүн курууга

инвестиция салып келген. Бирок, азыр Нетаньяху бул түзүмдү бир тараптуу кадамдары менен кыйратып, кеңири жарылуу коркунучун жаратууда.

АКШда да коңгуроо кагыла баштады. Мисалы, “New York Times” гезитиндеги белгилүү автор Томас Фридман учурдагы Нетаньяху өкмөтү «Эми АКШнын союздашы эмес» деп ачык жазды. Анын айтымында, бул өкмөт «АКШнын Жакынкы Чыгыштагы негизги кызыкчылыктарына түздөн-түз коркунуч туудурган жолдор менен иш алып барууда». Ал мындан да түз айтып, президентке кайрылып: «Нетаньяху бизге дос эмес», - деди.

Фридман Нетаньяху өкмөтүнүн чыныгы күн тартибине кирген Батыш Жээкти аннексиялоо, Газадагы калкты сүрүп чыгаруу жана турак-жайларды кайра жайгаштыруу пландары ачыкка чыкканын билдирди. “израилдин” аракети АКШнын ондогон жылдардан бери аймактагы стратегиясынын негизин түзүп келген «эки мамлекет чечими» концепциясына түздөн-түз каршы келет. Ал Нетаньяхунун Газа боюнча планы палестиналыктарды массалык көчүүгө мажбурлоо максатында тилкени биротоло басып алууга негизделгенин эскертип, аны «узакка созулган башаламандык... Жер ортолук деңиздин жээгиндеги Вьетнам» деп сүрөттөдү.

Фридман “израилдин” бул жолду улантышы жаңы согуш кылмыштары боюнча айыптоолорго алып келерин жана АКШнын өнөктөштөрү болгон Иордания менен Мисирдин туруктуулугун солгундатарын эскертти. Бул эскертүү өтө маанилүү, а түгүл Америка элитасы да Камп-Дэвид жана Вади Араба келишимдери Нетаньяхунун саясатынын айынан коркунучка кабылып жатканын түшүнүүдө.

Ал макаласын Вашингтонго курч эскертүү менен аяктады: «Эгер Нетаньяхуну тизгиндей албасаңар, анда “израилди” дүйнөлүк деңгээлде “четке кагылган мамлекет” катары табасыңар».

Ушул эле багытта Европа парламенти жана БУУ да сындоону күчөттү. 2023-жылдын акырында БУУнун Башкы Ассамблеясы баскынчы түзүмгө белгилүү бир мөөнөт ичинде оккупацияны токтотууну талап кылган чечимди көпчүлүк добуш менен кабыл алган. Мындан тышкары, окупациялык түзүмдү Эл аралык соттун кароосуна өткөрүп, яхудий түзүмүнүн Палестина аймактарында болушу мыйзамсыз жана турак-жайларды курууну улантуу геноцид кылмышына барабар деген корутунду чыгарган. А түгүл Гаагадагы Эл аралык кылмыш соту чектелүү тайманбастыгына карабастан, Нетаньяхуга жана анын коргоо министри Галантка Газадагы согуш кылмыштары үчүн камакка алуу ордерлерин чыгарган.

Бирок, бул эл аралык позициялардын баары, укуктук жана ахлакый маанисине карабастан, “израилдин” текебердигине жана зарыл болгон учурда даяр турган Американын вето тосмосуна дуушар болушат. Нетаньяху болсо Батыштын салттуу бир тараптуулугунан жана реалдуу санкцияларды киргизүүгө эрки жоктугунан пайдаланып, өз долбоорун улантууда. Ал бул сындарды коомдук пикирди тынчтандыруу үчүн гана айтылган медиа керектөөсүнө айланган “чөйчөктөгү бороон” катары кабыл алып келет.

Расмий араб лидерлеринин жоопторунун чабалдыгы Вашингтонду жана Европа борборлорун чыныгы басым жасабастан, айыптоочу билдирүүлөр менен эле чектелүүгө шыктандырууда. Анткени бул борборлор яхудий түзүмүнүн кеңейишинен түздөн-түз жабыр тартчу араб режимдери да, башкалары да өздөрүн коргоо үчүн жетиштүү кадамга барбашын жакшы билишет.

Ушундайча Батыштын позициясы кыйыр тилектештикке айланып калды. Сөз менен айыптап, кол менен курал берүүдө. Түздөн-түз кызыкчылыктарын гана көздөп, яхудий түзүмү менен альянсты сактоо жана палестиналыктарга боору ачып жаткан ички коомдук пикирди бир аз ыраазы кылуу менен гана чектелип калды. Бирок “Улуу израил” концепциясынын аймактык жана дүйнөлүк туруктуулукка таасир кылчу тарыхый чакырыгына жараша жооп бербей жатышат.

Жыйынтык:

Шексиз, Нетаньяхунун «Улуу израил» тууралуу билдирүүлөрү баскынчы түзүмдүн саясатынын чыныгы жүзүн жашырып турган акыркы жалбыракты да жулуп салды. Бул билдирүүлөр анын ашыкча кумарларына эч кандай чек жок экенин, ал эми турак-жайды кеңейтүү жана сүрүп чыгаруу долбоорлоруна каршы келген учурда эч бир келишимди да, эч бир убаданы да урматтабай турганын ачык-айкын көрсөттү. Бул – түзүмдүн агрессиялык мүнөзү эч кандай беткапсыз, жасалгасыз көрүнүп турган бурулуш учур. Ал өзүн «тарыхый жана ыйык миссияда» бара жатам деп ойлойт, сионист аталарынын кыялын ишке ашырууну көздөйт. Ал бул түзүмгө өмүр, күч жана коопсуздук берип келген, бирок бүгүн өз Үммөтүнүн каарына калган араб режимдеринин кыйрашынын эсебинен болсо да бул максатты ишке ашыруу үчүн болгон аракетин жумшамакчы.

Ошол эле учурда, бул кризис душман менен кызматташкан араб режимдеринин кандай кордукка жана шылдыңга кабылганын да айкын кылды. Алар канчалаган жылдар бою жашыруун да, ачык да баскынчы түзүмдүн коопсуздугун камсыз кылып, анын өкмөттөрүн туруктуу кармоого кызмат кылышса да, алган акысы – текеберлик жана мазактоо болду. Нетаньяху Газадагы кыргындар учурунда алардын

сунган колдорун тепсеп өтүп, алардын убада-келишимдерин тебелеп, элдери алдында абийирсиз калтырып койду.

Болуп өткөн окуялар нормалдашууга барган режимдердин баскынчыга болгон «жакшы ниеттеги» амалдары утулууга жана кыйроого алып бара турган амалдар экенин ачыктады.

Бул баскынчы күч жана жеке кызыкчылыктын тилин гана түшүнөт. Аны урматтоого мажбурлагандарды урматтайт жана ага баш ийгендерди жек көрөт. Карым-катнаштарды нормалдаштырууга шашып жаткан араб акимдери баскынчы сионисттик вужудду жана Американы кучагына алуу алардын тактыларын сактап калат жана аларга жыргалчылык алып келет деп ишенишкен. Алар сионисттер өз максаттары ишке ашкандан кийин баш тарта турган убактылуу куралдар экенин кечигип, балким, коомчулукка ачык айтпастан туруп өзүлөрү түшүнүп алышты.

Нетаньяхунун азыркы кезде “Улуу израил” идеясын кайра көтөрүп чыгуусу ал Газаны аскерий жактан чөгөлөтө албагандан кийин, өзүнүн аскердик ийгиликсиздигин иллюзиялуу саясий-идеологиялык жеңиш менен компенсациялоого умтулуп жатканын ырастап турат.

Анын армиясы Газадагы бир нече миң каршылык көрсөткөн мужахиддерди багындыра албагандыктан, алардын жолунда турууга батына албасын билип, моюн сунуучу өкмөттөргө каршы булчуңдарын көрсөтө баштады. Бул Үммөт элдери түшүнүшү керек болгон ачуу чындык: баскынчы түзүм – амбицияларына карама-каршы келсе, эч кандай союздарга маани бербеген ачык-айкын душман. Биздин укуктарды коргоо үчүн режимдерге таянуу – чоң жаңылышуу. Мисир да, Иордания да, Сирия да, Палестина бийлиги да сионисттик агрессияга каршы бармагын көтөрө алган жок. Тескерисинче, алар Газаны кутулгус тагдырга тапшырышты жана Иордан дарыясынын батыш жээгинин жутулушу жана Куддустун яхудийлештирилиши алдында алсыз турушту. Андай болсо “Улуу израил” долбоору аймакты каптап жатканда, алар анын мизин кайтарат деп кантип күтө алабыз? Тарыхый абал Үммөт көтөрүлүп, Пайгамбарлык минхажы негизиндеги адилеттүү Халифалык мамлекетин тикеленмейинче, Үммөттүн укуктары корголбой турганын күн өткөн сайын далилдеп турат.

Ал эми, душманга баш ийген режимдерге келсек, алар тарыхтын таштандыларынан өз ордун тандап алышты жана алар бир кезде шериктеш жана аман калуунун кепили деп эсептеген адамдардын колунан кордукка гана ээ болушат. Нетаньяху алардын бардыгын толугу менен басынтты. Кеч боло электе алар сабак алышабы? Же акыркы карталары түгөнүп, ошол эле душман аларды четке каккан

учур келгенге чейин ага сажда кылган абалда тура беришеби? Эл көтөрүлүп, аларды түп-тамыры менен жулуп, кадыр-баркына, даңкына жана Роббисинин ыраазычылыгына жетүү жолун өз алдынча түзмөйүнчө, кожоюндарына сажда кылуудан башка эч нерсе билбеген режимдер өз ишин уланта берерине бир саамга да күмөн санабайбыз. Бирок, азыр "Улуу израил" бул нормалдашууга баргандардын кадыр-баркынан калган урандылардын үстүндө гана жашары анык болду. Чындыгында, күткөн адам үчүн эртеңки күн жакын! ❑

# ИСЛАМДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ТҮЗҮМ ЖАНА АНЫН КАПИТАЛИСТТИК ЭКОНОМИКА МЕНЕН АРАЛАШЫП КЕТҮҮ КОРКУНУЧУ

**Мустафа Атик**

Ислам байлыкты кантип башкаруу, кантип мүлккө ээлик кылуу жана ага кандай мамиле кылуу тууралуу жогорку деңгээлдеги толук камтуучу системаны алып келди. Ал мүлккө ээ болуу маселесин майда-баратына чейин баяндап, мүлктүн түрлөрүн көрсөттү. Ал: фардий (жеке) мүлк, мамлекеттик мүлк жана умумий мүлк. Ошондой эле, ар бир тараптын мүлкүн башка тараптын кол салуусунан сактап, башкалардын мүлкүнө кол салууга байланышкан өкүмдөрдү да түшүндүрдү.

Шаръий далилдерди карап чыкканыбызда фардий, мамлекеттик жана умумий мүлктүн чектери так белгиленип турганын көрөбүз.

**Исламдагы менчик жана анын түрлөрү:**

**Биринчи: умумий мүлк.**

Ал «шарияттын адамдарга белгилүү нерселерден чогуу пайдаланууга уруксат бериши» болуп эсептелет. Бул төмөнкүдөй бөлүнөт:

1. Мамлекет үчүн зарыл болгон кызматтар. Пайгамбарыбыз ﷺ айткан:

«النَّاسُ شُرَكَاءُ فِي ثَلَاثٍ: فِي الْمَاءِ وَالْكَلَأِ وَالنَّارِ»

**«Адамдар үч нерседе шерик: суудa, жайытта жана отто».**

Буга суу булактары, жайыттар жана энергия булактары кирет, аларды коом өз керегине жамаат түрүндө издеп колдонушат.

2. Жер астындагы байлыктар. Абяд ибн Хамал айтты: «Мен Расулуллах ﷺга барып, андан туз кенин бөлүп берүүсүн өтүндүм. Ал аны мага бөлүп берди. Мен кетип бара жатканда бир киши: “Эй, Расулуллах, сиз ага эмне бөлүп бергениңизди билесизби? Ал түгөнбөс суу булагына окшош кен”, - деди. Ошондо Пайгамбар ﷺ аны артка кайтарды».

Демек, жер астында түгөнбөс байлык деп эсептелген нерселер умумий мүлк болуп саналат. Мисалы: мунай, газ, фосфат, алтын, темир жана башка кен байлыктар. Бул минералдарды мамлекет Үммөттүн атынан жана Үммөт үчүн казып чыгарып, алардын пайдасын бүтүндөй Үммөткө бөлүп берет.

3. Өз табиятынан умумий мүлк болгон нерселер. Өзүнүн табиятына ылайык ага жеке адамдар ээлик кыла албайт. Мисалы: жолдор,

коомдук аянттар, дарыялар, жээктер жана булуңдар. Пайгамбарыбыз ﷺ айткан:

«لَا حِمَى إِلَّا للهِ وَرَسُولِهِ»

**«Корук кылуу укугу Аллахка жана Анын Элчисине гана таандык».**

Үммөттүн ар бир мүчөсү умумий мүлктөн пайдаланууга акылуу. Мамлекет бирөөгө умумий мүлктү менчик кылып берүү же андан пайдаланууну башкаларга тоскоолдук кыла тургандай түрдө уруксат берүү укугуна ээ эмес.

**Экинчи: мамлекеттик мүлк.**

Анын сарпталышы халифанын көз карашына жана ижтихадына жараша чечилген мал-мүлктөр болуп саналат. Мисалы: фай, хараж, жизя, салыктар, табылганын бештен бири, мамлекеттин карамагындагы эмес адамдардан алынган үшүрлөр, муртаддардын мал-мүлктөрү, мураскору жок өлгөндөрдүн мал-мүлкү жана мамлекетке таандык ишканалардын кирешеси.

Мамлекетке да адамдар сыяктуу заводдорду, фабрикаларды, жерлерди менчик кылуу укугу берилген. Ошондой эле мамлекет мекемелерди жана компанияларды түзүп, алардын киреше жана пайдасын казынага топтоо үчүн иш алып бара алат.

**Үчүнчүдөн: фардий мүлк.**

Бул – шариат жеке адамдардын пайдалануусуна уруксат берген мал-мүлктөр. Ал пайдаланууга уруксат берилген нерсени керектөө же анын пайдалуу кызматтарын иштетүү же алмашуу (соода сатык ж.б) аркылуу болот. Аллах таала айтат:

﴿وَسَخَّرَ لَكُم مَّا فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَمَا فِي ٱلۡأَرۡضِ جَمِيعٗا مِّنۡهُۚ﴾

***«Ал Өз тарабынан** (тактап айтканда, өз эрк-каалоосу менен) **силерге асмандардагы жана жердеги бардык нерселерди моюн сундурду».*** (Жасия:13).

Ислам адамдардын байлыкты менчик кылуусунун жолдорун да аныктаган. Алар: соода, дыйканчылык, өнөр жай, мусакат, мудараба, аң уулоо, өлүк жерди тирилтүү, ижара жана кен байлык. Ошондой эле мурастан, белектен, тартуулоодон, садагадан, васияттан, махрдан, кун төлөмүнөн жана мамлекет берген акчадан да мал-мүлккө ээ болуу жаиз.

Жогоруда айтылган сөздөрдөн көрүнүп тургандай, Ислам мүлктөрдү бөлүштүргөндө адамдардын мал-мүлкүн сактап, андан эч кимди тыйган жок. Ислам сага эмнени менчик кылуу болорун тактап берип, башкалардын мүлкүнө кол салуудан сени тыйды. Ошондой эле

умумий мүлктү Үммөттүн пайдасына коргоп, аны белгилүү бир адамдардын колуна топтолушуна жол берген жок. Бул болсо капиталисттик өлкөлөрдө болуп жаткан абалдан таптакыр айырмаланат.

**Менчиктештирүү (приватизация) жана тышкы инвестиция:**

Биз өтө кооптуу маселе тууралуу сөз кылабыз. Ал – тышкы инвестиция умумий мүлктөрдү жана коомдук кызматтарды, башкача айтканда элге керектүү болуп, коом өз керегине издеп колдонгон нерселерди камтып алышы. Инвестиция аркылуу инвесторлор умумий мүлктөрдү: нефть, газ, фосфат жана башка жер алдындагы байлыктарды ээлеп алышы мүмкүн. Бул инвестициялар адатта ач көз капиталисттик компаниялар тарабынан ишке ашырылат. Алардын максаты – талап-тоноо. Алар коррупция жана ач көздүгү менен белгилүү болуп, өлкөлөрдү тоноодо өнөктөш болуу үчүн өкмөттөргө жана жооптуу адамдарга пара берип өз кызыкчылыктарын ишке ашырышат.

Инвестициядагы эң жаман ыкмалардын бири – “BOO” системасы. Бул «куруу, иштетүү жана ээлик кылуу» дегенди билдирет. Бул ыкмада долбоорду мамлекетке өткөрүп берүү милдети жок. Натыйжада бул өлкөнүн эгемендүүлүгүн бузуп, мамлекетти өзүнүн маанилүү активдерин көзөмөлдөй албай калуусуна алып келет. Мындан тышкары, элге экономикалык жактан оорчулук жаратат. Ал эми, инвесторлор үчүн долбоорлорду түбөлүккө менчик кылып алуу мүмкүнчүлүгүн берет, бул болсо узак мөөнөттүү кирешелерди кепилдейт. Мындай экономикалык саясат мамлекеттин жеке секторго көз каранды болуп калышына алып келет, айрыкча эгерде бул компаниялар чет өлкөлүк болсо. Бул мамлекеттин өзүнүн маанилүү ресурстары үстүнөн эгемендүүлүгүнө коркунуч туудурат. Менчиктештирүү жана чет элдик инвестиция үчүн эшик ачуу өлкөнү бөтөн элдердин киришине жана үстөмдүк кылуусуна шарт түзүп, акыры өлкөнүн жакырчылыкка түшүүсүнө алып келет.

Мындан да чоң жана оор кырсык – коомдук кызматтарды менчиктештирүү.

Өкмөт аэропортторду, портторду, жолдорду, электр энергиясын жана сууну менчиктештиргенде чоң кырсык болот. Бирок мындан да чоңураак кырсык – нефть, газ, фосфат жана башка минерал байлыктар сыяктуу жер алдындагы байлыктарды «өзүбүз инвестиция кылып, өнүктүрө албайбыз» деген шылтоо менен менчиктештирүү. Мунун натыйжасында мамлекет менчиктештирилген активдерди жана кызматтарды көзөмөлдөө укугун жоготот. Бул болсо долбоорлордун монополиялашуусуна, инфляциянын өсүшүнө, байлар менен

кедейлердин ортосундагы ажырымдын кеңейишине жана жумушсуздуктун көбөйүшүнө алып келет.

**Саясий деңгээлдеги терс таасирлери.**

Менчиктештирүүнүн саясий жактан терс натыйжаларынын бири – мамлекеттин эгемендүүлүгүнүн бузулушу. Бул көп учурда чет элдик капиталисттердин же тышкы тараптардын, мисалы, Эл аралык Валюта Фонду менен Дүйнөлүк Банктын колу менен ишке ашат. Менчиктештирүүнүн терс кесепеттери дүйнөлүк тажрыйбадан даана көрүнүп турат. Мисалы, Латын Америкасындагы 1990-жылдардагы менчиктештирүү саясаты эң чоң экономикалык ийгиликсиздиктердин бири катары белгилүү. Өзгөчө, 1990-жылдардагы эң белгилүү окуялардын бири – Боливияда суу тармагынын менчиктештирилиши. А түгүл Европа Биримдигиндеги өлкөлөр да менчиктештирүүдөн жапа чегишүүдө.

Коомдук кызматтарды жана умумий мүлктү менчиктештирүү акыры акча жана бизнес ээлеринин бийликти колго алышына алып келет. Ошондо бийлик бир ууч ач көз жана жеке кызыкчылыктардын жетегиндеги адамдардын колунда болуп калат.

**Жыйынтык:**

Капиталисттик мамлекеттердин, айрыкча, Американын мусулман өлкөлөрүнө каршы саясий жана экономикалык деңгээлде жүргүзүп жаткан аракеттеринин себеби – бул өлкөлөрдүн байлыктарына, ири инвестициялык мүмкүнчүлүктөргө ээ болуу. Алар бул жерлерди өздөрү үчүн капитал булагы жана керектөө рыногу кылууну көздөшөт. Батыштын капиталисттик мамлекеттери өлкөлөрдүн мүмкүнчүлүктөрүн көзөмөлдөө үчүн аларды сасык, пайыздык жана ач көз капиталисттик экономикага интеграция кылууну каалашат. Бул максатта «инвестиция, менчиктештирүү жана өлкөнү өнүктүрүү» деген шылтоо астында Батыштын долбоорлору ишке ашырылууда. Батыш компаниялары өндүрүш каражаттарын, байлыктарды жана коомдук кызматтарды көзөмөлгө алуу үчүн киргизилип, муну ишке ашырууда чет элдик бизнесмендерге жана мусулман өлкөлөрүндөгү саясий бийлик ээлерине таянышат. Ошентип, Эл аралык Валюта Фонду өлкөлөрдү өзүнүн сунуштары жана пландары менен кысымга алып, экономиканы талкалоого, элдин муктаждыктарын камсыз кыла албаган абалга жеткирүүгө алып келет. Андан кийин Дүйнөлүк Банк өзүнүн шарттуу карыздары жана пайыздары менен кирип, өлкөлөрдү оюнчук кылып алат да, менчиктештирүү жана инвестиция боюнча аларга өзүнүн ыплас пландарын таңуулайт. Натыйжада капиталисттик компаниялар кирип келип, өлкөлөрдү экономикалык жана саясий жактан көзөмөлгө алышат.

Бул – бүгүн көпчүлүк мусулман өлкөлөрүндө болуп жаткан көрүнүш. Биз байлык жана ресурстардын талап-тонолушун күн сайын көрүп турабыз. Мунун негизги себеби – Исламдын өкүм жүргүзбөй калышы жана мусулмандардын Аллахтын шариатын өкүмдар кылуу аракетиндеги чабалдыгы.

Ооруну аныктоо – Ислам жана анын чечимдери негизинде дарылоонун башаты. Ошондо гана биздин мал-мүлкүбүз жана байлыктарыбыз кафир колонизатор алдында күрөөгө коюлбайт, өлкөлөрдүн эгемендүүлүгү тебеленбей, өз байлыктарына, чечимдерине жана багыттарына ээлик кылышат. ❑

# САЯСИЙ ТҮШҮНҮКТҮН НЕГИЗДЕРИ ЖАНА САЯСИЙ БАГЫТТЫ АНЫКТОО (5)
## (эл аралык мыйзамдын пайда болушу)

**Лукман Харзулла**

Дүйнөдөгү түзүмдөр менен мамлекеттердин болушу жана алардын бири-бири менен карым-катнашы убакыттын өтүшү менен аларды бузгандар сынга алына турган эрежелерге, макулдашууга алып келди. Коомдук пикирдин өкүмдөр менен түзүмдөргө үстөмдүгүнүн негизинде булар бул адаттарды ыктыярдуу түрдө карманып келишкен. Эл аралык адат кийин эл аралык мыйзамдын негизги өзөгүн түзгөн.

Эл аралык адат жалпы да, жалпы эмес да болушу мүмкүн. Жалпы эл аралык адат — бул дүйнөдөгү бардык мамлекеттер карманган, коомдук пикирде кабыл алынган жана адат катары туруктуу саналган, убактылуу эмес көрүнүш. Ал эми, жалпы эмес эл аралык адат дүйнөнүн белгилүү бир аймагына таандык адат болуп саналат. Ошондуктан «континенттик эл аралык эреже» жана «регионалдык эл аралык эреже» деген түшүнүктөр колдонулган, бул белгилүү бир адатты ишке ашырган мамлекеттердин чөйрөсүнүн кеңдигине жараша аныкталган. Мисал катары Улуу Британия менен Исландиянын ортосундагы треска (cod) балыгы үчүн болгон согуштардан кийин пайда болгон регионалдык эл аралык адатты айтууга болот. Ал эл аралык сууларда балык уулоо укугуна байланыштуу болуп, Исландия Британияны өзүнүн сууларынан 200 деңиз мил аралыкка чейин балык уулоодон баш тартууга мажбур кылган. Бул чечим адат болуп, кийин «деңиздердеги өзгөчө экономикалык зоналар» деп аталган мыйзамга айланган. Регионалдык адаттарга мисал катары Пайгамбарыбыз ﷺ жиберилерден мурун арабдарда кеңири белгилүү болгон «харам айларда согушпоо» салтын да келтирүүгө болот. Ал эми жалпы эл аралык адаттардын мисалы — элчилер менен эл аралык өкүлдөрдүн кол тийбестиги.

Европа мамлекеттери XVII кылымдын ортосунда өз ара мамилелерди тартипке салууга киришип, 1648-жылы Вестфалия келишиминде мамилелерин жөнгө салган мыйзамды негиздешкен. Бул келишим Европага гана эмес, дүйнөдөгү бардык мамлекеттерге таасир кылган эл аралык укукту мыйзамдаштырууга амалий башталыш болгон. Ошондой эле, эл аралык деңгээлде мамилелерди жөнгө салган көрүнүктүү жыйындардын бири 1815-жылы өткөн Вена жыйыны болуп, ал Франциядагы революциялык согуштардан келип чыккан көптөгөн маселелерди чечүүгө аракет кылып, Европа континентинде чек араны белгилөө менен аяктаган. Ошондой эле 1919-жылы өткөн

Париж жыйыны Усманий мамлекеттин мурасын бөлүштүрүү жана Улуттар Лигасын түзүү менен жыйынтыкталган.

Эл аралык жалпы укук бул мамлекеттердин ортосундагы мамилелерди тынчтык жана согуш абалында тартипке салган мыйзам болуп, анда эл аралык уюмдарга мамлекеттер үстүнөн бийлик берилет. Бул бийликти БУУнун Коопсуздук Кеңеши сыяктуу эл аралык аткаруучу органдар ишке ашырат, ал дүйнөдөгү биринчи державага баш иет же дүйнөлүк абалды аныктоого таасир кылган күч борборлорунун ортосунда талашка түшөт.

Эл аралык жалпы укуктун мисалы катары Женева келишими сыяктуу эл аралык келишимдерден келип чыккан мыйзамдарды айтууга болот. Ошондой эле, өз ара мамлекеттер деңгээлинде кабыл алынган жана милдеттенмеси мамлекетке тиешелүү болуп, жеке адамдарга тиешелүү болбогон мыйзамдар да эл аралык жалпы укукка кирет. Мисалы — ядролук куралды жайылтууну чектөө келишими.

Айкын көрүнүп тургандай, эл аралык мыйзамды коюучу тарап – бул согуштарда жеңишке жеткен ири мамлекеттер же күчү тең болуп, бири-бирин жеңе албасын түшүнгөндө өз ара мамилелерин жөнгө салуу үчүн келишим түзүп, ага кол коюп, аны эл аралык мыйзамга айландырган ири державалар. Бул келишимдер жана эл аралык макулдашуулар аркылуу, же жалпы укуктук принциптер аркылуу, же эл аралык адаттардан алынган негиздер аркылуу ишке ашат. Вестфалия келишиминен кийин Европа мамлекеттеринин өз ара макулдашышы аларды Усманий мамлекет менен күрөшүүгө даяр кылды. Анткени, Усманийлер Европанын ири мамлекеттеринин дубалдарын кыйратып, башка мамлекеттерге да коркунуч туудурган эле. Демек, эл аралык мыйзам негизинен Исламдын Европага каршы жайылышын токтотуу үчүн түзүлгөнү анык.

Батыш державалары эл аралык мыйзамдарды жана БУУнун чечимдерин чыгаруу, адамдар менен мамлекеттерди ушул мыйзамдардын негизинде соттоо милдетин аткаруучу уюмдарды жана мекемелерди түзүү менен алектеништи. Бул дүйнөгө укуктук жактан үстөмдүк орнотуу жана бул уюмдарды баарынан жогору турган сот кылуу аракети эле. Ушул максатта Улуттар Лигасы, андан кийин Бириккен Улуттар Уюму, ошондой эле Эл аралык кылмыш соту түзүлдү. Бул уюмдар дүйнөдөгү биринчи державага багыт жагынан баш иет, ал эми аткаруу жагынан БУУнун Коопсуздук Кеңешине байланган. Ошондуктан бул уюмдар менен мекемелер дүйнөдөгү биринчи держава үчүн анын саясаттарын дүйнөгө таңуулоонун куралы катары кызмат кылат. Бирок, башка мамлекеттер да бул уюмдарга

катышкандыктан, бул нерсе биринчи державаны башкалардын кээ бир каршылыктарына кабылышына алып келет.

Эл аралык мыйзамды сактабагандык мамлекеттерди, ал тургай дүйнөдөгү биринчи державаны да кыйын абалда калтырат. Арийне, кээ бир учурларда ал өзүнүн маанилүү кызыкчылыгын камсыз кылуу үчүн эл аралык мыйзамды бузууга мажбур болушу мүмкүн, бирок ошондо да өзүн актай турган айла-амалдарды издеп, эл аралык мыйзамды бузду деген айыптан кутулууга умтулат.

Мисалы, Россиянын президенти Путин 2022-жылы Украинага каршы жүргүзгөн согушунда өзүн эл аралык мыйзамды бузбай жаткандай көрсөтүүгө аракет кылды. Ал Украинанын жерлерин басып алгандай эмес, тескерисинче, бөлүнүп чыккан республикалар аны коргоого чакыргандан кийин гана киргендей кылып көрсөткөн. Ошол сыяктуу эле Америка да 2003-жылы Иракка согуш менен киргенде, дүйнөлүк коомдук пикирди Иракта жапырт жок кылуучу чоң куралдар бар деп ишендирүү аркылуу даярдады. Бул калп кийин аны уятка калтырганы менен, Америка өз максатына жетип алган эле. Андан соң, анын калпы ачылган соң ал пайда болгон дүйнөлүк коомдук пикирдин таасирин азайтууга аракет кылды.

Демек, мамлекеттер шексиз түрдө дүйнөлүк коомдук пикирди эске алат. Анткени дүйнөлүк коомдук пикир кээде ошол мамлекеттин ички коомдук пикирине айланып, анын өкмөтүн уятка калтырат. Америка мисалында болсо, ал ички коомдук пикирди көзөмөлдөөгө аракет кылат. Анткени ал шайлоолорго жана Конгресстеги (Өкүлдөр палатасы менен Сенаттагы) чечимдерге түздөн-түз же кыйыр таасир кылат.

Эл аралык адаттар менен эл аралык мыйзам маселесин изилдөө саясий түшүнүктө да, саясаттарды белгилөөдө да маанилүү. Ошондой эле дүйнөдөгү ири державалардын эл аралык мыйзамды кармана албаган абалын түшүнүү зарыл. Анткени бул мамлекеттер эл аралык мыйзамды эч качан бузбайт деп ойлоп алуу туура эмес болгондой эле, алар таптакыр эл аралык мыйзамды көзгө илбейт деп кабыл алуу да туура эмес. Тескерисинче, эл аралык адат же мыйзамды түшүнүү белгиленген максатка жеткирүүчү саясатты түзүүгө жардам берет.

Пайгамбарыбыз ﷺ Худайбия умрасына чыкканда, ал жөнүндө ачык айтып, арабдарды кабардар кылды: ал умрага бара жатканын жана жоокердик курал эмес, жолоочунун куралын гана көтөрүп бара жатканын маалымдады. Ошентип ал Курайшты катуу уят абалга салды: эгер алар аны Меккеге киргизбей койсо да, киргизсе да кыйын абалда калышмак. Пайгамбарыбыз ﷺ болсо максатында тынчтыкка умтулуп, Курайшты дал ушул максатка түрттү. Бул болсо «Курайштар

харамды тейлөөчүлөр жана ал жерге ибадат кылуу үчүн баргандарды тосууга акылары жок» деген регионалдык адатты колдонуу аркылуу ишке ашты.

**Эл аралык абал**

Эл аралык абал – бул мамлекеттин дүйнөдөгү абалы жана таасирдүү мамлекеттер менен болгон мамилеси же дүйнөдөгү таасирдүү мамлекеттердин ортосунда түзүлгөн мамилелердин түзүлүшү. Бул ар бир мамлекеттин өз алдынча саясатын карагандай каралбайт. Анткени ар бир мамлекеттин саясаты анын жашоого болгон көз карашынан (дүйнө караш) келип чыгат, ал эми ошол саясатты түшүнүү үчүн мамлекет өз саясатын кайсы фикратка жана кайсы тарикатка негиздеп жүргүзүп жатканын түшүнүү талап кылынат. Эл аралык абал болсо дүйнөдөгү таасирдүү мамлекеттердин ортосундагы мамилелерден куралат, бул мамлекеттердин жашоого болгон көз карашы бирдей болушу шарт эмес. Жалпы эл аралык абал — бул мамлекеттердин көз караштары ар түрдүү болсо да, бирок алар бири-бири менен согуштук же тынчтык мамилелерин түзүп турган абал.

Эл аралык абал дүйнөдөгү таасирдүү мамлекеттердин эл аралык саясаттагы ордуна жараша түзүлөт. Бул эл аралык ордун аныктаган факторлордун катарына мамлекеттин аскерий күчү, экономикалык күчү, дипломатиялык мүмкүнчүлүгү, өнөр жай жана технологиялык дарамети, ошондой эле демографиялык күчү кирет. Ошонун негизинде мамлекеттердин ортосунда айырмачылыктар пайда болот, бул алардын эл аралык мамилелерге таасир этүүсүндө да, демек эл аралык абалда да айырмачылыктарды шарттайт. Ушундан улам «дүйнөдөгү биринчи мамлекет», «өз алдынча мамлекет», «регионалдык мамлекет», «көз каранды мамлекет» деген түшүнүктөр пайда болгон. Ошондуктан дүйнөдөгү биринчи державанын ордун жана башка мамлекеттердин ага карата ордун туура түшүнүү зарыл.

Дүйнөдөгү биринчи держава — бул эл аралык абалды аныктоодо алдыңкы орунду ээлеген мамлекет. Бул анын башка мамлекеттер менен түзгөн мамилелеринин негизинде жүзөгө ашат. Мамлекеттер өз кызыкчылыктарын камсыз кылуу үчүн дүйнөдөгү биринчи державанын кызыкчылыктарына кызмат кылууга умтулат жана анын пайдасына ортоктош болушат. Же болбосо, ага атаандаштык кылышат же кармашка киришет. Натыйжада дүйнөдөгү биринчи державага каршы турган мамлекет анын таасирине жараша жана ошол атаандаштыгынын ийгилигине жараша, эл аралык абалга өз салымын кошот.

Дүйнөдөгү биринчи держава дүйнөдө саясий абалды түзөт жана башка мамлекеттерди өзүнүн фикратына жана саясий тарикатына багыттайт. Ошондуктан дүйнөдөгү биринчи державанын ордун ээлөөгө умтулган ар бир мамлекет саясий абалды өзүнө буруу үчүн аракет кылууга тийиш. Ал орунду ээлөөнүн жолу сөзсүз учурдагы биринчи держава менен атаандашуу аркылуу өтөт. Бул үчүн дүйнөдөгү саясий абалды өзүнө тартып, учурдагы биринчи державанын айланасындагы мамлекеттерди андан бөлүп алуу, анын зулумдугун жана дүйнөгө алып келип жаткан зыяндарын ачып көрсөтүү, ошондой эле башка мамлекеттерди андан алыстатууга көмөкчү болгон коомдук пикирди жаратуу зарыл.

Муну менен катар алдыңкы орунду ээлегиси келген мамлекет дүйнөнү башкаруу жоопкерчилигин көтөрүүгө учурдагы державадан алда канча татыктуу экенин далилдей турган амалий ыкмаларды колдонууга милдеттүү. Мына ушундай жол менен гана ал дүйнөдөгү биринчи державанын ордуна умтулушу мүмкүн.

Эл аралык абал өзгөрүп турат, ал дайыма туруктуу болбойт. Ошондуктан саясий түшүнүктү туура өздөштүрүүнү жана өз мамлекетине, үммөтүнө пайдалуу саясатты аныктоону каалаган адам эл аралык мамилелерди тынымсыз изилдеп, эл аралык абалды түшүнүшү керек: ал туруктуу абалдабы же солкулдап, өзгөрүү баскычын баштан кечирип жатабы. Тарыхта дүйнөдөгү биринчи державанын орду Римден мусулмандарга өткөн, Франциядан Англияга өткөн, Англиядан Германияга өткөн, Советтер Союзу менен Америка Кошмо Штаттары дүйнөгө атаандашып үстөмдүк кылган, андан кийин экөө тил табышкан, андан соң АКШ жалгыз дүйнөлүк абалды белгилөөчү болуп калган. Ушундайча эл аралык абал улам өзгөрүп турган.

Америка – дүйнөдөгү биринчи мамлекет. Ал эми башка мамлекеттер болсо — көз каранды, көз карандысыз же айланасында айланган мамлекеттер болот. Көз каранды мамлекет — бул өз саясатын башка мамлекетке байлап койгон мамлекет. Мисалы, Мисир Насирдин доорунан бери Америкага көз каранды болуп, аймактагы АКШ долбоорлорун ишке ашырып, анын саясатын жүргүзүп келген. Бул саясат айрым учурларда Мисирге жана анын экономикасына зыян алып келген. Ошондой эле Саудия бирде Британияга, бирде АКШга берилгендик көрсөтүп келген. Акыры Салман жана анын уулу бийликке келгенде, өздөрү үчүн түз пайда болбосо да АКШнын саясатын ишке ашырууга киришти. Маселен, 2015-жылы Саудия Йеменде «Буркан чабуулун» баштап, бул согуш Саудиянын абдан чоң байлыгын жутуп жок кылды. Бирок бул согуштан Саудия эч кандай

олуттуу саясий пайда алган жок, тескерисинче, Америка гана утушка ээ болду. Анткени Америка Саудия аркылуу хусийлерди саясий салмактуу күч катары сүйлөшүү үстөлүнө отургузуп, аларды Йеменди башкарууга шерик кылуу же кийин англиялык агенттерди сүрүп чыгып, өлкөнү толук колго алуу мүмкүнчүлүгүн бекемдеп берди.

Ал эми державанын айланасында айланган мамлекет – бул тышкы саясатында башка мамлекетке көз карандылык жагынан эмес, кызыкчылык байланышы менен байланып турган мамлекет.

Мисал катары Японияны алсак болот. Ал Экинчи дүйнөлүк согуштан жеңилип чыгып, анын аскерий табиятына шарттар коюлгандан кийин өнөр жай жана экономика жагынан өзүнө абройлуу орун түзүүгө умтулду жана бул тармакта дүйнөлүк деңгээлде көрүнүктүү орунду ээледи. Бирок тышкы саясатында өз кызыкчылыгын АКШнын кызыкчылыгы аркылуу ишке ашырууга аракет кылды. Ошентип, Кытайды чектөө алкагында Япония 2007-жылы АКШ, Австралия жана Индия менен бирге төрт тараптуу диалогго (QUAD) кошулду.

Түркия да ушундай. Ал Англиянын үстөмдүгүнөн чыккан соң, өз кызыкчылыгын АКШнын кызыкчылыгы аркылуу ишке ашырууга умтулду. 2020-жылы Ливияга өзүнүн аскерлерин жиберип, ал жакта Американын таасирин бекемдөөгө аракет кылды. Ошондой эле АКШ колдогон Сирия режими кулап калбашы үчүн Сириядагы революцияны басаңдатууга аракет кылды. Ал үчүн Сирия армиясынан бөлүнүп чыккан айрым офицерлерди жана ошол учурда түзүлгөн куралдуу топторду өз көзөмөлүнө алды. Муну менен революцияга түздөн-түз кийлигишип, чечүүчү фронттордун ачылышына жол бербей, фронтту топтордун өз ара кагылышына айландырды. Бул ишин Түркия Сириядагы революция башталган 2011-жылдан тартып ушул күнгө чейин жүргүзүп келди.

Андан соң Түркия Сирия режимин өзү менен нормалдашкан мамилеге мажбур кылууну көздөдү, бирок режим аны четке какканда, 2024-жылы топтордун күчтөрүн козгоп, Сирия режимин кулатты. Натыйжада Түркия Сириядагы кырдаалды АКШнын пайдасына көзөмөлгө алды. Бирок, ошол эле учурда ал өзүнүн ички саясатын багыттарына жараша жүргүзүп, өз кызыкчылыгын ишке ашырууга да аракет кылды. Демек, Түркиянын АКШ менен тышкы саясаттагы байланышы — кызыкчылык байланышы болду.

Ал эми көз карандысыз мамлекет — ички жана тышкы саясатында өз каалоосу жана өз кызыкчылыгына жараша иш алып барган мамлекет. Мисал катары Кытайды алсак болот. Ал өз кызыкчылыгын өзү аныктап түшүнүгүнө жараша ишке ашырып жатат. Кытай күчтүү

экономикалык державага жана атаандашсыз соода кубатына айланууну каалайт. Ошондуктан ал Африканын ар кайсы бурчтарын изилдеп, ресурстарды издөөгө киришти. Андан соң ал Латын Америкасына чейин кирип барып, Перудагы бир порттун 60% үлүшүн ээликке алды жана аны башкарууга отуз жылдык концессия укугун да колго киргизди.

Кытай өз максатына жетүү жолунда АКШ тарабынан коюлган тоскоолдуктарга карабастан аракетин улантып жатат. Ал Тайван маселесинде аны өзүнүн бир бөлүгү катары карап, өзүнө ылайык саясат жүргүзүүдө. Ошол эле учурда АКШ Тайванды Кытайдын бооруна кадалган тикенекке айлантты.

Ушундай эле абалды Россиянын ички жана тышкы саясатынан да көрүүгө болот. Көз салган адам жаңылып, айрым маселелерде Россия АКШнын кызыкчылыгына кызмат кылып жаткандыктан, экөөнүн ортосунда көз карандылык мамиле бар деп ойлобошу керек. Анткени көз карандысыз мамлекет кээде өз кызыкчылыгын камсыздоо үчүн дүйнөдөгү биринчи державанын кызыкчылыгын да эске алат. Бирок бул аны көз каранды мамлекет кылбайт жана айланасында айланган мамлекет да кылбайт. Себеби көз карандысыз мамлекет мындай саясатты дүйнөдөгү биринчи державанын чечиминен көз каранды болбой, өз алдынча жүргүзөт. Ал эми айланасында айланган мамлекет болсо өзүнүн тышкы саясатындагы кызыкчылыгын биринчи державанын кызыкчылыгына байлайт.

Ошондуктан эл аралык мамилелердин түпкүрүнө тереңирээк кирүү жана дүйнөдөгү биринчи держава менен башка мамлекеттердин ордун туура түшүнүү абдан маанилүү. Бул түшүнүк саясатчыга жана байкоочу адамга дүйнөдөгү окуялардын эл аралык абалды аныктаган күчкө кантип байланып турганын аңдоого мүмкүндүк берет. Ошону менен окуяны жаратканбы, басаңдатканбы, багытын өзгөрткөнбү же алдын алганбы, мунун баарын эл аралык абалды жетектеп турган күчтүн саясий таасирине жараша түшүнүүгө болот.

Америка Украинаны НАТОго мүчө болууга түртүп, 2022-жылы Украина менен Россиянын ортосунда согуш тутанышын шарттады. Мунун натыйжасында Россия менен Кытайдын ортосунда калыптанып келе жаткан союзга тоскоолдук кылды. Андан соң АКШ Украинаны колдоо жана Россияны кысымга алуу менен алек болуп, аны «SWIFT» каржы тутумунан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратты, бир катар санкцияларды киргизди жана Европаны да Россияга каршы санкцияларга катышууга мажбурлады. Бул согуштан Европа өзү катуу зыян тарткан болсо да, АКШ Европаны өз канатынын астына чогултуп, НАТОну күчтөндүрдү. Бул дүйнөдөгү биринчи держава

жараткан саясий окуя болуп, Россия менен Кытай биргеликте союз түзүүгө аракет кылган башка бир окуянын алдын алды.

Араб өлкөлөрүндөгү революциялар болсо элдердин арасынан өзүнөн өзү башталып, Мисирде өкүмдар режимди кулатууга чейин жетти, АКШ Сирияда болсо режимди сактап калды, Йеменде болсо өз кишилерин системага киргизүү үчүн окуядан пайдаланды. АКШ элди басуу үчүн баскынчыларды, революциячыл саясий фронттор атынан элди алдаган айлакер күчтөрдү, а түгүл башка мамлекеттерди да бул ишке тартты. Ал Россия менен Иранды Сирия режими тарабында турууга мажбурлады, Түркия менен Саудияны болсо козголоңчулардын тарабына тургузду. Ошентип, эң негизги таасир кылуучу күч дагы да болсо АКШ болду.

Дал ушул себептен улам саясатты байкоочу жана түзүүчү адамдар үчүн эл аралык абалды так түшүнүү зарыл. Болбосо, туура эмес жыйынтыктарга келип, көз каранды мамлекетти көз карандысыз деп, айланасында айланган мамлекетти дүйнөдөгү биринчи державага атаандаш деп эсептеп алышы мүмкүн!

Бул замандын таң калычтуу көрүнүштөрүнүн бири — айрым адамдар Саудиянын мураскер ханзаадасы Мухаммад бин Салманды көз карандысыз деп эсептеши. Алардын жүйөсү — ал АКШнын улуттук коопсуздук боюнча кеңешчиси Жейк Салливан менен катуу сүйлөшүп, 2021-жылы президент Жо Байден администрациясынын алгачкы мезгилинде мунай өндүрүү саясатын өзгөртүү жөнүндөгү талабын четке какканы.

Таң калычтуу көрүнүштөрдүн дагы бири — айрымдар Иранды АКШга атаандаш катары эсептеши. Алар Иран Иракта, Сирияда жана Йеменде ага баш ийген топторду жайгаштырып, америкалыктардын кызыкчылыктарына коркунуч жаратат, а түгүл алардын базаларын ракеталар менен аткылап келет деп далил келтиришет. Бирок терең көз салган адам, Салмандын Байденге каршы турүусун күчтөндүргөн тарап – Байдендин АКШдагы атаандашы Дональд Трамп болгонун табат. Ошондой эле Америка өзү эле Ирактагы саясий кырдаалды Иран партиясы жана агенттери аркылуу көзөмөлгө алганын, Сириядагы абалды алар аркылуу тартипке салганын жана Йеменде да бийликти алар аркылуу дээрлик толук колго алганын көрөт.

[Уландысы бар]. ❑

# КҮЧ-КУБАТТЫН ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТТИ ЖАРЫЯЛОО ЖАНА ШАРИАТТЫ ОРНОТУУ ФАРЗДЫГЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ: ТОСКООЛ БОЛГОН АЛСЫЗДЫКТАН ҮЗҮРДҮ ЖОЮУЧУ КУДУРЕТКЕ ЧЕЙИН (2)

**Саир Салама**

«Каршы туруу инженерлиги»: акыйдадан мамлекетке чейин:

Ислам мамлекетинин негиздерин бекемдөө жана душмандардын айла-амалдарына каршы турууда мамлекет түркүктөрүнүн биримдигин камсыз кылуу зарыл. Ислам көз карашы менен стратегиялык саясий ой жүгүртүү теорияларынын ортосундагы мамлекеттик күчтүн түркүктөрүн айкалыштыра билүү керек.

Эл аралык мамилелердеги стратегиялык саясий ой жүгүртүү боюнча көрүнүктүү теоретиктер (мисалы, Ханс Моргентау, Кеннет Уолтц, Реймон Арон, Жозеф Най) мамлекеттин күчү таянган жети материалдык/институционалдык түркүктү көрсөтүшөт. Алар төмөнкүлөр:

1. Географиялык тирек – жайгашкан жери жана жашоо мейкиндиги.
2. Калк тиреги – адам ресурсу.
3. Экономикалык тирек – өндүрүштүк мүмкүнчүлүк жана ресурстар.
4. Аскерий тирек – күч-кубат.
5. Саясий тирек – легитимдүүлүк (шаръий ыйгарым укук жана чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгү.
6. Фикирий жана сакофий тирек – жумшак күч.
7. Дипломатиялык жана альянстардын тиреги – тышкы байланыштар тармагы.

Бул теоретиктер баса белгилешкендей, мамлекеттин жалпы күчү армия же экономика менен гана өлчөнбөйт, тескерисинче ушул түркүктөрдүн бардыгы жана алардын өз ара шайкеш иштеши менен аныкталат.

Ал эми исламий түшүнүктө мамлекет үстөмдүк берүүчү жана багыттоочу негизги эрежелерге таянып курулат. Алар исламий бийликтин «бар болушу жана аны орнотуу шарты» болуп саналат. Бул эрежелер убактылуу шаймандар же «идарий тандоолор» эмес, тескерисинче, исламий бийлик аларсыз мүмкүн эмес. Андан соң ошол эрежелерди иш жүзүндө жүзөгө чыгарган таянычтар келет, алар бийлик жана мамлекет режимдеринде, саясаттарында чагылдырылат.

Мына ушундайча ислам мамлекети бир эле учурда «милдеттендирүүчү жана күч-кубатка ээ система» болуп калат.

Шариат багыт менен чектөөлөрдү белгилейт, ал эми таянычтар жетишүү жана бекемдөө куралдарын камсыз кылат. Демек, мамлекетти ушул эрежелер жана таянычтар менен бекемдөө ага абдан зор күч жана түзүмдүк коргоо берип, аны ыдырап кетүүдөн коргойт, сырткы таасирлердин жолун жабат жана туруктуулук менен уланышынын кепилдиги болуп калат.

Биринчиден: жогорку деңгээлдеги негиздөөчү эрежелер (бар болуу жана легитимдүүлүк шарттары):

Жогорку деңгээлдеги негиздөөчү эреже т.а «бийлик шариаттыкы, жетекчилик үммөттүкү».

Бийлик (милдеттендирүүнүн булагы жана өлчөм коюучу ченем) вахийге таандык. Ал эми жетекчилик (аткаруу жана ишке ашыруу) үммөттүкү болуп, ал өзүнүн ордуна бийлигин колдонууга халифаны байъат келишими аркылуу дайындайт. Бул жогорку деңгээлдеги жөнгө салуучу эреже калган бардык тиректерди тартипке салат, алардын багытын аныктайт жана айланасын башкаруу чегинде кармайт, адамдардын каалоолорун вахийдин ордуна өкүм кылуусун алдын алат. Ал милдеттендирүүнүн булагын жана эркти аныктайт: шариат эрк жана тандоолордун үстүнөн өкүм жүргүзөт, шариатка баш ийүү башкаруучуга да, баш ийгендерге да фарз. Ал эми аткаруу (жетекчилик) үммөттүкү болуп, ал туура келишим менен дайындалган халифа аркылуу жүзөгө ашат.

Бул «Исламдагы башкаруу эрежелеринен болуп, башкаруу аларсыз болбойт». Ошондуктан башкаруучу шариатты колдонуу милдетин аткаруу шартынан чыкса, анын легитимдүүлүгү жоголот. Эгерде ал ачык куфр түзүмдөрүн киргизүүгө аракет кылса, анда Исламий мыйзамдар мамлекетте жалгыз өкүм жүргүзүүсүн сактап калуу максатында ага кылыч көтөрүлөт.

Экинчиси: Үммөттүн жана Халифалыктын биримдиги.

Имаматтын биримдиги – күчтүү негиз. Баш ийүү – шариатта шартталган, бирок «күнөөгө баш ийүү жок». Эгерде ачык куфр көрүнсө, анда легитимдүүлүк жоголот.

Бир халифаны дайындоо жана ага табанний кылуу укугун берүү – фарз. Анткени шариат Дарул-Исламда имамдардын көп болушун харам кылат. Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген:

«إِذَا بُويِعَ لِخَلِيفَتَيْنِ فَاقْتُلُوا الآخَرَ مِنْهُمَا»

**«Эки халифага байъат берилсе, алардын экинчисин өлтүргүлө».** (Муслим риваяты).

Бул ачык насс халифалардын көптүгүн тыйган далил болуп эсептелет. Жетекчиликтин биримдиги шариат өкүм кылып турганда

талаштарды чечет, бөлүнүүнү алдын алат жана чечим кабыл алуу борборун бекемдейт.

Табанний кылуу укугу – бул Куран менен Сүннөттөн жана алар көрсөткөн истинбат усулдарынан алынган далилдерге таянган туура ижтихадий пикирлердин ичинен бирин тандоо. Халифа табанний кылганда шариат өкүмдөрү жана өзү карманган усулий тарикат менен чектелет. Ошондо соттордун көптүгүнөн улам бир эле маселеде ар башка пикирлер болуп кетпөөсү үчүн соттор дал ошол табанний кылынган пикир боюнча өкүм чыгарышат. Бул бийликтин жана мыйзам чыгаруучулуктун биримдигин кепилдейт.

Ошондой эле үммөт биримдигинин зарылдыгы жана халифалыктын фарздыгы, жер жүзүнүн андан бош болушу харам экендиги ижма менен сабит болуп келген.

Үчүнчүсү: акыйдага негизделген легитимдүүлүк жана бийликке келүү жолу – байъат

Байъат – халифаны дайындоонун шариаттагы жолу. Алгач «байъатул-инъикод» (шайлоо байъаты) менен имам дайындалат, андан соң «байъатут-тоъа» (итаат байъаты) менен Аллах түшүргөн низомдор менен өкүм кылууга милдеттендирилет. Үммөт өзүнүн жетекчилигин шариат өкүмдөрүн аткарууга милдеттенген кишиге берет.

Демек, байъат – бул келишим. Үммөт ал аркылуу халифага шариат өкүмдөрүн колдонуу жоопкерчилигин тапшырат. Бул эки тараптын тең ыраазычылыгы жана эрки менен кабыл алынат.

Мамлекеттин милдеттүү аныктамасы: ал – шариат өкүмдөрүн аткаруучу түзүм, бирок мыйзам чыгаруусу мүмкүн эмес. Анын легитимдүүлүгү фикирий тутумдан келип чыгат, тескерисинче эмес.

Төртүнчүсү: вахийдин мыйзам чыгарууда көз карандысыздыгы жана башкаларга баш ийүүнү четке кагуу.

Бийлик шариатка таандык болгондуктан, мамлекеттин мыйзамдык жана өкүм чыгаруучу булагы – вахий. Ал башка түзүмдөрдөн алынбайт. Бул түшүнүк түзүмдүк көз карандысыздыкты негиздейт, тышкы саясатка да таасир кылат, көз карандылыктан сактайт жана бийлик менен мыйзам чыгаруучулуктун биримдигин коргойт.

Мунун негизи таза акыйда. Ислам кулчулукту бир гана Аллах Таалага чектейт, өкүм чыгарууну Ага гана таандык кылат. Адамдардын бири-бирине мыйзам чыгарышы аларды Аллахтан башка кудай кылып алууга тете. Момун пенде Роббисине гана кулчулук кылып, Ага гана баш иет жана башка бирөөгө баш ийүүнү кабыл албайт.

Мамлекет болсо – үммөттүн кабыл алган өкүмдөрүн аткаруучу түзүм. Ошондуктан Ислам мамлекети саясий да, фикирий да, мыйзам

чыгаруучулук жагынан да башкага моюн сунууну таптакыр четке кагат. Ал тескерисинче, «үммөттөргө күбө болуу» принцибине ылайык, адамзатка жол көрсөтүү жана рисалатты көтөрүп чыгуу милдетин аткарат, башкалардан баалуулуктарды жана мыйзамдарды эч качан албайт.

Бешинчиси: даъватты көтөрүп чыгуу — тышкы саясаттын максаты жана мамлекеттин милдети.

Ислам мамлекети дүйнөгө «рисалатты жайылтуучу» болуп саналат жана жихад менен тышкы саясат бул милдетке байланыштуу. Мамлекет ар дайым даярдык жана стратегиялык мааниде туруктуу жихад абалында болуусу жана даъватты дүйнөлүк деңгээлде көтөрүп чыгуусу важиб болот.

Мамлекеттердин Дар-уль-ислам жана Дар-уль-куфр деп бөлүнүшү геосаясий алкак түзүп, ички жана тышкы өкүмдөрдү аныктайт жана аймактык мамилелер менен чек араларга байланыштуу мамилени жөнгө салат, анын негизи — өкүмдөрдүн коомдо көрүнүшү жана аларды салт катары кабыл алуу, ошондой эле коопсуздук принцибине таянуу: ал коопсуздук мусулмандардын өз алдынча күчү аркылуу камсыздалабы же башкача жол мененби?

Ушул эрежелер аркылуу «манхаждын» жана «бийликтин легитимдүүлүгү» куралат: Шариат милдеттендирүүчү булак, үммөт — жетекчилик ээси, байъат — бийликке келүүнүн жолу, биримдик — бөлүнүүнү алдын алган чынжыр жана мамлекет — даъват көтөрүп чыккан түзүм.

Ислам мамлекетинин күч-кубатын пайда кылуучу жети тирек (курулуш жана күч-кубатты камсыздоочу багыттар):

Тиректер — бул эрежелерди мекемелерде жана саясаттарда жүзөгө ашырган операциялык күч багыттары, аларды шура жана мухасаба көзөмөлдөйт. Алардын эң негизгилери:

Биринчиси: фикирий негиз (акыйда жана бийлик шариаттыкы, жетекчилик үммөттүкү).

Бул башкаруучу тирек болуп саналат. Демек, коом жана мамлекет турмушундагы негизги пикирлер, түзүмдөр, мыйзамдар, эрежелер жана дүйнөгө болгон көз караш так жана анык болушу керек.

Анын милдети: мамлекетке «милдеттендирүүчү багыт» берүү жана саясаттар үчүн өлчөм орнотуу.

Анын «иммунитетке» тийгизген таасири: чечимдерди шариаттын алкагына чыгарат, адашууну алдын алат жана элдин бийликке ыйман жана итаат менен ыраазы болуп кабыл алуусун камсыздайт.

Мамлекет динди үстөм кылуу жана өкүмдөрүн бийик кылуу үчүн курулат. Бийлик адамдардын эркине эмес, шариатка таандык. Ал эми

жетекчилик үммөттүкү, ал байъат аркылуу шариат өкүмдөрүн аткарууну киргизет. Мамлекет – үммөт кабыл алган түшүнүктөрдүн, өлчөмдөрдүн жана ишенимдердин аткаруучу түзүмү. Ошондуктан фикирий-акыйдавий негиз мамлекеттин бар болушунун өлчөмү жана легитимдүүлүгүнүн шарты болуп саналат.

Бул негиз саясатты «иштерди шариат өкүмдөрүнө ылайык жүргүзүү, үммөт аны ыраазычылык жана итаат менен кабыл алган» деп белгилейт.

Экинчиси: укуктук камкордук шаръий тирек (бийлик жана сот түзүмү)

Бул күчтүү тирек, анын негизги таянычтары төмөнкүлөр:

а) Иштерге кам көрүү жоопкерчилиги.

б) Адилеттүү өкүм чыгарган, укуктарды коргогон, зулумду жойгон жана чыгарган өкүмдөрү аткарууга милдеттүү болгон сот бийлиги.

в) Башкаруучуларды соттогон жана аларда инъикод шарттары жок болсо, аларды кызматтан кетирүүгө укуктуу болгон мазолим казылыгы.

г) Аткаруучу бийликти коомдук түзүмдөн бөлүү: үммөт (аалымдары жана хизбдери менен) көзөмөл жана мухасаба вазыйпасын аткарат, ал эми бийлик аткаруу жана кам көрүү милдетин аркалайт.

Анын таасири: бул тирек авторитаризмди, басынтууну жана коррупцияны токтотот, легитимдүүлүктү аткаруу ыйгарым укуктары аркылуу бекитет, жалпы коомдук ишенимди чыңдайт, Ислам коомунун абийирин сактайт, Исламдын каада-салтын кепилдейт, жаман көрүнүштөрдү инкар кылууну камсыз кылат. Мунун бардыгы үммөт баскан жолду туруктуу оңдоо үчүн кепилдик түзөт.

Үчүнчүсү: экономикалык тирек.

Белгилери: экономика фикирий негизге баш иет, ага үстөм болбойт. Байтул-мал, мүлктөр (умумий/мамлекеттик/фардий) жана алардын кирешелери менен чыгашалары базар үстөмдүгүнө багытталбаган, камкордук кылуу куралдары болуп эсептелет. Мүмкүнчүлүккө жараша негизги керектөөлөрдү камсыздоо – мамлекеттин вазыйпасы.

Таасири: коом ичинде материалдык күчтү адилеттүү бөлүштүрүү, туруктуу камкордукка негизделген берилгендикти жаратуу, экономикалык тоскоолдуктарга же көз карандылыкка түшүп кетүү мүмкүнчүлүгүн төмөндөтүү. Байлык, ресурстар жана эмгек бирдиктүү долбоорго шаръий өлчөмдөр менен багытталат. Калктын саны көбөйгөндө аны туура окутуу жана даярдоо аркылуу тез өсүүчү күчкө айлантат, табигый байлыктар мамлекет аркылуу калкты тейлөөгө жана өнүгүүсүн ишке ашырууга жумшалат.

Төртүнчүсү: аскердик, коопсуздук тирек — өз алдынча коопсуздукту камсыздаган жана исламды жайган күч.

Белгилери: жихад акыйдасына, даъватка жана мамлекетти коргоого негизделген армия. Тартипти сактоо үчүн ички коопсуздук, колдоочу аскердик өнөр-жай, бирдиктүү борбордук жетекчилик (жихад амири), мунун бардыгы шариаттан багыт алышат.

Анын таасири: бул тирек кылмыштарга тоскоолдук кылууну жана чечкиндүүлүктү бириктирет, ички коопсуздуктун чыгымын азайтат. Анткени шаръий легитимдүүлүк күчкө таянган кымбат катаал ыкмалар менен эмес, коомдук тартип аркылуу козголоңго туруштук берет. Пайгамбарыбыз ﷺ урууларды кыдырып, нусрат талап кылган сапарында Абу Бакр رضي الله عنه менен бирге жүргөндө ал уруулардан «манъа» (коргоо күчү) тууралуу сураган, же алар өздөрү айтып беришкен. Мисалы, Мифрок ибн Амир мындай деген: «Биз согушта кездешкенде эң катуу ачуулуу болобуз жана ачууланганда эң катуу беттешебиз. Биз аттарды балдардан артык көрөбүз, куралды төөлөрдөн артык көрөбүз. Жеңиш болсо Аллахтан, Ал бизди бирде жеңишке жеткирет, бирде душманды бизге үстөм кылат».

Бешинчиси: сакофий/фикирий тирек жана жумшак күч (даъватты көтөрүп чыгуу).

Белгилери: исламий шахсияны калыптандыра турган билим берүү, жалпы аң-сезимди исламий рисалаттын негизинде түзгөн маалымат каражаттары, исламий жашоо образын көрсөтүп турган даъват саясаты.

Таасири: «жамаий мүмкүнчүлүктү» түзүп, өзгөрүү жана ойгонуу үчүн себептүү энергияны ишке салат, коомду ойгонууга жана бекемделүүгө алып барат, таасир чөйрөлөрүн тышка карай хазарий баалуулук менен кеңейтет.

Алтынчысы: калктын/коомдун тиреги (үммөт жана байъат).

Белгилери: жетекчилик үммөткө таандык, байъат – ыраазычылык келишими. Жигиттер – тез окутууга жана даярдоого ылайыктуу инсаний ресурстар.

Таасири: элдик массаны мамлекеттин аң-сезимдүү шаръий тирегине айлантат. Эгерде камкордук кылган имам менен камкордук көргөн калктын ортосундагы байланыш бекемделсе, анда «жылаңач күчкө» болгон муктаждык азаят жана сырттан кирүү коркунучуна каршы иммунитет күчөйт. Үммөттүн мамлекет менен аралашуусу жана аны коргоого даяр болушу, ошол эле учурда адамдардын колунда куралдын бар болуусу бул үммөттүн эрки армиянын күчүнө кошулуп, душманды мунун бардыгы менен эсептешүүсүнө мажбур кылат.

Жетинчиси: географиялык тирек.

Белгилери: география — татбик кылуу жана кеңейүү чөйрөсү, максат улуттук эмес, үммөттүк мүнөздө болуп, исламий терeңдикти, коридорлорду жана кысыктарды пайдаланууну камтыйт. Мунун бардыгы душман тарабынан мүмкүн болгон тоскоолдуктарды жана блокадаларды азайтууга багытталат.

Таасири: кыска убакыттагы сокку менен жеңүү кыйын болгон, кең түзүм болот. Душман ушунчалык кең таралган элдин күч-кубатын эсепке алып, кармашуунун наркын эсептеши керек.

Чек аралар негизги компонент болуп саналган заманбап мамлекеттен айырмаланып, Исламда география мамлекеттин негизги түзүүчү элементи эмес. Ал исламий низомдорду жүзөгө ашыруунун жана кеңейүүнүн чөйрөсү катары каралат. Ошол эле учурда, исламий кеңдик жана мусулмандарга тиешелүү сакофий бирдиктин негизинде жаңы пайда болуп жаткан Ислам мамлекети өз потенциалын колдонуп, позициясын бекемдей алат жана анын пайда болушуна тоскоол болгон аракеттерди жок кылат.

Стратегиялык жактан, мисалы, Мисир, Шам, Ирак, Пакистан жана Түркияны камтыган Ислам мамлекети негизги дүйнөлүк соода кысыктарында жана коридорлор тармагында жайгашып, Индонезиядан Марокко чейинки континенттик кең аймактарды ээлейт. Мындай эбегейсиз кеңдик түздөн-түз басып кирүү мүмкүнчүлүгүн кыйындатат жана аймак саясий жактан бириге баштаса же биримдикке аракет кылса, эл аралык күчтөрдү макулдашуу тарабын ойлонууга мажбурлайт.

Мындан тышкары, бүткүл Ислам дүйнөсү шарият өкүмдарлыгын көрүүнү эңсеп, анын ичиндеги улуттук мамлекеттер оңой эле кулатылуучу назик түзүлүштөр экенин эске алсак, ал мамлекетти муунтуу жана курчоого алуу ыктымалдыгы дароо азаят жана ага каршы чагылгандай согуш баштоо аракетинин баасы көтөрүлөт, анткени анын географиялык кең базасы өтө маанилүү рычаг болуп эсептелет. Кыйроонун босогосунда турган бул мамлекеттердин курчап турган чөйрөсү жалындуу элдер менен кошулганда, тез кеңейип кетүү процесси ишке ашат. Ошондо Батыш өз эли колдогон мамлекетке каршы чыгуунун баасы кымбат экенин түшүнөт. Жаңыдан пайда болгон Ислам мамлекетине кол салуу же сокку уруу аракети Ислам дүйнөсүнүн бир четинен экинчи четине чейин созулган кыжырдануу толкундары менен коштолуп, баскынчы мамлекеттердин кызыкчылыктарына коркунуч келтирет. Бул көз жаздымда калтырбоо керек болгон абал.

Ошондой эле, эгер мусулман элдери Батыштын ага каршы согушу Исламга каршы жана анын көз карашынан кутулуу үчүн жүргүзүлгөн согуш экенине көзү жетсе, ал мамлекеттин кеңейиши жеңилдейт. Анткени бул согуш бузгунчу, залим, авторитардуу режимдерди кулатып, акыйкатты орнотуу үчүн жүргүзүлгөн согуш деп бааланат, ошондо үммөт жаңы мамлекетти үмүт жана баш калкалоочу түзүм катары көрөт жана андан баш тартпайт. Эгер жаш мамлекет кеңири аймакты ээлесе, аны кулаатууга аракет кылгандардын эсептери татаалдашат. Мунун баары «Аллахты колдогондорго Анын жардамы келет» деген Кудайдын суннаты негизинде болот.

Бул иерархиялык түзүлүштө идеологиялык негиз легитимдүүлүктүн негизги элементи жана саясаттын өлчөөчү калыбы бойдон калат, калган бардык таянычтар бири-бирин колдоп, аткарууга, сактоого жана эл аралык системага таасир кылууга жетиштүү күчтү пайда кылат жана мамлекетке күчтүн бир бөлүгү эмес, күчтөрдүн интеграциясына негизделген туруктуулук теңдемесин камсыздайт.

Мамлекеттин туура саясий байланышы жана анын тиреги:

Мамлекет эки ажырагыс түзүлүштөн турат: коомдук түзүлүш – бул фикир ээлери болгон, аалымдарга, ошондой эле саясий партияларга баш ийген түзүлүш. Алар өз кезегинде фикир көтөрүп, милдеттендирүүчү коомдук пикирди калыптандырат. Аткаруучу түзүлүш – ал өкүмдөрдү аткарат жана бийликтерди башкарат.

Аткаруучу түзүлүш тирексиз жашай албайт: ал элдин тирегине жана коргоосуна таянат, бекемделип күчөйт, же чет элдик таянычты чакырып келет да кадыр-баркы түшүп жок болот, же болбосо бийликти күчкө таянып диктатурага айландырат, бирок мындай бийлик аз убакыттан кийин кулайт, же өз тирегинен ажырап жок болуп кетет. Ошондуктан башкаруучу менен жарандардын ортосундагы туура байланыш – эл аны өзүнүн өкүлү катары көрүп, байъат аркылуу ишеним артып, түшүнүктөрдү, өлчөөлөрдү жана ишенимдерди аткарууга ыйгарым укук берген байланыш. Ушул байланыш канчалык күчтүү болсо, мамлекеттин пайдубалы да ошончолук бекем болуп, анын кыйрашын кыйындатат.

Эгерде башкаруучуга карата ишеним солгундаса, же зулумдугу жана ишти начар алып баруусу байкалса, же анын бийлиги үммөттөн чыккан эмес, таңуулангандӑй сезилсе, баш ийүү түйүнү бузулат, моюн сунуунун мыйзамдуулугу урап, коом менен бийликтин ортосундагы келишимдин үзүлүшү жакындайт. Ошондо ийгиликсиз жетекчиликтин алдында чет элдик колонизаторго таянып бекемделүү, же элге каршы аскерди колдонуу, же кулап жок болуу жолу гана калат.

Бул мамиленин бекемделиши мамлекеттен мурунку этаптан башталышы маанилүү, себеби үстөмдүккө жетүү манхажы жана башкарууну алуу ыкмасы, б.а өзгөртүүнүн кыймылдаткыч күчү катары үммөт менен өз ара аракеттенүү жана нусрат талап кылуу бийликти күч ээлери аркылуу табигый жол менен алуунун шаръий мыйзамдуу механизми болуп эсептелет. Бул ыкма мамлекет түзүлгөндөн кийин аскердик күчтү колдонуудан мурда жүргүзүлүп, коомдук кеңейүүнү бекемдейт жана анын мамлекет менен болгон мамилесин бузулгус кылат.

Калктын колдоосун жараткан мамлекет орнотуу жана өзгөртүү жолу:

Тартипке салынган партиялык иш үммөткө, же коомго, же болбосо анын ичиндеги эң күчтүү катмарга, башкача айтканда, бийлик ээси жана коомдук күчтүн булагы болуп, пикирди үстөм кылууга же аны коомдун башка катмарларына кабыл алдырууга жөндөмдүү болгон катмарга негиздөөчү түшүнүктөрдүн, өлчөмдөрдүн жана ишенимдердин тутумун табанний кылууну жүктөөгө таянат. Андан соң алардын күч булактарын пайдаланып, коомго багытталган таасир жаратат, бул болсо ошол тутумдун негизинде бийликтин орнотулушуна алып келет.

Бийлик ушул негизде орногондон кийин мамлекет түзүмдү коргоону, өкүмдөрдү сактоону жана калктын укуктарын камсыздоону колго алат, натыйжада түзүм үчүн бекем ички коопсуздук жаралат. Бул коопсуздук бекемделгенден кийин мамлекет армияны тышкы коркунучту кайтарууга жана өзүнүн мабдасын көтөрүп чыгууга, полицияны болсо түзүмдү коргоого жана өкүмдөрдү ишке ашырууга кызмат кылдырат.

Саясий күрөш – бул камкордуктун начарлыгын ачып көрсөтүү, бийлик пропагандасын жок кылуу, тышкы байланыштарды жана үммөттүн байлыктарын башкалар үчүн багытталып жаткандыгын ачыкка чыгаруу.

Фикирий күрөш — башкаруу системасын негиздеген бузгунчу негиздерди талкалап, жалганды жок кылган чындыкты көтөрүп чыгуу. Качан адамдардын акылдарындагы өлчөөлөр өзгөрсө, милдеттүү коомдук пикир түздөлөт жана коомдук күч аң-сезимдүү шаръий колдоого айланат.

Нусрат талап кылуу күч ээлеринен суралат, бул аркылуу элди согуштук чыңалууда учурдагы мамлекетке таянуудан нейтралдаштыруу максат кылынат. Коомдун эң күчтүү катмарына т.а. пикирди таңуулап же аны үстөм кылууга кудурети жеткендерге таянуу өзгөрүүгө тирек болот. Ушундай тиректин үстүндө бийлик орнотулса,

мамлекеттин ичинде «өзүн-өзү коргоо коопсуздугу» камсыздалат, мамлекет болсо армиясын сырткы коркунучту кайтарууга жана өзүнүн рисаласын көтөрүп чыгууга, полициясын болсо тартипти сактоого жана мыйзамды аткарууга пайдаланат.

Эмне үчүн бийлик тек гана күч менен басып алынбайт? Анткени бул коомдук жыйналыштын суннаттарына каршы келет. Элдин күчүнөн материалдык жана фикирий жактан күчтүү таасир — мисалы, ири мамлекеттердин таасири — убактылуу үстөм болушу ыктымал, бирок мындай бийлик гүлдүн астындагы көмүр чогу сыяктуу күчтүү отту тутандыра албайт. Ал тез арада кулап калышы мүмкүн, демек, күчтүн өзүн гана башкаруунун негизи кылууга эч бир далил жок. Негизги иш — коомдун абалын изилдеп, элге жетүүнү кепилдей турган фикирлер менен услубдарды издеп табуу, коомдун жана мамлекеттин багытын көзөмөлдөп турган тышкы тоскоолдуктарды жана таасирлерди чагылдырып чыгуу жолу менен гана шаръий легитимдүүлүк жана жалпы ыраазычылык жок абалда ачык күчкө б.а зордукка жана мажбурлоого таянуунун муктаждыгы калбайт.

Ошондой эле үммөттүн жашоого болгон көз карашын негизге алуу, анын материалдык жана идеялык күчүн ойготуп, мамлекетти өз өлчөмдөрүнө ылайык тургузууга түрткү берүү зарыл. Муну ишке ашырганда үммөт туруктуу колдоого ээ болуп, мамлекеттин негизги түркүктөрүн бекемдеп, анын ажыроосуна же алдамчылык менен багытталышына жол бербейт.

Ишенимдүү жыйынтык:

Демек, туруктуулук жана тоскоолдуктагы чечүүчү фактор катары коомдун тиреги «бийлик шариатка, ал эми жетекчилик үммөткө таандык» деген негизде башкаруучу менен калктын ортосундагы мамилени так орнотууга көз каранды. Элдик тирек саясий жана фикирий күрөш, ошондой эле нусрат талап кылуу аркылуу ишке ашат. Ошондо мамлекет курал-жарагына эмес, өз калкынын аң-сезимине таянып корголот, чет элге таянуу эшиги жабылат жана бийликти элден бөлүүнү пландагандардын айла-амалдары иштен чыгат.

Батыш теорияларындагы түзүлүш салмактары менен кыскача салыштыруу.

Батыш теориялары түзүлүш салмактарына көңүл бурат: Батыш күчтү география, материалдык мүмкүнчүлүк, институттар жана рухийлик комплексинде өлчөйт. (Клаузевиц: «рухийлик», Махан: «деңиз», Макиндер: «жердин жүрөгү», Уолтз: «эл аралык түзүлүш», Най: «жумшак күч»).

Исламий түзүлүш бул элементтердин салмагын четке какпайт, бирок ага «милдеттендирүүчү негизди» кошот: максаттар жана

каражаттар вахийдин максаттары жана жоболору менен чектелет. Натыйжада мыйзамдуулук менен натыйжалуулукту тең салмактаган «мыйзамдашкан күч теңдемеси» жаралат.

Амалий натыйжа:

Бул чектөө тоскоолдук эмес, тескерисинче, негиздөөчү артыкчылык болуп саналат. Ал чечимди бузуудан коргойт, мыйзамдуулукту бекемдейт, мамлекетке материалдык тоскоолдук куралдарын бере албаган туруктуу мобилизациялык тереңдикти тартуулайт жана бийликтин ички чыгымын азайтат, анткени ал мажбурлоого эмес, ыйтикодго негизделген кабыл алууга таянат.

Корутунду:

Эгер үстөмдүк берген негиздер т.а. бийлик шариатка, жетекчилик үмөткө таандык, бир халифа, байъат жолу, шариат менен чектелген табанний кылуу укугу, мыйзам чыгарууда толук көз карандылык, дааватты көтөрүп чыгуу, аткаруучу таянычтар бекем, фикир, башкаруу, казыят, экономика, катуу күч, жумшак күч, коом жана география түз жана туруктуу болсо, анда мамлекетти ыдыроодон сактай турган иммунитет калыптанат, сырттан кирип келүүчү бардык жолдор жабылат. Ошондой эле аны башка түзүмдөрдөн айырмаланып турган шаръий легитимдүүлүк менен артыкчылыгын камсыз кылат. Бул болсо ички жана тышкы чөйрөдө бирдей деңгээлде чыгымы аз, өмүрү узун жана таасири күчтүү болгон түзүмдү пайда кылат.

Ислам мамлекетинин тикеленишине таяныч нуктасы боло ала турган мамлекет үчүн шарттар:

Мусулман Аллах түшүргөн низомдор менен өкүм жүргүзүү намаз сыяктуу эле фарз экенин билүүгө тийиш. Анын үммөт үчүн олуттуулугу анын мамлекет ичинде шариат негизинде өкүм чыгарууну ыймандын тазалыгына байлап койгонунан көрүнөт. Анткени Аллах түшүргөн низомдор менен өкүм жүргүзүү — исламий шариатты турмушта, коомдо жана мамлекетте ишке ашырат. Дин болсо адамдар өз жашоосунда анын өкүмдөрүн милдеттүү түрдө колдонуу үчүн түшүрүлгөн.

﴿كَانَ ٱلنَّاسُ أُمَّةً وَٰحِدَةً فَبَعَثَ ٱللَّهُ ٱلنَّبِيِّـۧنَ مُبَشِّرِينَ وَمُنذِرِينَ وَأَنزَلَ مَعَهُمُ ٱلۡكِتَٰبَ بِٱلۡحَقِّ لِيَحۡكُمَ بَيۡنَ ٱلنَّاسِ فِيمَا ٱخۡتَلَفُواْ فِيهِۚ﴾

***“****(Алгач)* ***адамдар бир жамаат-үммөт эле. Кийин*** *(араларындда келишпөөчүлүктөр пайда болгон соң)* ***Аллах*** *(момундарга)* ***кубандыруучу кабар жеткирген,*** *(кафирлерди тозок азабынан)* ***эскертүүчү пайгамбарларды жиберди. Аларга кошуп адамдардын ортосунда чыккан тартышууларга өкүм кылуу үчүн акыйкат менен Китепти түшүрдү”.*** (Бакара: 213).

Бул аяттагы لِيَحۡكُمَ بَيۡنَ ٱلنَّاسِ деген ибарадагы لام– таълил ламы себепти түшүндүүрүчү. Демек, пайгамбарларды жиберүүнүн эң негизги максаттарынын бири — элдер үчүн сүйүнчү жана эскертүү болуу менен бирге аларга Китеп түшүрүлүп, адамдардын ортосунда өкүм жүргүзүп, жашоосун оңдоо, бардык иштерде акыйкат жана адилет үстөм болушу үчүн, ошондой эле кафирлердин сөзү төмөн болушу үчүн жиберилген.

Демек, бул өкүмдөрдү турмушта колдонуу — шариаттын эң улук максаты, Расул ﷺ жиберилүүсүнүн максаты, Китеп түшүүсүнүн максаты диндин бекем пайдубалы. Адамдардын жашоосунда бул өкүмдөрдү орнотуу эң улук фарздардан болуп саналат.

Ислам түшүнүгүндө мамлекет жөн гана административдик бийлик же элдин иштерин уюштурган бюрократиялык аппарат эмес. Ал — так бир ыйманий негизге таянган, Роббаний дааватты көтөрүп чыккан саясий-легитимдүү түзүлүш. Ал исламий шариаттын бардык турмуш тармактарындагы өкүмдөрүн колдонууга байланышкан так талашсыз өкүмдөр менен алардын жемиштеринин ортосундагы бекем байланыш: мында укуктардын берилиши, адилеттиктин орнотулушу, коопсуздуктун жайылышы, иштердин камкордук менен жүргүзүлүшү, маслахаттардын келиши жана коомдо баалуулуктардын орнотулушу жатат.

Мындай шартта исламий адаттар коомду каптап, үстөм болот, зулум жана негизсиз басым, бузукулук жана тартипсиздик тыйылып, токтотулат. Булардын бар болушу мамлекеттин барлыгына байланыштуу, мамлекет жок болгондо булардын да барлыгы жоголот.

Мамлекетти жашоодо экинчи даражадагы кошумча өкүм катары кароо, же ал тарыхый шарттардын убактылуу таасири менен гана түзүлгөн деп ойлоо, же аны кайра орнотууну азыркы саясий жана экономикалык кризистерди чечүү, коомдун жашоосун оңдоо үчүн жөн эле бир вариант же реакция катары көрүү өтө чоң жаңылуу болуп эсептелет. Тескерисинче, аны орнотуу фарздарды сактап кала турган фарз катары каралууга тийиш, анткени жашоодо Исламдын бар болуусу анын барлыгына көз каранды.

Расул ﷺ: الإمامُ جُنَّةٌ يُقاتَلُ من ورائه ويُتَّقى به

**«Имам – бул калкан анын артында туруп согушулат жана аны менен коргонулат»,** - деп айткан. Ошондуктан аны орнотуу толук дааватты, фикирий, саясий күрөштү камтыйт жана коомдук пикирдин жемиши болушу зарыл, бул жолду шариаттын бекем өкүмдөрү, өзгөрүлгүс Роббаний суннаттар жана аныкталган коомдук мыйзамдар башкарып турат. Ал болсо так бир аслый фикрат негизиндеги ыймандын жыйынтыгы. Ал Аллахтын жер үстүндө адамдарды халифа

кылуу негизинен келип чыгат, асмандар жана жер анын үстүнө тургузулган «зулумду жок кылуу» деген Роббаний пайдубалдын уландысы болуп эсептелет. Бул болсо шариат татбик кылынмайынча ишке ашпайт. Ошондо гана жеке адамдардын зулумдан алыс болуусунан тартып, мамлекет бүтүндөй калктын үстүндөгү зулумду токтотуусуна чейин барат. Ошондо көздөлгөн максат аткарылат жана Исламдын бекем туткасы (мамлекети) калган бардык тармактарын бири бирине бекем байланыштырат. Аны үзүп алуу башка тармактарын бирден-бирден үзүүгө алып келет. Мунун баары мамлекетти орнотуу буйруктарынын өзөгүндөгү эң борбордук жана абдан маанилүү маселе экенин бекем ырастайт.

[Уландысы бар]. ❑

# ИСЛАМ ДҮЙНӨСҮНДӨГҮ КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮ КРИЗИСТЕРИ

**Айша аз-Зуатари – Берекелүү Палестина жери**

Ислам дүйнөсү азыркы кезде эң катуу азап тартып жаткан маселелердин бири – негизги кызматтарды камсыз кылуу кризиси. Бул кызматтарга суу, күйүүчү май, электр энергиясы, инфраструктура, коомдук жайлар, саламаттыкты сактоо жана билим берүү сыяктуу кызматтар кирет. Булардын баары татаал кризистерге айланып, аларды чечүү оор абалга жеткен!

Көзгө урунарлык жагдай: бул кризистер күчөп, өкмөттөр же күчсүздүгүнөн, же каалабагандыктан аларды чечүүгө аракет кылбайт. Учурда Ислам дүйнөсү бардык түрдүү байлыктардын жана ресурстардын чоң кампасы болуп саналат. Бул ресурстар өлкөлөрдүн баарына ар кандай көлөмдө жана түрдө бөлүштүрүлгөн. Ошондуктан Ислам дүйнөсүндө ресурстарга жана байлыктарга ээ болбогон мамлекет жок. Натыйжада бул өлкөлөрдүн абалы дээрлик бирдей. Ресурстарга жана байлыктарга мол болуп туруп кызматтык кризистерден азап тартып жатышат! Демек, чындыгында бул көйгөйлөр «чыныгы кризис» эмес, аларды тез арада чечүү мүмкүн маселелер.

Алгач белгилеп кетүү зарыл, азыркы тарыхта кризистердин жайылышы жалпы көрүнүш болуп калды, ал бир гана Ислам дүйнөсүнө тиешелүү эмес. Бул кызмат көрсөтүүлөргө да, башка тармактарга да тиешелүү. Себеби дүйнө жүзүнө капиталисттик мабда үстөмдүк кылууда. Белгилүү болгондой, кризистер капитализмдин ажырагыс белгиси болуп саналат. Алар бул мабданын табиятынан жана колдонулушунан автоматтык түрдө келип чыгат. Бул жагдайды тастыктаган тарыхый окуялар абдан көп.

Айтор, капиталисттер кризистерди атайылап жаратышат, бул алар колдонгон колониялдык ыкма болуп, саясатта, экономикада жана бардык чөйрөлөрдө өз кызыкчылыктарын камсыздоо үчүн колдонулат. Мисалы, саясат чөйрөсүндө алар белгилүү бир доордо «креативдүү башаламандык» деген ат менен бир план ойлоп табышкан, ал саясий кызыкчылыктарын камсыз кылуу үчүн түзүлгөн. Бул саясат төңкөрүштөрдү, жаңжалдарды жана режимдерди башаламан кылуу аркылуу аймактагы таасирин күчөтүүгө багытталган. Бул — ушул принциптин ишке ашуусу үчүн көйгөйлөрдү жана кризистерди ойдон жаратуу практикасынан алынган. Алар үчүн бул мыйзамдуу жана кеңири тараган көрүнүш.

Ал эми негизги кызматтардын кризистери тууралуу айтсак, кызматтарды камсыз кылуу көп учурда өлкөнүн ички саясаты болуп саналат, кээде болсо эки өлкөнүн ортосундагы жалпы суу жолдору сыяктуу тышкы саясат маселесине кирет. Бирок колонизатор мамлекеттер бул маселелерди эл аралык укуктун аймагына өткөрүп, аларды эл аралык мекемелерге жана уюмдарга ыйгарышкан. Мунун эң көрүнүктүү мисалы Бириккен Улуттар Уюмунун карамагындагы азык-түлүк, саламаттык сактоо, билим берүү, айыл чарба ж. б. уюмдар. Бул уюмдар дүйнөдөгү маселелерге эч качан чыныгы чечим сунуштаган эмес, алардын иши көбүнчө жалган ураандарды жана адамгерчиликти талап кылган программаларды өткөрүү менен чектелип, чындап алганда мамлекеттердин ички иштерине кийлигишүүгө уруксат берилген колониялдык курал болуп саналат. Алар билим берүү, азык-түлүк, дары-дармек укуктары үчүн кыйкырып, айлана-чөйрөнү сактоо, саламаттык сактоону камсыз кылуу, ачарчылыкты жоюу, суу, токой жана балык ресурстарын башкаруу, өлкөлөргө кызматтарды көрсөтүүгө жардам берүү сыяктуу маселелерди көтөрүп чыгышат. Бирок, алар иш жүзүндө дээрлик эч нерсе жүргүзүп жатышкан жок. Алардын негизги иши — өлкөлөрдүн ички абалдары жана экономикалык ресурстары боюнча отчетторду даярдоо гана. Мындан тышкары, алар коомдорду талкалоочу жана колониялдык идеологиялык-саясий программаларды жайылтуучу негизги платформа катары кызмат кылат.

Мындан тышкары, ички экономикалык иштерге кийлигишүүгө жана мамлекеттер аткарууга милдеттүү болгон чечимдерди таңуулоого укуктуу эл аралык уюмдар – Эл аралык Валюта Фонду жана Дүйнөлүк Банк бар. Булардын карыздарын алган мамлекеттер ички саясатына жана экономикасына байланышкан катуу шарттарга баш ийүүгө аргасыз болушат. Чынында бул шарттар мамлекеттин экономикалык кризистерин чечүүгө тоскоолдук кылат, тескерисинче аларды ого бетер күчөтөт.

Мисалы, араб жана Ислам дүйнөсүндө Эл аралык Валюта Фондунан эң көп карыз алган өлкөлөрдүн бири болгон Мисир узак жылдардан бери фондго таянып келгенине карабастан, бүгүн өтө курч экономикалык кризиске кабылган. Бирок, анын экономикасы оңолгондун ордуна, абалы ого бетер начарлап кеткен. Фонддун Мисирге койгон шарттары өлкөнүн ушундай кыйын абалга кептелүүсүнө себеп болду. Фунттун эркин агымы (свободное плавание), энергия жана негизги товарларга болгон субсидияны алып салуу, баалардын көтөрүлүшү, салыктардын көбөйүшү, мамлекеттик

активдерди менчиктештирүү ж.б. мунун баары инфляциянын күчөшүнө алып келди.

Башка жактан болсо, колонизатор мамлекеттер ресурстарга түз же кыйыр байланышкан келишимдерди киргизишти. Түздөн-түз байланышкан келишимдерге мисал катары суу ресурстары боюнча келишимдерди айтууга болот. Алардын негизинде бир нече мамлекетке тиешелүү дарыяларды «адилеттүү пайдалануу» маселесин жөнгө салуу шылтоосу менен башкарышат. Ал эми кыйыр байланышкан келишимдерге климат, глобалдык жылуулук жана өнөр жай келишимдери кирет. Бул келишимдер өлкөлөрдүн ички же тышкы иштерине таңууланган чечимдер болуп эсептелет, а чынында болсо алар колониялдык куралдан башка эч нерсе эмес.

Демек, ири капиталисттик державалар эл аралык укук, анын уюмдары жана келишимдери аркылуу мамлекеттердин ички иш-аракеттерине, анын ичинде кызмат көрсөтүүлөргө да кийлигишти. Бул кийлигишүү маселелерди ого бетер курчутуп, татаалдаштырып жиберди. Натыйжада дүйнөдөгү бардык өлкөлөр азыктануу, саламаттыкты сактоо, билим берүү жана башка тармактарда ар кандай деңгээлде кризистерге туш болуп келишет. Жана бул тармактарда эң көп жабыр тарткан мамлекеттер дал Ислам дүйнөсүнө караштуу мамлекеттер болуп саналат.

Ислам дүйнөсүндөгү бул кризистердин дагы айрым түпкү себептери бар. Алардын катарына элдин иштерин мамлекеттердин туура эмес башкаруусу, ресурстарды жана байлыктарды туура эмес пайдалануу, ой жүгүрткөн акыл ээлеринен баштап адистерге жана жумушчу күчүнө чейинки адамдык потенциалды туура эмес багуу кирет. Булардын баары адилеттүү исламий түзүмдүн ордуна куфр түзүмдөрү колдонулуп жатканынан келип чыгууда. Ислам түзүмү болсо халифке өзүнүн үммөтүнүн иштерине толук кам көрүп, аларды башкарууну жана мүмкүнчүлүгү жеткенче алар үчүн кадыр-барктуу жашоону камсыздоону милдеттендирет. Ушуга мисал катары мусулмандардын халифасы Умар ибн аль-Хаттаб өзүнүн халифалык мезгилинде: «Эгерде Иракта бир эшек мүдүрүлүп кетсе, Кыямат күнү Аллах мага: “Эмне үчүн ага жолду түздөп бербедиң, оо, Умар?” - деп сурашынан коркомун», - деген.

Мындан тышкары себептердин бири — үммөттүн душмандарына кызмат кылган кыянатчы диктаторлордун бийликке келиши жана мусулман өлкөлөрүн Батышка тапшырып, анын байлыктарын жана казыналарын талап-тоноп бериши. Алар коомдорду кризистерге чөктүрүп, элдерди өзгөрүү жана үммөттүн бийлигин кайрадан

калыбына келтирүү жолунан чалгытып, өздөрүнүн колонизатор кожоюндарынын ыраазылыгын алууга умтулуп келишет.

Эгерде Ислам өлкөлөрүнүн байлыктары жана ресурстары тууралуу кененирээк сөз кыла турган болсок, алар өтө көп жана түрдүү экендигин көрөбүз. Алар элге жогорку деңгээлдеги кызматтарды көрсөтүүгө жетиштүү, адамдарга барктуу жашоо укугун камсыздап, алардын татыктуу жашоосун сактап берүүгө толук жарактуу. Бирок жогоруда айтылган себептерден улам бул байлыктар элге токчулук жана молчулук алып келүүнүн ордуна кризистерди пайда кылат. Өзгөчө жер астындагы байлыктар кыянатчы өкүмдарлар тарабынан колонизаторлорго берилет, алар болсо аларды пайдаланып, өз көзөмөлүнө алышат.

Ислам өлкөлөрүнүн байлыктарына мисал катары суу ресурстарын келтирүүгө болот. Биздин өлкөлөр жер үстүндөгү сууларга да, жер алдындагы суу ресурстарына да абдан бай. Ошого карабастан, ичүүгө жарактуу суу тартыштыгы бар, бул дээрлик жалпы өлкөлөрдөгү маселе болуп эсептелет. Маселен, Мисир жана Судан ичүүгө жарактуу суунун тартыштыгынан азап тартып, суунун жетишсиздигинен катуу жапа чеккен аймактардын катарына кирүү коркунучунда турушат. Бул абалды – алар аркылуу өтүп жаткан Нил дарыясы болгонуна карабастан – көрүп жатабыз! Бирок, бул кризис Эфиопиянын «Нахда» тосмосунан улам келип чыккан, ушул себептен алардын үлүшү адилетсиз түрдө азайып калды. Мындан тышкары, Нил дарыясынын суусу химиялык калдыктар, айыл чарба калдыктары жана канализация булганычтары менен булганып жатат. Ал эми эки өлкөнүн өкмөттөрү бул булганууну алдын алуу же аны тазалоо иштерин жүргүзүшпөйт. Эгерде чыныгы кам көрүү жана акылдуу башкаруу болсо, бул иштерди аткаруу толук мүмкүн.

Мындан тышкары, эки өлкөнүн тең колонизаторлордун план-проекттерине баш ийиши кризисти ого бетер тереңдетти. Маселен, Судандагы жарандык согуш АКШнын агенттери тарабынан башкарылып жаткан согуш болуп, өлкөдөгү ичүүгө жарактуу суу кризисин өтө чоң масштабга жеткирди.

Мисалы, таштанды маселеси – Ливандагы эң көрүнүктүү экологиялык кризистердин бири. 2015-жылы бул кризис чыдагыс деңгээлге жеткенде элдик нааразылыктар көтөрүлүп, аны чечүүнү талап кылышкан. Бирок дүйнөдөгү өнүккөн өнөр жай технологиялары таштандыларды, мисалы, энергия өндүрүү үчүн колдонуп келет. Бул тармакта алдыңкы мамлекеттердин бири – Швеция. Ал энергия өндүрүшү үчүн таштандыларды сырттан алып келет.

Дагы бир мисал – азык-түлүк кризиси. Ислам өлкөлөрү мал чарбачылыгы менен айыл чарба ресурстарын туура пайдалануу жана адамдык потенциалды айыл чарба өндүрүшүнө жана азык-түлүк өнөр жайына багыттоо аркылуу бүтүндөй дүйнөнүн муктаждыгын камсыздай турган деңгээлде азык өндүрүүгө жөндөмдүү. Бирок, ошого карабастан бүгүнкү күндө мусулмандар жакырчылык жана ачарчылыктан азап тартып жатышат.

Жыйынтыктап айтканда, мусулман өлкөлөрүндөгү кызматтык кризистердин чыныгы себеби – алардын башкаруу системалары жана колонизаторго баш ийүүсү. Бул кризистердин түпкү дабаасы – Ислам мамлекетинин орнотулушу. Ошол мамлекет гана адамдарга кадыр-барктуу жашоону камсыз кылып бере алат. А түгүл сел, жер титирөө, кургакчылык сыяктуу табигый кырсыктар болгон учурда да Ислам мамлекети колдонгон экономикалык система адамдар муктаж болгон бардык кызматтарды сөзсүз татыктуу деңгээлде камсыз кылып берет.❑

## ШАРИЯТ КӨЗ КАРАШЫНДАГЫ ХИЗБИЙ ИШ АЛЫП БАРУУ

**Фади Салмий – Йемен вилаяты**

«Хизб» сөзүнүн лугавий мааниси:

Тил аалымдарынан жана лугавий сөздүктөрдөн алынган маалыматка ылайык араб тилиндеги «حِزْب – хизб» сөзүнүн бир нече мааниси жана колдонулушу бар.

Негизги тилдик мааниси:

Асылында «хизб» сөзү бир пикирге же бир максатка бириккен адамдардын жамааты дегенди билдирет. Ибн Фарис «Макайисул-лугада» мындай дейт: الحِزْب: الجماعة من الناس، وأصله من الاجتماع والالتئام. Хизб – адамдардан түзүлгөн жамаат, анын негизи — жыйналуу жана биригүү.

Ал эми Жавхари «Ас-Сихах» китебинде мындай дейт: الحِزْب: الطائفة من الناس، وجمعها أحزاب. Хизб – адамдардын бир тайпасы, анын көптүк түрү - “ахзаб”.

«Хизб» сөзүнүн башка маанилери:

Бөлүк, үлүш: هذا حِزْبي من الأمر - бул – менин үлүшүм.

Убакыт же ирет: قرأت القرآن في حِزْبٍ من الليل - Куранды түндүн бир хизбинде окудум, б.а бир бөлүгүндө.

Китеп же белгилүү бөлүк: حِزْب القرآن - Курандын хизби б.а. окуу үчүн белгиленген Курандын бөлүгү.

«Хизб» менен «Хазаб»дын айырмасы:

حِزْب - хизб – ха тамгасы касра менен, зай тамгасы сукун менен: «жамаат, топ» дегенди билдирет.

حزَب – хазаба – ха жана зай фатха менен: «жыйнады, ишти бекитти» дегенди билдирет.

«Хизб» сөзүнүн истилахтагы (терминологиядагы) маанилери:

«Хизб» сөзү ар кандай тармакка жараша түрдүү мааниге ээ болот (саясий, шаръий, суфийлик, коомдук ж.б.).

Саясий истилахтагы (азыркы түшүнүктөгү) «хизб». Аныктамасы: жалпы идеологиясы же программасы бар уюшулган жамаат; бийликке катышууну же саясий чечимдерге таасир кылууну көздөгөн уюшуу.

Өзгөчөлүктөрү: анын уюштуруучу түзүлүшү жана жетекчилиги бар. Бийликке жетүүнү же ага көзөмөл жүргүзүүнү көздөйт.

Тасаввуф жана ибадаттагы «хизб»: суфийлик «ахзаб» – белгилүү бир суфий тарикатына таандык жалпы ураддар жана зикрлер. (Мисалы, аш-Шазилинин «Хизбул-бахр» – «Деңиз хизби»). Алар саясий уюшуудан алыс руханий жамаат болуп эсептелет.

Адамдык ижтимадагы «хизб»: Ибн Халдундун «Мукаддимасында»: «хизб» – бир туугандык (тек-урук) же кызыкчылыктар менен бириккен жамаат, мисалы, уруулук же аскердик негизде бириккен топтор.

Шаръий истилахтагы «хизб»: белгилүү бир манхаж негизинде бириккен жамаат же топко карата айтылат, ал акыйкат үстүндө болобу же жокпу, айырмасы жок. Анын өкүмү максатына жана шариатка шайкештигине жараша айырмаланат.

Хизбдин шарият боюнча аныктамасы: шаръий истилахта «хизб» – бул белгилүү бир манхаж же фикир негизинде уюшкан жамаат. Ал шариатка ылайык болушу мүмкүн же ага каршы да болуусу мүмкүн. Бул аныктама Куран жана Сүннөттөгү насстарга жана салафус салихиндердин түшүнүгүнө таянат.

Шарияттагы хизбдердин бөлүнүшү:

Аллахтын хизби (ахлул-хакк). Алар – Аллахтын Китебин жана Анын Элчисинин ﷺ Сүннөтүн ээрчиген момундар, бидъаттардан жана адашуулардан алыс болгондор.

Алардын сыпаттары: бидъат кылбай, Сүннөттү ээрчүү; бөлүнбөстөн акыйкат үстүндө биригүү; Аллахка, Анын Элчисине ﷺ жана момундарга вала кылуу (берилүү, дос болуу).

Аллах Таала айтат:

﴿وَمَن يَتَوَلَّ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ فَإِنَّ حِزۡبَ ٱللَّهِ هُمُ ٱلۡغَٰلِبُونَ ٥٦﴾

***“Кимде-ким Аллахты, Анын пайгамбарын жана момундарды дос тутса** (нажат табат)**, анткени Аллахтын жамааты гана жеңүүчүлөр”.*** (Маида: 56).

Шайтандын хизбдери (ахлу-л-батыл): бидъатчылар, нафсын ээрчип кеткендер жана адашкан фиркалар сыяктуу Куранга жана Сүннөткө каршы чыккан ар кандай жамаат.

Алардын сыпаттары: динде бидъат кылуу; бөлүнүү жана пикир келишпестик; дин душмандарын дос тутуу.

Аллах Таала айтат:

﴿ٱسۡتَحۡوَذَ عَلَيۡهِمُ ٱلشَّيۡطَٰنُ فَأَنسَىٰهُمۡ ذِكۡرَ ٱللَّهِۚ أُوْلَٰٓئِكَ حِزۡبُ ٱلشَّيۡطَٰنِۚ أَلَآ إِنَّ حِزۡبَ ٱلشَّيۡطَٰنِ هُمُ ٱلۡخَٰسِرُونَ ١٩﴾

***«Аларды шайтан ээлеп алып, аларга Аллахты эстөөнү унуттурду. Мына ошолор шайтандын топтору. Байкагыла, албетте шайтандын тобу зыян көрүүчүлөр».*** (Мужадала: 19).

Шарият боюнча туура хизбдин шарттары: Куран менен Сүннөткө бекем кармануу; жакшылыкка чакырып, жамандыктан кайтаруу; бөлүнүп-жарылбоо жана бидъат менен өзгөчөлөнбөө; күнөө менен

душмандыкта эмес, жакшылыкта жана такыбалыкта кызматташуу; асабийликке негизделген жаман партиялуулуктан алыс болуу.

Курандагы حزب – хизб сөзү камтылган аяттар.

«Хизб» жана анын туундулары Курани Каримде бир нече жерде келген. Көп учурда бул сөз союздашкан же атаандашкан топтор тууралуу айтылган, алар кээде акыйкаттын хизби, кээде батылдын хизби болуп сүрөттөлөт. Хизб сөзү түздөн-түз келген айрым аяттар:

Маида сүрөсү, 56-аят:

﴿وَمَن يَتَوَلَّ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ فَإِنَّ حِزۡبَ ٱللَّهِ هُمُ ٱلۡغَٰلِبُونَ﴾

***“Кимде-ким Аллахты, Анын пайгамбарын жана момундарды дос тутса*** *(нажат табат)**, анткени Аллахтын жамааты гана жеңүүчүлөр”***.

Мааниси: Аллахтын хизби болгон момундар жеңишке жетерин баяндоо.

Мужадала сүрөсү, 19-аят:

﴿ٱسۡتَحۡوَذَ عَلَيۡهِمُ ٱلشَّيۡطَٰنُ فَأَنسَىٰهُمۡ ذِكۡرَ ٱللَّهِۚ أُوْلَٰٓئِكَ حِزۡبُ ٱلشَّيۡطَٰنِۚ أَلَآ إِنَّ حِزۡبَ ٱلشَّيۡطَٰنِ هُمُ ٱلۡخَٰسِرُونَ﴾

***«Аларды шайтан ээлеп алып, аларга Аллахты эстөөнү унуттурду. Мына ошолор, шайтандын топтору. Байкагыла, албетте шайтандын тобу зыян көрүүчүлөр»***.

Мааниси: шайтандын хизбинен (кафирлер жана мунафыктардан) сактанууга эскертүү жана алардын зыянга учурашын баяндоо.

Рум сүрөсү, 32-аят:

﴿مِنَ ٱلَّذِينَ فَرَّقُواْ دِينَهُمۡ وَكَانُواْ شِيَعٗاۖ كُلُّ حِزۡبِۭ بِمَا لَدَيۡهِمۡ فَرِحُونَ﴾

***«Алар*** *(мушриктер)* ***диндерин бөлүп, бөлөк-бөлөк болуп алышкан. Ар бир бөлүк өз алдыларындагы нерсе менен шат - курсант».***

Мааниси: динди бөлүп, талашып-тартышкан хизбдерди айыптоо.

Момундар сүрөсү, 53-аят:

﴿فَتَقَطَّعُوٓاْ أَمۡرَهُم بَيۡنَهُمۡ زُبُرٗاۖ كُلُّ حِزۡبِۭ بِمَا لَدَيۡهِمۡ فَرِحُونَ﴾

***«Андан соң,*** *(адамдардын)* ***иштерин*** *(тактап айтканда диндерин)* ***бөлүктөргө бөлүп жиберишти. Ар бир топ өз алдыларындагы нерсе*** *(дин)* ***менен курсант».***

Мааниси: Рум сүрөсүндөгүдөй эле, бөлүп-жарууну жана батыл жолдогу хизбдерди айыптоо.

Анбия сүрөсү, 92-аят:

﴿إِنَّ هَٰذِهِۦٓ أُمَّتُكُمۡ أُمَّةٗ وَٰحِدَةٗ وَأَنَا۠ رَبُّكُمۡ فَٱعۡبُدُونِ﴾

***«****(Эй инсандар)****, силердин диниңер чындыгында бир дин*** *(Ислам)****. Мен болсо*** *(бардыгыңардын)* ***Роббиңермин. Демек, Мага гана сыйынгыла!»***

Контексти: мурунку аяттарда туура эмес жолдогу хизбдер айыпталгандан кийин бул аят үммөттүн биримдигине басым жасоодо.

Ахзаб сүрөсү (толугу менен бир сүрөнүн аты): бул сүрө «Ахзаб» деп аталды, анткени Курайш, Гатафан жана яхудийлерден түзүлгөн ахзаб (союздашкан топтор) мусулмандарга каршы Хандак согушунда биригишкен. Бул Аллахтын сөзүндө баяндалат:

﴿وَإِذۡ زَاغَتِ ٱلۡأَبۡصَٰرُ وَبَلَغَتِ ٱلۡقُلُوبُ ٱلۡحَنَاجِرَ وَتَظُنُّونَ بِٱللَّهِ ٱلظُّنُونَا۠ ١٠ هُنَالِكَ ٱبۡتُلِيَ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ وَزُلۡزِلُواْ زِلۡزَالٗا شَدِيدٗا ١١﴾

***«Ошондо көздөр тунарып, жүрөктөр алкымдарга тыгылып калган эле жана силер Аллах жөнүндө*** *(түрдүү)* ***ой жоруй баштаган элеңер. Дал ошол жайда момундар*** *(дагы бир ирээт)* ***сыналышты жана*** *(бул коркунучтан)* ***катуу зилзала – титирөөгө түшүштү».*** (Ахзаб: 10–11).

Жогорудагы аяттардын тафсири.

Маида сүрөсүнүн 56-аятынын тафсири:

﴿وَمَن يَتَوَلَّ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ فَإِنَّ حِزۡبَ ٱللَّهِ هُمُ ٱلۡغَٰلِبُونَ﴾

***«Кимде-ким Аллахты, Анын пайгамбарын жана момундарды дос тутса*** *(нажат табат)****, анткени Аллахтын жамааты гана жеңүүчүлөр».***

Жалпы мааниси: бул аят Аллахты, Пайгамбарын ﷺ жана момундарды дос кылган ар бир адам сөзсүз жеңишке жетерин баяндоодо, анткени алар – «Аллахтын хизби». Ал эми Аллахтын душмандары менен дос болгон адамдар сөзсүз жеңилет. Бул аят мунафыктарга жана яхудийлерге жооп иретинде түшкөн, анткени алар мусулмандарга каршы биригишкен.

Тафсилий тафсирлер:

А) Табари (Жамиул-Баян):

Аят мунафыктар жөнүндө түшкөн, анткени алар яхудийлерди дос тутушкан. Бул аят алардын адашуусун ачып, чыныгы достук Аллахка, Пайгамбарына ﷺ жана момундарга тиешелүү экенин тастыктайт. «Аллахтын хизби» – Аллахка моюн сунгандар, алар душмандарын жеңишет.

Б) Ибн Касир (Тафсирул-Куран-ил-Азийм):

Аллах момундарды дос кылууга жана кафирлерден алыстоого буйрук кылган. Ал тургай, алар туугандар болсо да, кафир менен достукка тыюу салынат. «Галаба» – дүйнөдө жеңишти, акыретте бейишти билдирет.

В) Куртуби (Жамиу Ахкамил-Куран):

Аллахты дос кылуу – Анын Шариатынан баш тартпай, аны толук аткаруу. Пайгамбарды ﷺдос кылуу – анын Сүннөтүн ээрчүү. «Аллахтын хизби» – бул Сүннөт жолунда болгон адамдар, ал эми адашкан топтор ага кирбейт.

Г) Саъдийдин тафсири (Тайсируль-Каримир-Рахман):

Аят момундарды дос-байланышты (валая) нафсинин каалоосуна жараша эмес, акыйкатка жараша тандоону үйрөтөт.

«Галаба» (үстөмдүк) бул жерде эки түрдүү. Маанавий үстөмдүк: далил менен, хидаят менен болот. Материалдык үстөмдүк: душмандарды ачык жеңүү менен болот.

Аяттан алынуучу маанилер:

Момундарды дос кылуу – улуу фарз. Кафирлер менен достукту үзүү – фарз. Тообо сүрөсүнүн 23-аятында айтылгандай, а түгүл алар ата-эне же балдар болсо да мамилелерди үзүү фарз болот.

Чыныгы үстөмдүк момундарга таандык, ал кечиксе да, сөзсүз келет. Бул – Аллахтын убадасы.

Исламга каршы түзүлгөн союздардан жана кафирлерди дос тутуудан катуу эскертүү.

Кийинки аяттын тафсири:

﴿ٱسۡتَحۡوَذَ عَلَيۡهِمُ ٱلشَّيۡطَٰنُ فَأَنسَىٰهُمۡ ذِكۡرَ ٱللَّهِۚ أُوْلَٰٓئِكَ حِزۡبُ ٱلشَّيۡطَٰنِۚ أَلَآ إِنَّ حِزۡبَ ٱلشَّيۡطَٰنِ هُمُ ٱلۡخَٰسِرُونَ﴾

***«Аларды шайтан ээлеп алып, аларга Аллахты эстөөнү унуттурду. Мына ошолор шайтандын топтору. Байкагыла, албетте шайтандын тобу зыян көрүүчүлөр».*** (Мужадала: 19).

Жалпы мааниси: бул аят шайтанга толук баш ийип калган бир топ адамдарды сүрөттөйт. Ал аларды азгырып, Аллахты эскерүүнү жана Анын жолун кармоону унуттурган. Натыйжада алар шайтандын хизби болуп калышты. Алардын акыбети – ачык-айкын жана катуу зыян.

Ибн Касир (Тафсирул-Куран-ил-Азийм):

استحوذ – «истахваза» - шайтан алардын жүрөктөрүн толук ээлеп, аларды туткун кылгандай абалга алып барды. الخسران – «хусран» - бул дүйнөдө адашуу, акыретте болсо катуу азап.

Бул топ – мунафыктар: сыртынан Исламды көрсөтүп, ичинен кафирликти карманган адамдар.

Табари (Жамиул-Баян):

«Шайтан аларды ээлеп алды» – демек, ал үстөмдүк кылып, аларды өзүнүн кулу кылып койду.

«Шайтандын хизби» – ким өзүнүн нафсисин ээрчип, Аллахка каршы чыкса, ал шайтандын хизбине кирет.

Куртуби (Жамиу Ахкамил-Куран):

Адам күнөө жана кайдыгерлик кылуу аркылуу шайтанга мүмкүнчүлүк берсе гана ал үстөмдүк кылаарын эскерткен. Демек, адам өзү кош көңүл болуп, күнөөгө батканда шайтан ага үстөм болот. Бул жерде «шайтандын хизби» – мурунку аяттагы «Аллахтын хизбине» (Мужадала сүрөсү, 22-аят) каршы коюлган.

Саъдий (Тайсируль-Каримур-Рахман):

Бул аят Аллахты эскерүүдө кайдыгер болуудан катуу эскертет. Ким Аллахты эстөөнү унутса, ал сөзсүз шайтанга баш иет.

«Хусран» (зыян тартуу): бул – ыйманды жоготуу, бакыттан айрылуу жана бейишке кирбей калуу.

Ибн Ашур (Тахрир ват-Танвир):

«Истахваза» – шайтан адамды акырындап ээлеп алуусу: адегенде азгыруу менен башталып, акырында кул кылып алууга чейин жетет. «Шайтандын хизби» мушриктерди, мунафыктарды жана бидъат ээлерин камтыйт.

Рум сүрөсү, 32-аятынын тафсири:

﴿مِنَ ٱلَّذِينَ فَرَّقُواْ دِينَهُمۡ وَكَانُواْ شِيَعٗاۖ كُلُّ حِزۡبِۢ بِمَا لَدَيۡهِمۡ فَرِحُونَ﴾

***«Алар** (мушриктер) **диндерин бөлүп, бөлөк-бөлөк болуп алышкан. Ар бир бөлүк өз алдыларындагы нерсе менен шат – курсант».***

Жалпы мааниси: бул аят мусулмандарды эскертүүдө: мушриктерге окшошпогула, алар өз динин бөлүп алып, ар түрдүү топторго жана хизбдерге айланышкан. Ар бир топ өзүндөгү жалган нерсе менен кубанып, аны акыйкат деп эсептешет. Бул аят динди бөлүп-жарууну, мазхабдык жана фиркалык ыдыроолорду айыптап жатат жана үммөттүн биримдигин бузган нерселерди сындап жатат.

Табари (Жамиул-Баян):

﴿مِنَ ٱلَّذِينَ فَرَّقُواْ دِينَهُمۡ﴾

***“Алар** (мушриктер) **диндерин бөлүп...”*** – сүйлөмү диндерин бөлүп алган адамдардан болбогула деген маанини берет. Сөз динин өзгөрткөн мушриктер жөнүндө. Алар Аллах түшүргөн диндин айрым бөлүгүн кабыл алып, айрымдарын четке кагышкан (яхудийлер жана насаралар сыяктуу) же таптакыр таштап салышкан.

﴿وَكَانُواْ شِيَعٗاۖ﴾

***“...бөлөк-бөлөк болуп алышкан...”***

Ар бир топ ар башка кудайга сыйынып калды (буттарга, жылдыздарга, отко ж.б.).

﴿كُلُّ حِزۡبِۢ بِمَا لَدَيۡهِمۡ فَرِحُونَ﴾

***“Ар бир бөлүк өз алдыларындагы нерсе менен шат – курсант.”*** Ар бир жамаат өзүнүн бидъаты менен сыймыктанып, өздөрүн туура жолдо деп эсептешет, бирок алардын баары адашууда.

Ибн Касир: Бул аят бардык батыл дин ээлерин камтыйт, яхудийлер, насаралар, мажусийлер жана буттарга сыйынуучулар кирет. Алар диндеринде бөлүнүп, топ-топ болуп кетишкен. Ошондой эле Ибн Касир бул аяттын мааниси мусулмандар арасындагы айрым фыркаларга да тиешелүү экенин айтат. Динде бөлүнгөндөрдүн ичинен Китепке жана Сүннөткө бекем карманган “Ахлю-ссунна вал-жамаа” гана нажат табуучу фырка экенин белгилейт.

Саъдий: Аят динде бөлүнүүнү кескин сындайт. Диндин негизи – таухид жана бир гана булак (Аллах жана Элчиси ﷺ) бар экенин белгилейт. Бирок адамдар пикир келишпестиктерде бири-бирине таянуу менен таасирленип, диний бутактарда (фуруъ масалаларда) ашыкча фанатизмге берилип кетсе, үммөттүн арасында чатак жана ыдыроо пайда болот деп эскертет.

Куртуби жана Багави: ﴿شِيَعًاۖ﴾ – ***“бөлөк-бөлөк”*** – бул өз ара душмандыкта болгон бөлүнгөн фыркалар. Мисалы, яхудийлер өздөрүн фарисийлер жана саддукийлер сыяктуу фыркаларга бөлүшкөн. Насаралар болсо несториандык, яъкубчулук ж.б. сыяктуу бөлүнүшкөн.

﴿فَرِحُونَ﴾ – ***“шат-курсант”*** – көтөрүп жүргөн райларына ашыкча суктануу, чыныгы акыйкатка каршы чыкса да өздөрүн туура жолдо деп эсептөө.

Сайид Кутуб (Физ-зилал): Бул аят бардык жахилия коомдорунун (мурунку жана азыркы) абалын чагылдырат. Алардын ар биринде жалган «кудайлар» арбын: нафсинин каалоосу, бийлик, байлык ж.б. Ислам болсо бирдиктүү манхажды жана максатты көздөйт. Бирок фыркалар жана хизбдер болсо тар кызыкчылыктарын жеңиш деп эсептеп, ага гана кубанып отурушат.

Тафсируль-Уасит: ﴿فَرَّقُوا دِينَهُمْ﴾ – ***“диндерин бөлүп”*** – динге жаңы бидъаттарды киргизип алышканын билдирет. Мисалы, периштелерге же авлияларга сыйынгандар. Алардын жалган нерсеге кубанышы – наадандык жана акыйкатка баш ийбөөнүн натыйжасы.

Эскертүү: ар бир диний бидъат, яхудийлик менен насронийликте болгону сыяктуу, үммөттү бөлүп-жарат.

Момундар сүрөсү, 53-аят:

﴿فَتَقَطَّعُوٓاْ أَمۡرَهُم بَيۡنَهُمۡ زُبُرٗاۖ كُلُّ حِزۡبِۭ بِمَا لَدَيۡهِمۡ فَرِحُونَ﴾

***«Андан соң,*** *(адамдар)* ***иштерин*** *(тактап айтканда диндерин)* ***бөлүктөргө бөлүп жиберишти. Ар бир топ өз алдыларындагы нерсе*** *(дин)* ***менен курсант».***

Жалпы мааниси: бул аят мурун бир динди туткан үммөттөрдүн кийин ар түрдүү топторго бөлүнүп, бири-бирине каршы турганын сүрөттөйт. Ар бир топ өз оюн, өз бидъатын туура деп эсептеп, ага кубанат. Бул эскертүү бөлүнүп-жарылуудан алыс болуу үчүн үммөтүбүзгө да тиешелүү.

Муфассирлердин баяндарынан:

Ибн Касир: ﴿فَتَقَطَّعُوٓاْ أَمۡرَهُم بَيۡنَهُمۡ زُبُرٗاۖ﴾ – ***“Иштерин бөлүктөргө бөлүп жиберишти”***, демек, алар яхудийлер, насаралар жана мажусийлер сыяктуу өз диндеринде ар түрдүү мазхабдарга бөлүнүп кетишти. Ошентип, ар бир топ өзүнө жараша бурмаланган ишенимдерди пайда кылды.

﴿كُلُّ حِزۡبِۭ بِمَا لَدَيۡهِمۡ فَرِحُونَ﴾ – ***“Ар бир топ өз алдыларындагы нерсе (дин) менен курсант”*** – ар бир топ өз бидъатына суктанып, аны акыйкат деп эсептейт. Исламда мунун мисалы – харижиттер, рафидийлер сыяктуу фыркалар. Насаралар арасында болсо – несториан, яъкубия ж.б.

Табари: ﴿زُبُرٗاۖ﴾ – “зубуран” – «ар кыл китептер» дегенди билдирет. Мисалы, бурмаланган Забур, Тоорат сыяктуу китептер. Натыйжада динди бири-бирине карама-каршы бөлүктөргө айландырышты. Имам Табари муну пайгамбарлар келгенден кийин адамдар динди бурмалап, нафсинин каалоосун ээрчип кеткендигинен болгонун түшүндүрөт.

Саъдий: Аят мусулмандарды мурунку үммөттөр сыяктуу бөлүнүп-жарылуудан катуу эскертет. «Далилсиз өз оюн туура деп эсептеп кубануу» – адашуунун белгиси. Ал момундарды Куран жана Сүннөткө бекем карманууга, мазхабдарга же белгилүү адамдарга сокур фанатизмден баш тартууга чакырат.

Маудуди (Тафсир ат-Тахрир): Ал аят сүрөнүн жалпы мазмуну менен байланыштуу. Сүрөдө Нух алайхис саламдан баштап Мухаммад ﷺга чейинки пайгамбарлардын дааватынын биримдиги айтылып, алардын үммөттөрү болсо бөлүнүп кеткендиги эскерилет. Бул бөлүнүү адатта динди бурмалоодон келип чыгат, мисалы яхудийликте жана насранийликте болгондой.

Куртуби: ﴿فَرِحُونَ﴾ – бул жердеги кубануу айыптоо маанисинде келген, анткени ал чыныгы акыйкатты билбестиктен келип чыккан. Мисалы, бидъат менен кубануу же башкаларды теңсинбей текеберденүү сыяктуу. Ал Бани Исраилдин Муса алайхис саламдан кийин бөлүнүп кеткенин мисал кылат.

«Хизб» сөзү хадистерде жана сахабалардын сөздөрүндө.

1. Сүннөттө айыпталган хизбчилик:

Пайгамбар ﷺ айтты:

«أَلَا إِنَّ نَبِيَّكُمْ قَدْ بَرِئَ مِمَّنْ فَرَّقَ دِينَهُ وَاحْتَزَبَ»

**«Билип койгула, силердин пайгамбарыңар динин бөлүп-жарган жана хизб кылып алган адамдардан алыс».** (Абу Дауд риваяты).

Мааниси: Пайгамбар ﷺ динде фанаттык кылып, бөлүнүп кеткен фыркалардан жана кафирлик, бидъат хизбдеринен баш тарткан.

2. Макталган «Аллахтын хизби»:

Куранда Аллах Таала айтты:

﴿أَلَآ إِنَّ حِزۡبَ ٱللَّهِ هُمُ ٱلۡمُفۡلِحُونَ﴾

***“Байкагыла, албетте Аллахтын тобу пайда табуучулар!”.*** (Мужадала: 22).

Аларды Аллахтын динине жардам берген, таква момундар деп сыппатады.

Сахабалардын сөздөрүнөн:

Билал ибн Рабах رضي الله عنه каза болуп жатканда айтты: «Эртең биз сүйүктүүлөрүбүзгө жолугабыз, Мухаммадга ﷺ жана анын хизбине жолугабыз».

Бул жерде «хизб» – Пайгамбардын ﷺсахабалары жана анын Сүннөтүн ээрчигендер.

Аиша رضي الله عنها Пайгамбарыбыздын ﷺ аялдарын эки «хизб» деп сүрөттөгөн: Бир хизб – Аиша жана Хафса, экинчи хизб – Умм Салама жана калган жубайлар.

Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه «жамаатка» (бириккен мусулмандардын жамаатын) бекем карманууга үндөгөн жана бөлүнүп-жарылууга тыюу салган. Бул анын көз карашында айыпталган «хизбчилик» – исламий биримдикке каршы чыккан ар кандай бөлүнүү экенин көрсөтөт.

Ибн Таймийянын хизб түзүү жаиздиги тууралуу фатвасы.

Шейхул-Ислам Ибн Таймийя мындай деген: «Ал эми «хизб башчысы» – бул бириккен топтун башчысы. Эгерде алар Аллах жана Анын Элчиси ﷺ буйруган өкүмдөрдө эч нерсе кошпостон жана кемитпестен бириксе, анда алар момундар. Аларга башка момундарга тиешелүү укуктар берилет жана милдеттер жүктөлөт. Бирок, эгер алар мындан ашырып же кемитип жиберсе, мисалы хизбине киргендерди, ал чындыгында акыйкаттабы же батылдабы, баарын эле колдоп, ал эми хизбине кирбегендерден – алар акыйкат үстүндө болобу же адашуудабы – жүз үйрүшсө, анда Аллах Таала жана Анын Элчиси ﷺ айыптаган бөлүнүп-жарылууга кирет. Анткени Аллах жана Анын Элчиси ﷺ жамаатка жана биримдикке буйурган, бөлүнүп-жарылуудан жана кайчы пикирден кайтарган. Ошондой эле аларды жакшылык жана таквалыкта өз ара кызматташууга буйурган, күнөө жана душмандыкта кызматташууга тыюу салган». (Мажмуул-Фатава, 11/92).

Фатвага түшүндүрмө: бул жерде шейхул-ислам Ибн Таймийя (рахимахуллах) жамааттарга болгон мамилесин ачык көрсөтүп жатат: алардын бардыгы эле «фырка» эмес жана баары эле харам эмес. Алардын Аллах жана Анын Элчиси ﷺ буйруган нерселер негизинде эч нерсе кошпой жана кемитпей биригүүсү шарт.

Ал эми тыюу салынуучу жагдай – өз хизбине киргендерди туура же жаңылыштыгына карабай коргоп, кирбегендерден жүз буруп, башкалардан акыйкатты кабыл албоо.

Имам Абу Ханифанын райы.

Имам Абу Ханифа Нуман разияаллаху анхудан ишенимдүү булактарда (Жассастын Ахкамул-Куран жана башкаларда) мындай риваят келтирилген:

Хаммани айтты: Ибн Мубарактын мындай дегенин уккам: Абу Ханифага Ибрахим Ас-саигтын өлтүрүлгөнү кабар кылынганда, ал катуу ыйлады, биз аны өлүп калат го деп ойлодук. Мен аны менен жалгыз калганда, ал айтты:

— Албетте, ал акылдуу киши эле. Мен анын ушундай ишке кирип кетишинен коркчумун.

Мен: «Эмне үчүн?» - деп сурадым. Ал мындай деди:

— Ал мага көп келчү. Аллахка итаат кылууда өзүнө катуу талап коюучу, өтө таква киши эле. Кээде мен ага бир нерсе сунуштасам, ал жөнүндө көп сурап, аны кабыл албай, даамын татпай койчу, кээде болсо ыраазы болуп жечү. Ал менден жакшылыкка чакыруу жана жамандыктан кайтаруу жөнүндө сурап, акыры биз бул нерсе Аллах Тааланын фарзы экенине макул болдук. Ошондо ал мага: «Колуңду сун, сага байъат кылайын» - деди. Ошол учурда менин дүйнөм караңгылап кеткендей болду.

Мен: «Эмне үчүн?» - десем, ал:

— Ал мени Аллахтын бир укугуна чакырып жатты, бирок мен баш тартып: «Эгер бул ишти бир киши жалгыз көтөрсө, аны өлтүрүшөт, элдин иши оңолбойт. Бирок бул иш үчүн ихластуу жардамчылар тобу жана аларды башкарган динге бекем адам табылса, анда туура болот» - дедим.

Ал бул теманы дайыма көтөрүп, ар бир келген сайын талап кылчу. Мен ага: «Бул ишти бир адам жалгыз көтөрө албайт, аны пайгамбарлар да асмандан буйрук келмейинче көтөрүшкөн эмес. Бул башка фарздар сыяктуу эмес. Башка фарздарды бир киши жалгыз аткара алат. Бирок бул фарзды жалгыз киши аткарса, өзүн өлүмгө түртөт, канын төгөт. Ошондуктан мен анын өзүн өлтүрүп алышынан корккон элем. Эгер ал өлсө, башкалар бул ишке киришүүдөн коркуп күтүп турушат», - деп айтчумун.

Ага периштелердин Аллахка:

﴿أَتَجۡعَلُ فِيهَا مَن يُفۡسِدُ فِيهَا وَيَسۡفِكُ ٱلدِّمَآءَ وَنَحۡنُ نُسَبِّحُ بِحَمۡدِكَ وَنُقَدِّسُ لَكَ﴾

***«Ал жерде бузукулук жасай турган жана кан төгө турган затты*** *(халифа)* ***кыласыңбы? Биз болсо алкоо-мактоо айтуу менен Сени улуулайбыз жана Сенин атыңды ар дайым аруу-пакиза тутабыз” дешти.*** (Бакара: 30) - деген сөзүн мисал келтирип: «Акыйкатта, Мен силер билбеген нерселерди билемин» - деген жообун эскердим.

Андан соң Ибрахим Ас-Саиг Мервге барып, Абу Муслимге катуу сөздөрдү сүйлөдү. Андан кийин аны камап коюшту. Ошондо Хорасандын факихтери жана ибадатчылары чогулуп, аны бошотушту. Бирок ал кайра барып эскертип, кайра кайтты. Акыры ал мындай деди: “Мен Аллах үчүн сен менен тил менен күрөшөм. Колум менен күрөшүүгө күчүм жок, бирок Аллах мени көрүп турат жана мен сени Аллах үчүн жек көрүп турганымды билет”. Андан кийин аны өлтүрүп салышты.

Жыйынтык.

Халифалык жок болуп, Аллахтын Шариаты турмушка толук ишке ашпаган азыркы абалда эң маанилүү суроо — исламий мамлекетти тикелөөдө хизбий (уюшкан жамааттык) иштин ролу жана аны аткаруунун шаръий милдети кандай.

Жамааттык иштин шаръий далилдери.

Аллах Таала айтат:

﴿وَلۡتَكُن مِّنكُمۡ أُمَّةٞ يَدۡعُونَ إِلَى ٱلۡخَيۡرِ وَيَأۡمُرُونَ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَيَنۡهَوۡنَ عَنِ ٱلۡمُنكَرِ﴾

***“Силерден жакшылыкка*** *(Исламга)* ***чакыра турган, ибадат-итаатка буйра турган жана күнөө-жаман иштерден кайтара турган бир жамаат болсун”.*** (Али Имран: 104).

Бул «үммөт» сөзү жекелик эмес, уюмдашкан жамаатты өзүнө камтыйт. Демек, бул аят уюшкан хизбий иш шаръий жактан мыйзамдуу экендигине далалат кылат.

Пайгамбарыбыз ﷺ айтты:

«إنما الإمام جُنَّة يُقاتَل من ورائه ويُتَّقى به»

**«Албетте, Имам – бул калкан анын артында туруп согушулат жана аны менен коргонулат».** (Бухари жана Муслим риваяты).

Бул хадис саясий түзүмдүн (Ислам мамлекети) зарылдыгын көрсөтөт.

Хизбий иштин өкүмү.

Демек, хизбий иш — фард кифая. Эгер, аны айрымдары аткарса, башкалардан милдет түшөт. Бирок, бүгүнкүдөй исламий мамлекет жок шартта аны аткаруу зарыл, анткени Халифалыкты кайра тикелеп, исламий жашоону баштоо үчүн уюшкан иш жүргүзүлүшү шарт.

Ошондуктан хизбий иш үммөттү саясий жактан тарбиялоо, б.а Исламды толук жашоо системасы катары түшүндүрүү аркылуу жүргүзүлөт. Ошондой эле секулярдык жана адам чыгарган режимдердин идеяларына каршы туруу менен фикирий күрөш жүргүзүү зарыл. Жана саясий күрөш жүргүзүү важиб: Аллах түшүргөн түзүм менен башкарбаган саткын башкаруучуларга каршы саясий басым жасоо милдет.

Үммөттүн чыныгы кызыкчылыктарын коргоо да хизбий иштерге кирет. Ошол эле учурда демократиялык системаларга катышууга кескин тыйуу салынат, анткени ал Аллах түшүргөн мыйзамдардан башка башкаруунун легитимдүүлүгүн таануу дегенди билдирет. Бул болсо шарият боюнча харам.

Бүгүн үммөт эмне кылышы керек?

- Саясий аң-сезим: Халифаттын жоктугу бардык кризистердин (алсыздык, бөлүнүү, басып алуу) башкы себеби экенин түшүнүү.
- Тартиптүү ишти колдоо: шариатка баш ийген, Исламды өзүнүн пикирий жетекчилиги кылган жана негизги принциптерден эч качан баш тартпаган исламий партияларга кошулуу.
- Секулярдык режимдерди четке кагуу: анткени аларга катышуу учурдагы бузгунчу абалды чыңдоо болуп эсептелет.
- Нусратка даяр болуу: мамлекет орногондо аны жетектей ала турган кадрларды даярдоо.

Жыйынтыктын өзөгү: Хизбий иш важибби? Ооба, эгер максат бузгунчу системаларга ыңгайлашуу эмес, шариатты орнотуу болсо.

Ошондуктан Исламды табанний кылган жана өзгөрүүнүн пайгамбарлык манхажына баш ийген бир хизб болушу керек. Ал үммөттү аклий жол менен канааттандырууга жана күч-кубат ээлеринен нусрат суроого көңүл бурушу керек. Башкача айтканда, бул иштин максаты, тарикаты, табаннийи, аң-сезимдүү жана ихлас жетекчилиги жана туура робытасы болушу зарыл.

Халифалык — фарздардын таажысы, Аллахтын убадасы эч качан бузулбайт. Бирок суроо мындай: биз Аллах ыраазы боло тургандай иш кылабызбы же кордукка макул болобузбу? Маселе жеке иш менен партиялык иштин ортосундагы тандоо эмес, маселе — олуттуу иш менен вакыйлыкка моюн сунуунун ортосундагы тандоо.

Исламды жашоо манхажы катары кабыл алган мабдаий хизб барбы?

Ооба бар. Хизб ут-Тахрир — өз үммөтүнө калп айтпаган, жол көрсөткөн хизб. Анын хизбийлик тууралуу көз карашы жана хизбийликти харам деп эсептегендерге жообу төмөнкүчө: Хизб — Исламий жашоону кайра баштоо максатында Халифалыкты тикелөө үчүн иш алып барган саясий жамаат.

Партиялуулук (исламий саясий партияга кошулуу):

Бул харам эмес, тескерисинче важиб, өзгөчө эгерде хизб жоголгон фарзды, башкача айтканда, Халифатты тикелөөгө аракет кылып жатса.

Далили:

Аллах Таала айтат:

﴿وَلْتَكُن مِّنكُمْ أُمَّةٌ يَدْعُونَ إِلَى الْخَيْرِ﴾

***«Силерден жакшылыкка (Исламга) чакыра турган, ибадат-итаатка буйра турган бир жамаат болсун».*** (Али Имран: 104).

Бул жердеги «үммөт» деген сөз уюшкан жамаатты, башкача айтканда, партияны билдирет.

Эмне үчүн айрым исламий топтор «партиялуулукту» харам дешет?

Айрым топтор (мисалы, салттуу салафийлер) партиялуулукту төмөнкү себептер менен харам дешет:

- Бөлүнүүдөн коркуу: «Үммөтүм жетимиш үч фыркага бөлүнөт» деген хадиске таянып, партиялар бөлүнүүгө себеп болот дешет.
- Бидъат деп эсептөө: саясий партиялар салафус салихиндердин (сахабалар жана табииндер) доорунда болгон эмес деп ойлошот.
- «Хизб» менен «адашкан топту» чаташтыруу: Куранда «ахзаб» кээде адашкан топтор маанисинде колдонулган, мисалы:

﴿كُلُّ حِزْبٍ بِمَا لَدَيْهِمْ فَرِحُونَ﴾

***«Ар бир бөлүк*** *(хизб)* ***өз алдыларындагы нерсе менен шат – курсант».*** (Рум: 32).

Бул дооматтарга жооп:

Куран жана Сүннөттөн далил тургузуу:

«Хизб» термини Куранда оң мааниде да колдонулат. Мисалы, Аллах Таала айтат:

﴿أُوْلَـٰٓئِكَ حِزْبُ ٱللَّهِ﴾

***«Мына ошолор Алланын хизби»***. (Мужадала: 22).

Пайгамбарыбыз ﷺ айткан хадис:

«أَحَبُّ إِلَى اللهِ الْحَنِيفِيَّةُ السَّمْحَةُ»

**«Аллахка эң сүйкүмдүү дин – түз** (таза) **жана жеңил дин».** (Бухарий риваяты).

Аалымдар бул хадис уюшкан, тартиптүү жамааттык ишке да тиешелүү дейт.

«Хизб» менен «фырка»нын айырмасы:

- Хизб – шаръий далилге таянып иш алып барган жана үммөттү бөлбөгөн жамаат.

- Адашкан фырка – Китепке жана Сүннөткө каршы чыккан топ.

«Партиялуулук» менен «бөлүнүүнүн» айырмасы: тартиптүү саясий партиялуулук бул бөлүнүү эмес, тескерисинче исламий ишти уюштуруу болуп эсептелет. Айрым топтор партиялуулукту харам дешет, бирок бул алардын шаръий нусустардын маанилерин туура түшүнбөгөндүгүнөн келип чыгат, айрымдары жакшы ниет менен, айрымдары жаман ниет менен айтышы мүмкүн.

Рожих көз караш:

Шаръий далилдер партиялуулукту жалпы мааниде харам дебейт. Харам болгону — бул батыл же фитнага алып келүүчү партиялуулук. Ал эми Шарияттын чегинде уюшкан хизб максатына жараша важиб, мандуб же мубах болушу мүмкүн. Эгер бул иш бир фарзды орнотуу үчүн болсо — анда ал да фарз болот.

Бүгүнкү күндө Ислам боюнча өкүм жүргүзгөн мамлекет жок болгондуктан, исламий мамлекетти тикелөө үчүн иш алып баруу — фарздардын ичинен эң жогорку фарз, башкача айтканда, фарздардын таажысы. ❑

## Хамидати параллел өкмөттүн башчылыгына ант берди

Ыкчам колдоо күчтөрүнүн командири Мухаммад Хамдан Дагалу (Хамидати) Дарфурда «Тынчтык жана биримдик өкмөтүн» түзгөнүн жарыялап, август айынын аягында Ньяла шаарында анын президенттик кеңешинин башчысы катары ант берди. Бул окуя Судан өкмөтүнүн катуу айыптоосун жана БУУнун Судандын бөлүнүп кетүү коркунучу тууралуу эскертүүсүн жаратты. Анткени бул кадам Хамидатинин Хартумдан көз карандысыз түрдө Дарфур аймагында бийлигин бекемдөөгө багытталган аракети катары бааланууда.

**Аль-Ваъй**: серепчилердин пикиринде, Хамидати борборду басып алуудагы ийгиликсиздигинен кийин өлкөнүн батыш тарабында бөлүнүп чыккан чакан мамлекеттин пайдубалын түзүүгө аракет кылууда. Анын күчтөрүнүн Дарфурда топтолушу жана союздаштарынын (мисалы, Абдулазиз аль-Хилунун анын орун басары болуп дайындалышы) катышуусу өз алдынча режим куруу ниетин билдирет. Бул Судандын түштүктүн бөлүнүүсүнөн кийинки экинчи жолу бөлүнүү сценарийин күчөтөт. Бул кадам — жашыруун тышкы колдоого таянган — Ливиядагы Хафтар сыяктуу согуш адамдарынын тажрыйбасын кайталайт жана Судандагы жаңжал өлкөнүн аймактык бүтүндүгүн олуттуу коркунучка алып келип, аны жаңы бөлүнүү аркылуу колонизатор державалардын жана алардын агенттеринин кызыкчылыгына ылайык карталарды кайра чийип чыгуу коркунучун жаратат.

## Аскерий өңү бар жаңы америкалык элчи

Вашингтон дипломат Жеймс Хольцнайдерди Аммандагы өзгөчө ыйгарым укуктуу элчи кызматына сунуштады. Ал АКШнын деңиз жөө аскеринин мурунку офицери болуп, Жакынкы Чыгыш маселелери боюнча кеңири тажрыйбага ээ. Ал Иракта, Афганистанда жана Сомалиде кызмат өтөгөн, акыркы убакта АКШнын Мамлекеттик департаментинде саясий-аскерий иштер боюнча жооптуу кызматты аркалаган.

**Аль-Ваъй**: аскердик-чалгындык тажрыйбасы бар элчинин дайындалышы АКШнын Иордания менен болгон мамилелеринде коопсуздук багытына басым жасап жатканын көрсөтөт. Хольцнайдер саясий-аскерий координация боюнча адис болуп саналат. Бул Вашингтондун коопсуздук кызматташтыгын, терроризмге каршы аракеттерди жана НАТОнун тышындагы башкы союздаш катары америкалык күчтөрдү жайгаштырган Иорданиянын туруктуулугун сактоого багытталган ниетин айгинелейт. Ошондой эле бул дайындоо

АКШнын Иорданияга аймактык рол ыйгаруу (айрыкча Сирия жана Ирак багытында) көз карашына байланыштуу болушу мүмкүн. Муну менен Вашингтон Иорданияны аймактагы өзгөрүүлөрдүн (нормалдашуу жана саясий-экономикалык келишимдердин) фонунда аскерий мүнөздөгү дипломатия аркылуу өз орбитасында кармоону көздөп жатканы байкалат.

## АКШнын колдоосу алдында (израил) менен нормалдашуу кадамдары ылдамдоодо

Акыркы жумаларда Эр-Рияд менен Тель-Авив ортосунда тарыхый нормалдашуу келишимин илгерилетүү максатында активдүү дипломатиялык аракеттер жүрдү. АКШ администрациясы Сауд Арабиясына коопсуздук кепилдиктерин, коргонуу келишимин жана жарандык өзөктүк программа боюнча жардам көрсөтүүнү сунуштап, анын ордуна (израил) менен расмий дипломатиялык мамилелерди түзүүнү талап кылууда. Өз кезегинде Эр-Рияд ачык түрдө палестиналыктар адилет чечимге жетмейинче нормалдашуу болбой турганын билдирген, бирок маалыматтар Сауд Арабиясынын чоң стратегиялык жеңилдиктер үчүн баскычтуу нормалдашууга даяр экенин көрсөтүүдө.

**Аль-Ваъй**: бул «чоң келишим» аймактык альянстардын кайра түзүлүшүн жана (Израилди) «региондун коопсуздук күзөтчүсү» катары киргизүүнү көздөгөн Америка стратегиясынын бир бөлүгү болуп эсептелет. Эгер ыйык жер болгон Харамейн өлкөсү (Израил) менен нормалдашса, калган араб режимдери да сионисттик түзүмдүн кучагына түшүүсүн мыйзамдаштырып алышат. АКШ Эр-Риядды коргонуу, курал (чабуул куралдарды сатууга болгон тыюуну алып салуу, аскерий мүмкүнчүлүктөрдү күчөтүү) жана жарандык өзөктүк программаны өнүктүрүүгө уруксат берүү аркылуу азгырып жатат.

Эгер бул келишим ишке ашса, Палестина маселесине кезектеги чыккынчылык болуп, үммөттүн аркасына сайылган бычакка айланат, анткени ал кагылышты яхудий түзүмүнүн пайдасына чечип берүү максатын көздөйт. Бирок бул абдан кооптуу оюн, элдер, өзгөчө Араб жарым аралында Пайгамбарыбыз ﷺдын Исра сапары кылынган жерде жасалган мындай чыккынчылыкты эч качан кабыл алышпайт. Балким бул кадам төөнүн жүгүн оодарган акыркы чөп болуп, элдин каарын тутандырып, нормалдашуучулардын үстүнө оодарылып түшкөн чоң өзгөрүүлөргө жол ачат.

## Басып алынган Батыш Жээкте отурукташып алган яхудийлердин зомбулугу күчөдү жана бедуин үй-бүлөлөрү сүрүлдү

Басып алынган Батыш Жээк (Израил) отурукташкандардын баскынчылыгынын мурда болуп көрбөгөндөй толкунуна күбө болууда. Бул зомбулуктарды оккупациялык күчтөр коргоп, ондогон палестиналык бедуин үй-бүлөлөрүн, айылдарын таштап качууга мажбур кылды. Июль айынын башында Иерихонун жанындагы «Араб аль-Малихат» жамаатынан 50гө жакын үй-бүлө куралчан отурукташкандардын коркутуусунан улам көчүп кетти. Алар өздөрүнүн жанында мыйзамсыз турак-жай пунктун негиздешкен. Палестиналык укук коргоо уюмдары бул окуяларды отурукташкан яхудийлер үчүн жерди кеңейтүү максатындагы мажбурлап көчүрүү катары баалады.

**Аль-Ваъй**: отурукташкандардын зомбулугунун күчөшү палестиналыктарды өз жеринен сүрүп чыгарып, жерде жаңы вакыйлыкты орнотууну көздөгөн (израилдин) системалуу стратегиясын чагылдырат. 2023-жылдын октябрында Газага каршы согуш башталгандан бери палестиналык чабуулдардын азайышына карабай, өкмөттүк колдоого ээ болгон отурукташкандардын кол салуулары «биз өзүбүздү коргоп жатабыз» деген доомат менен кыйла көбөйдү.

БУУнун адистери 2025-жылдын июль айында турак-жайларды өрттөө, суу булактарын уулоо, мал уурдоо ж.б. зомбулуктар туш келди эмес, палестиналыктардын айыл чарба аймактарындагы жашоосун жоготуу максатындагы атайын стратегиянын бир бөлүгү экенин эскертишкен. Эл аралык укук боюнча көпчүлүк мамлекеттер отурукташкандарды мыйзамсыз деп эсептешсе да, учурдагы оңчул (Израил) өкмөтү бул экстремисттик отурукташкандарга саясий жана коопсуздук калканын камсыздап келет. Натыйжада бүтүндөй жамааттар — мисалы, «Араб аль-Малихат» — сүрүлүп чыкты. Палестиналыктар муну «жаңы Накба» деп аташууда.

Бул чыңалуу Батыш Жээкти жарылууга даяр «мунай идишине» айлантууда. Айрыкча жазасыздык өкүм сүрүп, эл аралык коомчулук (Израилди) жоопко тартуу жана баскынчылык астында жашаган калкты коргоо үчүн санкцияларды киргизүү чакырыктарын күчөткөн шартта, кырдаал өтө коoптуу нукка багыт алып жатат.

## Рафахтагы кыргын: баскынчы күчтөр жардам издеп келген ондогон жаранды атып өлтүрдү

Газанын түштүгүндөгү Рафах шаарында болгон үрөй учурган көрүнүш согуштун эбегейсиз мыкаачылыгын көрсөттү. (Израил) аскерлери жардам алуу үчүн чогулган ачка палестиналыктардын

топторуна эскертүүсүз ок атышты. Бул кыргында кеминде 34 жай тургун каза болду. Ошол эле күнү – 2025-жылдын 12-июлунда – Газанын ар кайсы жерлеринде жалпы 110 палестиналык өлтүрүлгөн.

Окуя Катар ортомчулук кылган тынчтык сүйлөшүүлөрү токтоп турган маалда болду, ал эми (Израилдин) Газадагы калкты толук көчүрүү планы дүйнөлүк деңгээлде катуу айыптоолорду жаратты.

**Аль-Ваъй**: бул кыргын (Израилдин) Газа калкын ачарчылык менен жазалоо жана тирүү калгандарды да кыруу саясатынын ырайымсыз жүзүн ачып көрсөттү. Күбөлөрдүн айтымында, кол салуу болгон жер «өлүм капканына» айланып, жардам баштыктарын көтөргөн бейкүнөө адамдардын канына чыланып кеткен. Баскынчы аскерлер аларды “аңчылыктагы өрдөккө окшоп” атып салышкан.

Адам укуктары боюнча уюмдар (Израил) армиясы атайылап гуманитардык жардам борборлорунун айланасындагы жарандарды бутага алганын ырасташат. 2025-жылдын май айынын аягынан бери азык-түлүк таратуу пункттарында 800дөн ашуун палестиналык өлтүрүлүп, 5000ге жакыны жаракат алган, алардын көбү башына же бутуна тийген октон өлгөн, бул болсо максаттуу жана системалуу кыргын саясатынын үлгүсү болуп эсептелет.

Бул кылмыштар дүйнө коомчулугунда шок жаратты, ал эми БУУ аларды «адамзатка каршы кыргындар» жана «өлүм капкандары» деп мүнөздөдү. Бул (Израилге) жарандарды бутага алууну токтотуу боюнча басымды күчөттү. Бирок радикал (Израил) жетекчилиги согуш мыйзамдарын одоно бузуп, «Хамасты жок кылуу» шылтоосу менен канча адам өлсө да операцияларын актоону улантууда.

Бул кыргын Газа калкы жабыр тарткан абалды жана коңшу араб өлкөлөрүнүн жоопкерчилигин айгинелейт, алар Газа элин кылмышкер түзүмдүн колуна таштап коюшту. Газа эли бүгүн ачкачылыктын балтасы менен бомбалоонун кыргыны ортосунда калды. Ал жерде качып кутулуучу да, коопсуз да жай жок. (Израилдин) бомбалары бардык тараптардан жаап, эч бир жан тирүү калбаш үчүн кыйратууда.

Саясий талдоочулар муну элдин эркин ачарчылык жана коркутуу аркылуу сындыруу максатын көздөгөн атайын саясат катары баалашууда. Ошондой эле, бул 2023-жылдын 7-октябрынан бери баскынчы түзүм тарткан оор жоготуулардын өчүн алуу аракети болушу да мүмкүн. Мындай жырткычтык ачык согуш кылмыштарынын деңгээлине жетип, (Израилди) эл аралык аренада мурдагыдан да обочодо калтырып жатат, айрыкча эл аралык тергөө жана жоопко тартуу чакырыктары күчөп жаткан шартта.

## Газада болуп көрбөгөн ачарчылык балдардын өмүрүн алып, дүйнөнү титиретти

Газада азыр согуштун башка, андан да кайгылуу түрү жүрүп жатат — бул массалык ачарчылык. Ал калкты, айрыкча балдардын кырылуусуна себеп болду. Мунун себеби — (Израилдин) катуу курчоосу жана атайылап гуманитардык жардамдарды киргизүүгө тыюу салышы. Эл аралык уюмдар 2025-жылдын июль айында катуу ачарчылык жана азык жетишсиздигинен улам балдардын өлүмү кескин көбөйүп жатканын эскертишти. Азыркыга чейин 67 бала ачкачылыктан көз жумду, ал эми 650 миңден ашык беш жашка чейинки бала курч азык жетишсиздигинен өлүм коркунучунда турат.

Жергиликтүү саламаттык сактоо органдарынын маалыматына караганда, ар үч күндө ондогон палестиналыктар тамак-аш менен дары-дармектин жетишсиздигинен улам каза болуп жатышат. Абал «адам чыдагыс деңгээлдеги гуманитардык кризиске» айланган.

**Аль-Ваъй**: Газадагы азыркы ачарчылык — (Израилдин) согуштук стратегиясынын негизги бөлүгү болгон курчоо жана ачка калтыруу саясатынын түздөн-түз натыйжасы. Мунун айынан 100дөн ашуун эл аралык уюм (Израилди) «калкты атайылап массалык ачарчылыкка учуратууда» айыптап, коңгуроо кагышты. Электр энергиясынын жана күйүүчү майдын жоктугунан ооруканадагы балдар өлүм алдында «сөөккө айланган» абалда жатат.

Газадагы 2 миллион камалган адам үчүн бир үзүм нан алуу күн сайын өмүргө кооптуу күрөшкө айланды: азык-түлүк кезектери аткыланууда, жардам берүү борборлору болсо Рафахтагы кыргын сыяктуу «өлүм талааларына» айланды.

Бул кырсык (Израилге) карата дүйнө жүзүндө болуп көрбөгөндөй каарданууу жана наразычылык жаратты. 100дөн ашуун эл аралык уюмдар бул кырдаалды «азыркы дүйнөдөгү эң оор ачарчылык кризиси» деп атап, (Израилге) басым көрсөтүү жана курчоону токтотуу боюнча чукул мамлекеттик аракеттерге чакырды. Кээ бир өлкөлөр, мисалы Франция, асмандан жардам түшүрүү сыяктуу символикалык кадамдарга барды, бирок (Израилдин) жер аркылуу жардамды киргизүүгө тыюу салуусу бул аракеттерди дээрлик натыйжасыз кылды.

Бул массалык ачарчылык саясаты эл аралык укукту одоно бузуу менен бирге, араб жана мусулман дүйнөсүндө ачуулануууну күчөтүп, (Израилди) колдогон Батыш мамлекеттерин өз калктары алдында уят абалга калтырды.

БУУнун башкы катчысынын: «Эл аралык коомчулуктун унчукпай турушу – кечирилгис» - деген сөзү дүйнөнүн үнсүздүгү менен америкалык кызматташтыктын көлөмүн көрсөтүп турат.

Бул «жасалма ачарчылык» Газаны сындыруу жана калкты мажбурлап көчүрүү үчүн колдонулган согуштук курал болуп калды. Бирок мындай мажбурлап көчүрүү саясаты эл аралык укук боюнча кескин түрдө тыюу салынган жана кылмыш болуп эсептелет.

## Индияда индус улутчул бийликтин тушунда мусулман калкына каршы зомбулук күчөдү

2025-жылдын жай айларында Индияда мусулман азчылыгына каршы багытталган диний негиздеги кол салуулар коркунучтуу деңгээлде күчөдү. Бул чабуулдар радикал индус топтору тарабынан жасалып, бийликтеги «Бхаратия Жаната» партиясынын (BJP) дем берген жек көрүүчү атмосферасынын фонунда өтүүдө.

Индиянын түндүк жана борбордук штаттарында ондогон мусулмандар «ыйык уйдун этин жеген» же «саткан» деген шек менен «уй сакчыларынын» колунан сабалууга жана өлтүрүлүүгө дуушар болушкан. Мисалы, август айында Харьяна штатында индус айылдын тургундары 26 жаштагы бир мусулман жигитти жөн гана уй этин жеди деген ушакка ишенип, топтолуп алып өлтүрүшкөн. Ошондой эле поезддерде саякаттап бара жаткан мусулмандарды текшерип, тамактарын карап, «уй эти бар» деген шек менен сабоо учурлары да катталган.

**Аль-Ваъй**: бул окуялар — премьер-министр Нарендра Моди жана анын индус улутчул партиясы бийликке келгенден бери күчөп келе жаткан институттук жана коомдук деңгээлдеги исламофобиянын бир көрүнүшү. Өкмөт мусулмандарды коргоодо бир нече ирет чабалдыгын көрсөттү, кээ бир учурларда бийлик өкүлдөрү бул кылмыштарды кыйыр түрдө актап келишет.

Отчеттор көрсөткөндөй, полиция көп учурда кылмышкерлерди кармабоо менен гана чектелбестен, айрым учурларда курман болгондордун өздөрүн айыптоого чейин барган. Бул Индияда мусулмандарга каршы ксенофобиянын жана дискриминациянын мамлекеттик деңгээлде тамыр жайып бара жатканынан кабар берет.

Өкмөттү колдогон маалымат каражаттары жек көрүүчүлүккө дем берип, мусулмандарга каршы мамлекеттик жазалоо күчөдү. Өкмөтчүл маалымат каражаттары индус улутчул риториканы жайылтып, мусулмандарга каршы жек көрүүчүлүк маанайды күчөткөн. Айрым жергиликтүү аткаминерлер болсо диний жаңжалдан кийин мусулман

үй-бүлөлөрүнүн үйлөрүн бульдозер менен талкалоо аркылуу “жамааттык жаза” колдонушкан. Бул ыкма «бульдозер аркылуу адилеттик саясат» деп аталат.

Мындан тышкары, бир нече штаттарда айрым мыйзамдар кабыл алынып, мектептерде хижаб кийүүгө тыюу салуу же халал союуга чектөө киргизүү сыяктуу диний дискриминацияны мыйзамдаштырган чаралар кабыл алынды. Бул кадамдар мусулмандарды коомдон четтетүү сезимин күчөттү.

Бул кырдаал Индияда мусулмандарга каршы зомбулук кадимки көрүнүшкө айланышына алып келди. «Ыйык уйду коргоо» деген ураандын астында адам өлтүрүлүүдө. Human Rights Watch уюмунун отчетуна ылайык, өкмөттүн айрым өкүлдөрү өздөрү да шайлоо өнөктүгүндө мусулмандарга каршы жек көрүүчүлүккө үндөгөн радикал билдирүүлөрдү жасашат. Натыйжада, Индиядагы 200 миллион мусулмандын арасында жарандык тең укуктуулуктан ажыроо же таптакыр жок кылынуу коркунучу боюнча терең коркуу сезими пайда болду.

Ички деңгээлде болсо, бир катар либералдык жана секулярдык индиялыктар коңгуроо кагып, «Модинин жаңы Индиясы» деген ураандын артында индуизм динин негиз кылган фанаттык мамлекет түзүлүп, ал Индиянын биримдигине коркуноч туудуруп жатканын эскертишүүдө.

Зомбулук мусулмандар менен эле чектелген жок, ошондой эле христиандар жана далиттер (касталык системадагы эң төмөнкү катмар) да бутага алынууда. Эгерде бул кылмыштар жазасыз кала берсе, байкоочулардын айтымында, өлкөдө кеңири этникалык жана диний кагылышуулар чыгып, дүйнөнү 2002-жылдагы Гуджараттагы кыргын же 1947-жылдагы Индиянын бөлүнүүсүн эске салган кан төгүүлөргө түртүшү мүмкүн.❑

بسم الله الرحمن الرحيم

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

## ЭЙ, МУСУЛМАН ӨКҮМДАРЛАРЫ, أَفَتَطۡمَعُونَ أَن يُؤۡمِنُواْ لَكُمۡ “АЛАРДЫН ЫЙМАНГА КЕЛҮҮЛӨРҮН АРЗУУ КЫЛЫП ЭҢСЕЙСИҢЕРБИ?” (Бакара: 25)

Силер яхудийлер менен америкалыктар силерге ишенет деп үмүт кыласыңарбы? Ким алардан жакшылык күтсө, алар аны тек гана жаман абалга жана зыянга салышат. Анткени алар — акыйкатсыз, убадага турбаган, аманаты жок, дини жок эл. Көрүнүп турган вакыйлыктар алардын иштерине, жүрөктөрүнүн караңгылыгына жана катуулугуна далил болот.

Аллах Таала айтат:

﴿وَلَا تَحۡسَبَنَّ ٱللَّهَ غَٰفِلًا عَمَّا يَعۡمَلُ ٱلظَّٰلِمُونَۚ إِنَّمَا يُؤَخِّرُهُمۡ لِيَوۡمٖ تَشۡخَصُ فِيهِ ٱلۡأَبۡصَٰرُ ٤٢
مُهۡطِعِينَ مُقۡنِعِي رُءُوسِهِمۡ لَا يَرۡتَدُّ إِلَيۡهِمۡ طَرۡفُهُمۡۖ وَأَفۡـِٔدَتُهُمۡ هَوَآءٞ ٤٣﴾

***«****(Эй Мухаммад)* ***Сен эч качан: «Аллах заалим адамдардын кылып жаткан ништеринен бейкапар» деп ойлобо! Бар болгону Аллах*** *(алардын жазаларын)* ***көздөр*** *(айбат-коркунучтан)* ***катып кала турган*** *(коркунучтуу Кыямат)* ***Күнүнө гана калтырууда.*** *(Ал Күндө)* ***алар баштарын*** *(асманга)* ***көтөрүшкөн бойдон*** *(чакырылган тарапка эсеп-китеп үчүн)* ***жүгүрүшөт. Көздөрү өздөрүнө кайтпайт*** *(башкача айтканда коркунучтан катып калып, өздөрүнүн кандай абалда экендиктерин да көрүшпөйт)****. Дилдери*** *(коркунучтун айынан)* ***боп-бош болуп калат».*** (Ибрахим: 42–43).

Демек, Аллах залимдерди жазасыз калтырбайт, аларга белгиленген мөөнөткө чейин гана убакыт берет, аны ашырбайт да, кечиктирбейт. Алардын азыркы бийлиги, кооз жашоосу жана дүйнөлүк даңкы бул ырайым эмес, тескерисинче, каргыш. Анткени алар Аллахка баш ийбестен, өздөрүнө башка «кудайларды» жасап алышкан.

«Залимдер» дегени — яхудийлер менен америкалыктар, ошондой эле Аллах түшүргөн шариат менен өкүм кылбаган мусулмандар. Алар адамдарды башкарууда Аллахтын мыйзамдарынын ордуна инсаний мыйзамдарды колдонушат, ошентип Аллахка жана Анын Элчисине ﷺ каршы чыгышат.

﴿إِنَّمَا يُؤَخِّرُهُمۡ لِيَوۡمٖ تَشۡخَصُ فِيهِ ٱلۡأَبۡصَٰرُ﴾

«***Бар болгону Аллах*** *(алардын жазаларын)* ***көздөр*** *(айбат-коркунучтан)* ***катып кала турган*** *(коркунучтуу Кыямат)* ***Күнүнө гана калтырууда***», башкача айтканда, алардын бардыгы көздөрү асманды карап тиктеп турган бир коркунучтуу күндө чогулушат.

﴿مُهۡطِعِينَ مُقۡنِعِي رُءُوسِهِمۡ...﴾

«*(Ал Күндө)* ***алар баштарын*** *(асманга)* ***көтөрүшкөн бойдон*** *(чакырылган тарапка эсеп-китеп үчүн)* ***жүгүрүшөт***». Тактап айтканда, алардын өңдөрү селейип, шашып баскан, мойну сунулган, баштары жерге эңкейген, кордуктан жана уяттан толугу менен төмөндөгөн абалда болушат, жүрөктөрү бош, көздөрү тик, бирок эч нерсе көрбөйт, алар далилсиз жана жүйөөсүз калышат.

يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِن تُطِيعُواْ فَرِيقٗا مِّنَ ٱلَّذِينَ أُوتُواْ ٱلۡكِتَٰبَ يَرُدُّوكُم بَعۡدَ إِيمَٰنِكُمۡ كَٰفِرِينَ ١٠٠
وَكَيۡفَ تَكۡفُرُونَ وَأَنتُمۡ تُتۡلَىٰ عَلَيۡكُمۡ ءَايَٰتُ ٱللَّهِ وَفِيكُمۡ رَسُولُهُۥۗ وَمَن يَعۡتَصِم بِٱللَّهِ فَقَدۡ هُدِيَ إِلَىٰ صِرَٰطٖ
مُّسۡتَقِيمٖ ١٠١

***«Эй, момундар, эгер Китеп берилген кишилердин кээ бир топторуна моюн сунсаңар, алар силерди ыйманга киргениңерден кийин кайра дагы куфрга кайтарат. Аллахтын аяттары силерге окуп берилип жаткан, Анын пайгамбары араңарда болгон бир убакта кандай кылып динден кайтасыңар?! Ким Аллахка байланса*** *(Анын динин бекем кармаса)* ***анда айдан ачык Туура Жолго хидаят кылыныптыр»***. (Али Имран: 100–101).

Китеп ээлерине баш ийүү, аларды ээрчүү, кабыл алуу жана алардын түзүмдөрүн, мыйзамдарын алуу — бул ички руханий жана акыйдавий жеңилүү. Бул мусулман инсанды жок кылат жана кафирлерге баш ийүүнү жашоо манхажы кылат. Натыйжада, исламий өзгөчөлүк жоголот.

Бул көрүнүш бүгүнкү турмушубузда ачык көрүнүп турат: мусулман өлкөлөрүндө Аллахтын Шариаты менен өкүм кылынбайт, зулум, бузукулук жана баш аламандык бардык жерге жайылган. Ошондуктан, мусулмандар үчүн Аллахтын Шариатын бекем кармануу, башкарууда жана өкүм чыгарууда аны гана негиз кылуу фарз. Ислам үммөтү өз жашоосун Аллахтын Шариаты жана Анын көрсөтмөлөрү менен гана түзүп, кафирлердин жолун ээрчибеши керек.

Аллахка болгон ыйман бардык өкүм, сот, адилеттик, башкаруу жана жашоонун бардык тармактары Аллахтын шариаты менен гана жүргүзүлүшүн талап кылат.

Аллах Таала айтат:

﴿وَمَآ ءَاتَىٰكُمُ ٱلرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَىٰكُمۡ عَنۡهُ فَٱنتَهُواْۚ وَٱتَّقُواْ ٱللَّهَۖ إِنَّ ٱللَّهَ شَدِيدُ ٱلۡعِقَابِ﴾

***«Пайгамбар өзү силерге тартуу эткен нерсени алгыла, ал зат силерди кайтарган нерседен кайткыла жана Аллахтан корккула! Албетте Аллахтын жазасы катуу».*** (Хашр: 7).

Демек, Аллах түшүргөн шариат менен өкүм кылуу — ыймандын өзөгү жана чыныгы шарттарынын бири.

Ыйман келтиргендер Аллах Таала Өзүнүн Элчисине ﷺ түшүргөн мыйзамдар менен өкүм кылышат жана ага эч нерсе кошушпайт, андан эч нерсе кемитишпейт, аны эч нерсеге алмаштырышпайт. Ал эми кафирлер, зулум кылуучулар жана фасыктар — алар Аллах Таала түшүргөн шариат менен өкүм кылбагандар.

Эгер силер Китеп ээлерине баш ийсеңер жана алардын түзүмдөрүн, мыйзамдарын кабыл алып, ошолорго амал кылсаңар, анда силер да алар сыяктуу болосуңар:

﴿يَرُدُّوكُم بَعۡدَ إِيمَٰنِكُمۡ كَٰفِرِينَ﴾

***«Алар силерди ыйманга киргениңерден кийин кайра дагы куфрга кайтарат».***

Демек, аларга баш ийүү аркылуу силер да кафир болуп каласыңар.

﴿وَكَيۡفَ تَكۡفُرُونَ وَأَنتُمۡ تُتۡلَىٰ عَلَيۡكُمۡ ءَايَٰتُ ٱللَّهِ وَفِيكُمۡ رَسُولُهُۥۗ﴾

***«Аллахтын аяттары силерге окуп берилип жаткан, Анын пайгамбары араңарда болгон бир убакта кандай кылып динден кайтасыңар?!».*** (Али Имран: 101).

Ыйман келтирген адам ыймандан кийин кафир болушу — чоң күнөө жана улуу катачылык. Ал эми Аллахтын чындыгына жана Пайгамбардын ﷺ аманатты жеткирип, Рисалатты толук аткарганына ишенгенден кийин бул ого бетер оор кылмыш болуп саналат.

Пайгамбарыбыз ﷺ дүйнөдөн өткөн соң, мусулмандар Аллахтын дини менен жер жүзүнүн чыгышына жана батышына чейин жетишти. Биз да ошол эле Куран жана Сүннөткө муктажбыз жана бизге да мурунку үммөттөргө айтылгандай буйрук түшкөн. Алар өздөрүнө жүктөлгөн аманатты аткарышты жана Пайгамбарынын ﷺ рисалатын жеткиришти. Ал эми биз болсо, алардын жолун улантуунун ордуна, артка кеттик, Аллахтын аяттары да, Анын Элчисинин ﷺСүннөтү да бизди козгой албай калды.

﴿وَمَن يَعۡتَصِم بِٱللَّهِ فَقَدۡ هُدِيَ إِلَىٰ صِرَٰطٖ مُّسۡتَقِيمٖ﴾

**«*Ким Аллахка байланса* *(Анын динин бекем кармаса)* *анда айдан ачык Туура Жолго хидаят кылыныптыр*».** (Али Имран: 101).

Аллахка байлануу бул Анын динин бекем кармануусу, Ага тобокел кылууну жана Ага гана сыйынууну билдирет. Ким Аллахтын динин

бекем кармаса, ал Аллахка жана Анын Элчисине ﷺ моюн сунган болот.

Ошондуктан, ыйман, даават, акыйда жана жашоонун бардык иштерин уюштурууда Пайгамбарыбыз ﷺга түшүрүлгөн нерседен башка булактан алуу, үйрөнүү жана иш жүргүзүү эч жаиз эмес.

Абдуллах ибн Сабит رضي الله عنه риваят кылат: «Умар ибн аль-Хаттаб رضي الله عنه Пайгамбарыбыз ﷺга келип айтты:

— Эй, Аллахтын Элчиси ﷺ, мен Курайза уруусунан болгон бир тууганымдын жанынан өтүп бара жатканымда ал мага Таураттан айрым саптарды жазып берди. Аны Сизге көрсөтөйүнбү? - деп сурады.

(Бул сөздү укканда) Пайгамбарыбыз ﷺдын жүзү өзгөрүп кетти.

Абдуллах мындай дейт:

— Мен Умарга айттым: «Сен Пайгамбарыбыз ﷺдын жүзүндөгү өзгөрүүнү көрбөй жатасыңбы?».

Ошондо Умар айтты:

— Биз Аллахты Роббибиз деп, Исламды динибиз деп, Мухаммад ﷺды Расулубуз деп ыраазы болдук!

Андан кийин Пайгамбарыбыз ﷺдын жүзү кайра жарык тарап, мындай деди: «والذي نفسي بيده، لو أصبح فيكم موسى ثم اتَّبعتموه وترَكتموني لضللتم، إنَّكم حظّي من الأمم، وأنا حظُّكم من النبيّين».

**«Жаным Анын Колунда болгон Аллахка ант! Эгер силердин араңарда Муса** (алайхис-салам) **тирүү болуп, силер мени таштап аны ээрчисеңер, анда сөзсүз адашмаксыңар. Чындыгында, силер менин үммөттөр арасындагы үлүшүмсүңөр, ал эми мен силердин пайгамбарлар арасындагы үлүшүңөрмүн».** (Имам Ахмад риваят кылган).

Бул — Пайгамбарыбыз ﷺдын манхажы. Ал акыйда, шариат жана ибадат иштеринде Китеп ээлеринен же башка бирөөлөрдөн өкүм алуу же үлгү алуу иштерине тыюу салган. Башкача айтканда, жашоонун бардык тармактарын — башкаруу, өкүм чыгаруу, адамдарга кам көрүү жана алардын бардык муктаждыктарын камсыз кылуу иштерин — толугу менен Аллахтын Китебинен жана Пайгамбарыбыз ﷺдын Сүннөтүнөн гана истинбат кылуу керек экенин бекем белгилеген.

Китеп ээлери — Ислам үммөтүн өз акыйдасынан адаштыруу үчүн эң катуу аракет кылган адамдар. Анткени Ислам акыйдасы – күчтүн, улуулуктун, руханий илхамдын, күбөлүктүн жана шахиддиктин булагы. Ал зулумга дуушар болгондорго жардам берүүчү жана адамдардын арасында акыйкаттык менен адилеттикти орнотуучу чыныгы Ислам дини.

Оо, Роббибиз! Биздин күнөөлөрүбүздү жана иштерибиздеги каталарыбызды кечиргин, кадамдарыбызды бекем кыл жана Өзүң бизди бул кафир коом үстүнөн жеңишке жеткир!

Оо, Роббибиз! Эсеп-китеп боло турган (Кыямат) Күнү бизди, ата-энебизди жана бизге акысы бар жалпы момундарды кечире көр.

Оо, Аллахым, биздин мырзабыз Мухаммад ﷺга, анын үй-бүлөсүнө жана бардык сахабаларына салам салаваттар болсун! Бардык мактоо ааламдардын Роббиси болгон Аллахка таандык!

﴿وَٱللَّهُ غَالِبٌ عَلَىٰٓ أَمۡرِهِۦ وَلَٰكِنَّ أَكۡثَرَ ٱلنَّاسِ لَا يَعۡلَمُونَ﴾

***«Аллах Өз ишинде үстөмдүк кылуучу*** *(тактап айтканда, Аны Өзү каалаган ишти кылуудан эч ким кайтара албайт)**, бирок адамдардын көпчүлүгү*** *(муну)* ***билишпейт».*** (Юсуф: 21). ❑

# АБУ БАКР АС-СЫДДЫК رضي الله عنه

**Баха Аль-Хусайни**

Эгер, сен Абу Бакр ас-Сыддык رضي الله عنهнун өмүр баянын ой жүгүртүп карасаң, акыйда негизиндеги жетекчилик бул жөн эле ураан эмес, Пайгамбарыбыз ﷺ дүйнөдөн өткөндөн кийинки биринчи Халифанын жашоодо амалий түрдө татбик кылган манхаж экенин көрөсүң. Абу Бакр чыныгы мамлекет ишмери болгон, ал мамлекетти күч тең салмагына эмес, Аллахтын шариатына негиздеп башкарды. Ал баш ийүүнүн маңызын Аллахтан башка бирөөгө эмес, Анын Өзүнө гана баш ийүү деп түшүнгөн. Ошентип, ал акыйданын жана мамлекет биримдигинин сакчысы болду.

Пайгамбарыбыз ﷺ көз жумгандан кийин үммөт эң чоң саясий жана акыйдавий сыноого туш болду — айрым уруулар динден кайтып, башкалары зекет төлөөдөн баш тартып, ал тургай айрымдары пайгамбарлыкты доомат кылышты.

Ошол учурда Абу Бакр шаръий жактан чечкиндүү позиция кармап, өзүнүн атактуу сөзүн айтты: «والله لو منعوني عقالًا كانوا يؤدونه إلى رسول الله لقاتلتهم عليه». «Аллахка ант! Эгер, алар Пайгамбар ﷺга берип келген бир боо жипти (зекет катары) берүүдөн баш тартса, мен ошол үчүн алар менен согушмакмын».

Анын шариатты түшүнүүсү намаз жана орозо менен гана чектелген эмес, ал Ислам мамлекетинин тиректерин ыдыроодон сактоону жана Ислам түзүмүнүн саясий, каржылык жана аскердик жактан жандуу бойдон калышын камсыз кылууну камтыган.

«فَبِهُدَاهُمُ اقْتَدِه»

***«Демек, алардын Жолун гана ээрчигиле».*** (Анъам: 90).

Бул аят салихтердин хидаятын ээрчүүгө болгон ачык чакырык болуп саналат. Ал ой жүгүртүүнүн же материалдык пайда табуунун темасы эмес. Ошол салихтердин эң көрүнүктүүлөрүнүн бири — Пайгамбарыбыз ﷺ өмүрүнүн акырында ооруп жаткан маалда аны мусулмандарга намазда имам болууга тандап койгон улуу сахаба Абу Бакр ас-Сыддык رضي الله عنه . Абу Бакр رضي الله عنه Исламга

толук берилүүнүн жана Пайгамбарыбыздын ﷺ сүннөтүн ээрчүүнүн эң жогорку даражасын көрсөттү. Ал Расулуллах ﷺ дүйнөдөн өткөндөн кийин Ислам мамлекетинин иштерин тактык жана таквалык менен жөнгө салып, ыйман биримдигинин негиздерин сактап, башкарууну Аллахтын шариатынын толук камтуусунда бекемдеди.

Пайгамбарыбыз ﷺ дүйнөдөн өткөндөн кийин Абу Бакр رضي الله عنه халифа болуп шайланганда эл Сакыфа Бани Саида деген жерде чогулуп, ага жалпы байъат беришти. Ал бийликке умтулуп эмес, үммөттү коргоо жана Аллахтын шариатын орнотуу үчүн жоопкерчиликти алган. Ал мусулмандарга айткан биринчи хутбасында мындай деген:

«يا أيها الناس، قد وُليت عليكم ولست بخيركم، فإن أحسنتم فأعينوني، وإن أسأتم فقوموني... أطيعوني ما أطعتُ الله ورسولَه، فإذا عصيتُه فلا طاعة لي عليكم»

«Эй, адамдар! Мен силерге башчы болуп дайындалдым, бирок силердин эң жакшыңар эмесмин. Эгер жакшы иш кылам десем, мага жардам бергиле, эгер туура эмес иш кылам десем, мени оңдогула… Мен Аллахка жана Анын Элчисине баш ийип турганымча силер да мага баш ийгиле. Эгер Аллахка каршы чыксам, анда силер үчүн мага баш ийүү жок».

Муну менен ал Аллахтын шариатына гана негизделген шарттуу баш ийүүнүн принциптерин түптөдү.

Абу Бакр رضي الله عنه ар тараптан каптаган фитналарга карабастан, Пайгамбарыбыз ﷺдын тарикаты менен Ислам мамлекетин бекемдөөдө туруктуу болду. Ал “ридда согуштары” деп аталган окуяларда – айрым араб уруулары зекет берүү фарзынан баш тартып, динден чыгып кеткенде – чечкиндүү позиция карманды.

Умар رضي الله عنه ага:

«أُمِرت أن أقاتل الناس حتى يقولوا لا إله إلا الله»

«Пайгамбарыбыз ﷺ: «Адамдар «Ла илаха илла Аллах» дегенче алар менен согушууга буйрулдум» деп айткан эмеспи, анда булар менен кантип согушасың?» - деп сураганда, Абу Бакр эч шек санабастан мындай жооп берди:

«وَاللَّهِ لَأُقَاتِلَنَّ مَنْ فَرَّقَ بَيْنَ الصَّلَاةِ وَالزَّكَاةِ... وَلَقَاتَلْتُهُمْ عَلَى مَنْعِهَا».

«Аллахка ант! Ким намаз менен зекетти ажыратса, мен алар менен согушам! Зекетти берүүдөн баш тарткандарга да каршы согушам!».

Бул чечкиндүү позиция анын ыйманынын бекемдигин жана Ислам өкүмдөрүн орнотуу менен үммөттүн биримдигин сактоо эң жогору турганын түшүнгөнүн көрсөтөт. Анткени мамлекет башчысы шариат өкүмдөрүн ишке ашырууда эч убакта этияттанбоого тийиш. Дал ушундай туруктуулук гана Ислам үммөтүн кыйроодон сактайт.

Ошондуктан халифа Абу Бакр ас-Сыддык رضي الله عنه шариат өкүмдөрүнө толук баш ийген, ага эч нерсе кошпогон жана кемитпеген. «Исламдагы башкаруу түзүмү» аттуу китебинде Хизб ут-Тахрир мындай дейт:

«الطاعة للحاكم المسلم الذي يحكم بالإسلام فرض ... ولا طاعة في المعصية».

«Ислам менен өкүм жүргүзгөн мусулман башкаруучуга баш ийүү — фарз… Ал эми күнөөгө (Аллахка каршы келген ишке) баш ийүү жок».

Имам Маварди да «Аль-Ахкам ас-Султания» аттуу эмгегинде бул маанини тастыктап мындай дейт:

«فَفَرَضَ عَلَيْنَا طَاعَةَ أُولِي الْأَمْرِ فِينَا»

«Бизге өз ишибизде бийлик ээлерине (халифага) баш ийүү фарз кылынды".

Бул мусулмандар үчүн Аллахтын шариатын колдонууда халифага баш ийүү зарыл экенин билдирет. Демек, Абу Бакр رضي الله عنه Аллахтын өкүмдөрүн аткарууда үммөттүн атынан иш алып барган наиб (өкүл) болгон, ал каалаганын мыйзамга айланткан падыша же элдин каалоосуна жараша өкүм чыгарган башкаруучу да болгон эмес.

Мына ушул шаръий саясий түшүнүктөрдүн баары бир маанини көрсөтөт: үммөттүн жана жалпы адамзаттын кризистерине чыныгы шаръий чечим Аллах түшүргөн шариатты толук колдонгон, пайгамбарлык минхажындагы рашид Халифалыкты кайра тикелөө болуп саналат. Дал ушул түзүм аркылуу үммөт өз улуулугун жана биримдигин калыбына келтирип, кайрадан дүйнө жүзүндө башкы орунга чыгат.

Аллах Таала айтат:

﴿هَٰذَا بَلَٰغٌ لِّلنَّاسِ وَلِيُنذَرُواْ بِهِۦ وَلِيَعۡلَمُوٓاْ أَنَّمَا هُوَ إِلَٰهٌ وَٰحِدٌ وَلِيَذَّكَّرَ أُوْلُواْ ٱلۡأَلۡبَٰبِ﴾

***«Бул** (Куран) **адамдар эскертилүүлөрү жана** (Алла) **Жалгыз Кудай экендигин билүүлөрү, ошондой эле акыл ээлери үлгү-эскертме алуулары үчүн** (Аллах тарабынан тушүрүлгөн) **бир аят-кабар».*** (Ибрахим: 52). ❑

# «КООМДУК КЕЛИШИМ» ТЕОРИЯСЫ ИСЛАМДАГЫ «БАЙЪАТ» ТҮШҮНҮГҮНӨ ТЕҢ ЭМЕС

Көптөгөн агартуучу ойчулдар жана кээ бир мусулман интеллигенттери Жан-Жак Руссо жана башка европалык ойчулдар иштеп чыккан «коомдук келишим» теориясын Исламдагы байъат менен салыштырышат. Бирок мындай салыштыруу такыр туура эмес.

Руссо жана агартуу доорунун башка философтору үчүн коомдук келишимдин темасы бийликке ким жана кантип келет деген суроо эмес, тескерисинче адамдардын жашоо тартиби кандайча белгиленет деген маселе болчу. Коомдук келишим теориясынын негизги түшүнүгү — адамдар жашоонун белгилүү бир тартибине өз ара макул болушат: коом мүчөлөрү өздөрүнүн жеке эркиндиктеринин бир бөлүгүн жамааттык нормаларга ылайыкташуу үчүн өткөрүп беришет. Андан кийин алар дайындаган башкаруучуну ушул макулдашылган жашоо тартибине баш ийүүгө жана өздөрү кабыл алган мыйзамдарды, эрежелерди аткарууга милдеттендиришет. Демек, булардын баары — конституция, мыйзамдар, жоболор — келишимдин натыйжасында пайда болот.

Мына ушул негизде кийинчерээк «демократия» термини ошол эле идеяны билдирүү үчүн колдонулуп калды, анткени Руссо жана башка агартуу доорундагы философтордун убагында мындай термин кеңири жайылбаган болчу. Ал кийин байыркы грек тарыхынан кайра алынган жана эл мыйзам чыгаруу укугуна ээ экенин, башкаруучуну тандоо жана андан жооп талап кылуу укугу да элге тиешелүү экенин билдирүү үчүн колдонулуп калган.

Ошондуктан эл башкаруучуну тандайт деген окшоштук эле бар деп, «коомдук келишим теориясы» Исламда да бар же Ислам Жан-Жак Руссого жана европалыктарга чейин эле бул теорияны негиздеп койгон деп айтууга болбойт. Жок, «коомдук келишим» теориясынын Исламга эч кандай тиешеси жок, ал Исламдын алып келген өкүмдөрүнө окшош эмес жана андан түп-тамырынан айырмаланат.

Ал эми Исламдагы байъат түшүнүгү башка негизге таянат. Ал – Аллахтын шариятын колдонууга ант берүү, башкача айтканда халифаны Аллахтын мыйзамдарын жүзөгө ашыруу үчүн байъат менен милдеттендирүү. Мында бийликтин булагы эл эмес, Аллах Таала болуп эсептелет, ал эми эл Аллахтын өкүмдөрүн ишке ашырууга ыйгарым укук берүүчү катары халифага байъат берет.

Ошондуктан эл халифаны тандаганы менен, шариатты аныктай турган же өзгөртө турган укукка ээ эмес, бул Ислам менен «коомдук келишим» теориясынын ортосундагы негизги жана түпкү айырма.

Жыйынтыктап айтканда:

— Эл халифага байъат берет, бирок мыйзам чыгаруу укугу Аллахка гана таандык.

— Руссо айткан «коомдук келишимде» мыйзам чыгаруучу эл болот.

Ошентип, бул экөө түп тамырынан айырмаланат, Исламдагы байъат — шарияткa негизделген руханий жана саясий ант, ал эми «коомдук келишим» — инсаний эркке жана секулярдык мыйзамга негизделген келишим.

«Коомдук келишим» теориясында коом өз алдынча жашоо тартибин жана мыйзамдарын аныктап, андан кийин бийликке ошол мыйзамдарды ишке ашыруу милдетин жүктөйт. Башкача айтканда, эл мыйзам чыгаруучу жана башкаруучуга мыйзамды аткарууну буйрук кылуучу болуп саналат.

Исламда болсо, элге да, башкаруучуга да шариаттан башка мыйзам тандоо укугу берилбейт. Эл да, халифа да Аллахтын шариат мыйзамдарына толук баш ийүүгө милдеттүү. Аллах Таала айтат:

﴿وَمَا كَانَ لِمُؤْمِنٍ وَلَا مُؤْمِنَةٍ إِذَا قَضَى اللَّهُ وَرَسُولُهُ أَمْرًا أَنْ يَكُونَ لَهُمُ الْخِيَرَةُ مِنْ أَمْرِهِمْ ۗ وَمَنْ يَعْصِ اللَّهَ وَرَسُولَهُ فَقَدْ ضَلَّ ضَلَالًا مُبِينًا﴾

***«Аллах жана Анын пайгамбары бир иштн өкүм кылган убакта бир да момун эркек жана момун аял үчүн (Аллахтын өкүмүн таштап коюп) өз иштеринен бирээр ишти тандоого уруксат эмес. Ким Аллахка жана Анын пайгамбарына күнөөкөр болсо, демек, ал анык адашуу менен адашыптыр».*** (Ахзаб: 36)

Ошондуктан Ислам мамлекетинде мыйзам чыгаруучу бийлик элдин колунда болбойт, ошондой эле бийликке же мамлекетке өз каалоосу менен мыйзам таңуулаган «парламент сыяктуу» орган да болбойт.

Исламдагы жалгыз ыктыярдуу келишим — бул бийлик менен үммөт ортосундагы байъат келишими. Анда эл халифаны тандайт жана ага Аллахтын өкүмдөрүн ишке ашыруу милдетин жүктөйт. Бирок:

- Үммөт шарияттан башка мыйзамдарды талап кылууга укуктуу эмес;
- Халифа да элдин каалоосуна жараша шариаттан тыш мыйзамдарды кабыл алууга же башка системаны тандоого укуктуу эмес.

Демек, Исламдагы байъат — бул Аллахтын шариатын колдонуу боюнча милдеттүү ант. Ал эми Жан-Жак Руссонун «коомдук келишим» теориясы — элдин каалоосуна негизделген секулярдык мыйзам чыгаруу концепциясы. ❑

# ГАЗАДАГЫ БИР ТУУГАНДАРЫБЫЗГА ЖАНА ЭЛИБИЗГЕ КАТ

Оо, сабыр кылган, Исламдын эң улуу чептеринин биринде бекем турган мужахиддер! Билип койгула, силер туш болуп жаткан бул сыноо жана азап — бул дүйнөдөгү урматка жана акыреттеги жогору даражага жеткирүүчү жол. Аллах Таала силерди муну менен сынап, тазаланышыңарды жана даражаңарды көтөрүүнү каалады. Ал айтат:

﴿قُل لَّن يُصِيبَنَآ إِلَّا مَا كَتَبَ ٱللَّهُ لَنَا هُوَ مَوۡلَىٰنَاۚ وَعَلَى ٱللَّهِ فَلۡيَتَوَكَّلِ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ﴾

***«Айткын: «Бизге Жалгыз Аллах биз үчүн жазып койгон гана нерсе жетет. Ал биздин Эгебиз. Демек, ыймандуу адамдар Аллахка гана таянышсын!»*** (Тообо: 51).

Демек, لَكُم – Аллах силердин пайдаңарга жазды, عَلَيْكُم – силердин зыяныңарга эмес. Бул аркылуу силердин сообуңарды жана бекемдигиңерди арттырды, тууңарды элдер арасында жогору көтөрдү.

Билгиле, жер жүзүндө же адамда кандай гана балээ болбосун, ал Аллахтын алдында алдын ала жазылган. Ал айтат:

﴿مَآ أَصَابَ مِن مُّصِيبَةٖ فِي ٱلۡأَرۡضِ وَلَا فِيٓ أَنفُسِكُمۡ إِلَّا فِي كِتَٰبٖ مِّن قَبۡلِ أَن نَّبۡرَأَهَآۚ إِنَّ ذَٰلِكَ عَلَى ٱللَّهِ يَسِيرٞ﴾

***«Жерге да жана өзүңөргө да эч бир кырсык оор күн жетпес, бирок*** *(жетсе)* ***Биз аны пайда кылышыбыздан илгери Китепте*** *(жазылган)* ***болот. Албетте, бул Аллахка оңой».*** (Хадид: 22).

Ошентип, ишеним бекем болсун, силерден өтүп кеткен нерсе силерге келмек эмес, силерге келген нерсе силерден өтүп кетмек эмес.

Бул — момундардын тарыхында дайыма кайталанып келген суннат. Ар бир үммөт сабыр менен сыноону көтөргөн соң Аллах аларга жер үстүн мурастап берди. Бул бүгүнкү көрүнүш Муса عليه السلامдын коому башынан өткөргөнү сыяктуу. Ал кезде Фиръаун коркутуп мындай деген:

﴿سَنُقَتِّلُ أَبۡنَآءَهُمۡ وَنَسۡتَحۡيِۦ نِسَآءَهُمۡ وَإِنَّا فَوۡقَهُمۡ قَٰهِرُونَ﴾

***«Алардын уулдарын өлтүрүп, аялдарын тирүү калтырабыз. Албетте, биз алардын үстүнө үстөмдүк кылуучубуз».*** (Аъраф: 127).

Бул сүрөттөлүш бүгүн силердин душманыңардын абалына окшобойбу? Балдарды, аялдарды бутага алып, өз күчүнө ишенип үстөмдүк кылгысы келгендерди көрүп жатабыз!

Ошондо Мусанын коому чарчап, үмүтү үзүлүп мындай дешкен:

﴿قَالُوٓاْ أُوذِينَا مِن قَبۡلِ أَن تَأۡتِيَنَا وَمِنۢ بَعۡدِ مَا جِئۡتَنَاۚ﴾

***Алар айтышты: «Сен бизге*** *(пайгамбар болуп)* ***келишиңден мурда да, сен келгенден кийин да азап көрдүк».*** (Аъраф: 129).

Бул — узак азаптан жана алсыздыктан чыккан кайгы сөздөрү эле. Бирок Муса عليه السلام Аллахтын убадасын жана жеңиштин сүйүнчүсүн айтып мындай жооп берген:

﴿قَالَ عَسَىٰ رَبُّكُمۡ أَن يُهۡلِكَ عَدُوَّكُمۡ وَيَسۡتَخۡلِفَكُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ فَيَنظُرَ كَيۡفَ تَعۡمَلُونَ﴾

***«Ал*** *(Муса)* ***айтты: «Балким Роббиңер душманыңарды жок кылып, силерди бул жерге халифа*** *(орун басар)* ***кылаар жана кандай амалдарыңарды кылаарыңарды көрөөр».*** (Аъраф: 129).

Муса عليه السلام аларга бийлик жана мураска ээ болуунун жолу сыноого сабыр кылуу аркылуу гана ачылат, ал эми зулум канчалык күчтүү болбосун, анын акыры жок болуу менен бүтөрүн үйрөткөн. Жакшы акыбет таквалар үчүн гана болот!

Силер бүгүн, ошол сыяктуу абалда туруп, ошол эле сөздөрдү абалыңар менен айтып жатасыңар. Бирок жооп да ошол эле —эгерде силер бекем туруп, чынчыл болуп, Аллахтын жолунда сабыр менен туруктуу болсоңор, силердин Эгеңер душманыңарды кыйратат жана силерди алардын артынан жерге мураскер кылат.

Ошондуктан, сабыр кылгыла, чыдагыла жана Аллахтын жолунда бекем тургула, анткени Аллахтын убадасы акыйкат.

Пайгамбарыбыз ﷺ бизге балээге жок дегенде ишеним жана тобокел көзү менен кароону үйрөткөн. Ал Ибн Аббаска мындай деген:

«واعلم أن الأمة لو اجتمعت على أن يضروك بشيء لم يضروك إلا بشيء قد كتبه الله عليك.»

**«Билгин, эгер элдин бардыгы сага бир жамандык кылуу үчүн биригишсе да Аллах сага жазган нерседен башка эч нерсе кыла алышпайт».** (Ат-Тирмизи риваяты).

Демек, силер менен болуп жаткан нерсе душмандын эмес, Аллахтын колунда. Силердин ырыскыңар да, ажалыңар да, даражаңар да бир гана Аллахтын алдында.

Оо, Газадагы туугандарыбыз! Силер бүгүн пайгамбарлар менен салихтердин ордунда турасыңар, зулумга каршы акыйкатты коргоо ордунда турасыңар. Ар бир оорунар, ар бир жараатыңар, ар бир шахидиңер — сооп таразаңардагы азык жана даражаңарды көтөргөн бейиштик белек.

Аллах силер менен жана анын жардамы жакын. Ошондуктан сабыр кылгыла, бекем тургула жана сүйүнгүлө, анткени Аллах силерге убада кылган бейиш, бийик даража жана бул дүйнөдөгү азиздик сабыр жана курмандык аркылуу гана келет.

Аллах силерди бекем кылсын, Өз жардамын жиберсин, жүрөктөрүңөрдү чыңдап, кадамдарыңарга нур берсин жана силерге жакын арада ачык жеңишти жана боштондукту насип кылсын!

---

«Аль-Ваъй» журналынын расмий баракчасы:
http://www.al-waie.org
«Аль-Ваъй» журналынын Фейсбуктагы расмий баракчасы:
https://www.facebook.com/alwaie
«Аль-Ваъй» журналынын Телеграмдагы расмий каналы:
https://telegram.me/alwaie
«Аль-Ваъй» журналынын Твиттердеги расмий аккаунту:
https://twitter.com/alwaiemagazine
«Аль-Ваъй» журналынын Инстаграмдагы расмий каналы:
https://www.instagram.com/alwaiemagazine/. ❑